441
442


Аң-сезим
Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз сегизинчи жыл чыгышы, шаввал-зулкаъда 1444-х. – май-июнь 2023-м.

*Ал-Ваъй сөзү:*

## Судандагы кандуу окуялар: Бурхан-Хамидатий...
## Болуп көрбөгөн кыянаттык



**Яхудий өкмөтүнүн келечеги... Ички жана тышкы басымдар ортосунда**

**Батыштын хазарий бузгунчулугу – гомосексуализмге чейики ар кандай бузгунчулуктун «инкубатору»**

**Аял жана даъватты жаюу**

**Ислам дияры**

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

441
442

Отуз сегизинчи жыл чыгышы,
Шаввал-зулкаъда
1444х
май-июнь 2023м

# Ушул санда

– ***Ал-Ваъй сөзү:*** Судандагы кандуу окуялар: Бурхан-Хамидатий... Болуп көрбөгөн кыянаттык ................... 3

– Дүйнөлүк система Ислам жана мусулмандарга каршы... Пакистандын өнүгүү жолу – Исламга кайтуу жана Халифалык мамлекетин тикелөө ........................ 9

– Яхудий өкмөтүнүн келечеги... Ички жана тышкы басымдар ортосунда.................................................. 19

– Батыштын хазарий бузгунчулугу – гомосексуализмге чейики ар кандай бузгунчулуктун «инкубатору» ........................................................ 28

– Ааламдын пайда болушу жөнүндөгү таълимат жана чоң жарылуу назариясы (1) ............................. 46

– Пайыздуу тышкы карыздар саясаты – Батыштын өлкөлөрдү жана элдерди кулга айланткан жырткыч капиталистик жахилий саясаты ................................ 55

– Аял жана даъватты жаюу .................................... 65

– Ислам дияры........................................................ 68

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***.................. 73

– ***Куръани Карим сабагында*** .................................. 80

– ***Бейиш бактары:*** «Аллах назарында дүйнөнүн кыйрашы бир мусулмандын өлтүрүшүнөн жеңилирээк» (1) ....................................................... 86

– Оор учурдагы бекем позициялар (1) .................. 94

– ***Алардын хидаятына ээрчигиле:*** Кайс ибн Саъд ибн Уббада Хазражий............................................... 99

– ***Соңку сөз:*** Укук илимдеринин профессору Ной Фельдман: Саид дүйнөдөгү эң таасирдүү исламий демократты камакка алды............................................ 103

– «Душман мамлекеттер» китеби Индия менен баскынчы (израиль) ортосундагы мамилелердин бекемделишинин сырын ачып берет ......................... 104

НУСКА БААСЫ

Ливан 1000 лира
Яман 30 риял
Түркия 1 доллар
Пакистан 1 доллар
Австралия 2,5 доллар
Америка 2,5 доллар
Канада 2,5 доллар
Германия 2,5 евро
Швеция 15 крон
Бельгия 1 евро
Британия 1 евро
Швейцария 2 франк
Австрия 1 евро
Дания 15 крон

بسم الله الرحمن الرحيم

# СУДАНДАГЫ КАНДУУ ОКУЯЛАР:БУРХАН-ХАМИДАТИЙ... БОЛУП КӨРБӨГӨН КЫЯНАТТЫК

Судандагы бийлик үчүн күрөш жаңылык эмес. Бүгүн болуп жаткан кандуу, ырайымсыз күрөш Америка Судан армиясынын командачысы Абдулфаттах Бурхан менен Ыкчам аракет күчтөрүнүн командачысы Мухаммад Хамадан Даклу Хамидатийге сызып берген план боюнча барууда. Максат – бийлик англистер жана европалыктар менен байланышта болгон жарандык түзүлүштүн колуна өтүп кетишине жол бербөө. Америка бул күрөштү каралап жаткан болсо да, бирок, аны өзү башкарып жаткандыгы ачык көрүнүп турат. Ал бул кара ниет вазыйпага бири-бири менен сүзүшө турган, жамандыкта бири-биринен калышпаган эки «кочкорду» тандады. Экөөсү тең өз эли жөнүндө таптакыр ойлобогон, бийликке өтө өч болуп, «капчыктары» үрөй учурган кандуу кагылушууларга толуп ташкан. Экөөсү тең ээлеген деңгээли себептүү аскерий күчтөрдү өз чеңгелинде кармап келишүүдө. Мындан, бул экөөсү ортосундагы күрөш бүткүл өлкөнү ойрон кылат деп түшүнсө болот... Америка мусулмандарга каршы бардык исламий өлкөлөрдө эч кимди аябаган, суу-жерди бирдей өрттөгөн кылмыштуу пландарды түзүшү баарына белгилүү... Учурда кезек Суданга келди. Судан да башка мусулман өлкөлөрү сыяктуу калкы аруу табияттуу, табигый ресурстарга бай, бирок, өкүмдарларынын зулумунан запкы чегип, жакыр жашоодо жашап жаткан өлкө...

Бул кандуу окуялар мусулмандар согуш харам кылынган ай деп эмес, фатх жана жеңиштер айы деп билген Рамазан айында алоолонду... Ооба, мубарек Рамазан айынын урматына эч бир сый көрсөтүлбөй, Суданды ушул эки адамдын ыфлас колдору менен ойрон кылуу жараяны башталды. Америка расмийлери бул кандуу окуялар узакка созулушу мүмкүн деген ыктымалды билдиришти. Мындан белгилүү болгондой, алар ушул окуяларды узак убакытка созула тургандай кылып пландашкан. Блинкендин «бул ички күрөш» деген билдирүүсү жаман ниеттеги аралашуу болуп, алар бул аралашуу дагы да чоңураак түс алышына парда артынан туруп аракет кылышты жана аракет кылышууда. Чет мамлекеттердин жана араб мамлекеттеринин жарандарын кеңири көлөмдө эвакуациялоого катуу этибар берилгени

бул жерде дагы узакка созула турган каргашалуу сериал пландалганына ишара болот. Бул каргаша оюнду эч бир жакшы фазилетке ээ эместиги ачык-айкын көрүнүп турган эки адам баштады... Алардын бийликке өтө өчтүгүн эсепке алсак, бул нерсе ушул кандуу согуштан кийин Суданды бөлүү анык нерсе деген божомолгон жол ачат. Анткени, Американын планы боюнча экөөсүнүн эч бири бул күрөштү бир жаңсыл чече албайт. Муну менен Америка Суданды күрөш алоолонгон эки регионго бөлүп, ар бирине ушул командачылардын бирин дайындайт. Бул план боюнча көрүнүп тургандай, англистерге көз каранды, бийлик үчүн Европанын пайдасына күрөшө турган жарандык түзүлүштөн эч нерсе калбайт.

Мындай ички күрөштөрдө Американын адамдарга каршы тымызын тил бириктириши саясий жана аскерий сахнада адаттагы абалга айланган. Кошмо Штаттары бул тил бириктирүүлөрдү ушул мамлекеттеги күч борборлоруна өзү орноткон арамза адамдар аркылуу ишке ашырат. Андан кийин ошол мамлекеттин майданын «кочкорлорго» жана алардын ортосундагы күрөшкө даярдайт. Муну ушул арамзаларга – алар адашып, кулашы үчүн – Американын региондогу мусулман өкүмдарлардан турган башка малайлары даярдап берет. Демек, бул каргаша тышкы күчтөр тарабынан уюштурулуп, анык план жана өлкө ичиндеги жергиликтүү малайлар жардамында ишке ашырылууда... Согуш башталышы менен эле, бул каргашалуу көрүнүш жергиликтүү маалымат каражаттарында, регионалдык жана эл аралык телеканалдарда көрсөтүлө баштады. Мисалы, курмандардын саны жана жеткен зыяндардын көлөмү жөнүндөгү статистикалык маалыматтар, кыргын, ойрондулуктун видео-сүрөттөрү, ал жөнүндө түшүндүрмө жана качкындар, жардамдардын жеткирилиши, алардын айланасындагы кооп-коркунучтар жана катардагы жарандардын курчоодо калышы, гуманитардык абалга көңүл буруу о.э. аскерий кагылышуулар, расмий жана аскерий борборлорду басып алынганы жөнүндө кабарларды таратуу, сүзүшүп жаткан ушул эки «кочкордун» бири-бирин айыптаган билдирүүлөрүн уктуруу сыякттуулар башталды. Акыбетте мамлекетти саясий жана аскерий жактан талкалап, ойрон кылуу үчүн согушкерлерди дагы да кужүрмөн аракетке, ал эми, адамдарды ал же бул тарапка жан тарттыра турган пассивдүү абалга алып келе турган божомолдорду айтуу башталды...

Адаттагы абалга айланып калбашы керек болгон нерсе – адамдар кантип болсо да, бир гана жандарын, өмүрлөрүн, үй-бүлөлөрүн, үй-жайларын жана тиричиликтерин сактап калуу аракетинде болуп, согуш курмандарына айлануу позициясын карманып жатышканын

көрүп жатабыз. Негизи, болуп жаткан окуялар туурасында алардын айта турган сөзү болушу керек. Алар бул фитнага кескин каршы турушу кажет. О.э. өз ара чатакташып жаткан тараптар колонизатордун малайлары экенин, алар өздөрүнүн гана жеке кызыкчылыктарын көздөгөн кимселер экендигин, калктын өкүлдөрү эместигин, ошондуктан, аларды четке кагуу зарылдыгын ачык жарыялашы керек... Дагы өзгөчө баса белгилеп кетсек, адамдар колонизаторго көз каранды, илманий-секулярдык жана адамдардан үзүлгөн партияларга эмес, тескерисинче, Судандын пакиза мусулман калкынын арзуу-үмүттөрүн чагылдырган калыс жана аң-сезимдүү саясий партияларга ээ болушу керек... Кафир Батыш адамдардын динди өкүмдар кылууга умтулуусун жактырбайт. Ошондуктан, Батыш аларга эч бир мааниси да, аброй-этибары да жок болгон, жагымсыз илманий саясий партияларды пайда кылып берүүдө. Бул партиялар өз ролдорун аларды пайда кылган элчиканалардан жана үгүттөлгөн массалык маалымат каражаттарынан алууда... Ооба, адамдар эч болбогондо бул чыр-чатакка чекит коё турган күчтүү басым өткөрүшү керек... Ал эми, шаръий түрдө талап кылына турган нерсе – адамдардын режимдерди кулатып, алардын ордуна Аллах буюрган бийликти тикелөө менен өзгөрүү жасоо жөнүндө өз сөзү болушу керек. Мусулмандар үчүн ушул нерсе гана бул дүйнө жана Ахыретте нажат алып келет.

Адаттагы абалга айланып калбашы керек болгон дагы бир нерсе – офицер жана аскерлерден турган Судан армиясы түпкүлүгүндө аларга эч бир тиешеси болбогон мындай күрөшкө катышуусу... Мурун Ыкчам аракет күчтөрүнүн катарында кызмат кылган аскерийлердин да, армия күчтөрүндө кызмат өтөгөн аскерийлердин да Хамидатий жана Бурхандын жеке кара ниет максаттары үчүн согушка кириши таптакыр дурус эмес... Себеби, мусулмандардын бири-бирине каршы кылыч көтөрүшү харам болуп эсептелет. Мында өлтүргөн да, өлтүрүлгөн да тозокто болот, Аллахтын алдында экөсүнүн эч биринин бир да үзүрү болбойт. Абу Бакр ﵁дан ушул риваят кылынат:

«**إذَا التَقَى المُسْلِمَانِ بسَيْفَيْهِما فَالقَاتِلُ والمَقْتُولُ في النَّارِ**، فَقُلتُ: يا رَسولَ اللَّهِ، هذا القَاتِلُ فَما بَالُ المَقْتُولِ؟ قالَ: **إنَّه كانَ حَرِيصًا علَى قَتْلِ صَاحِبِهِ**»

Мен Расулуллах ﷺдын: **«Эки мусулман бири-бирине каршы кылыч көтөрсө, катыл** (өлтүргөн) **да, мактул** (өлтүрүлгөн) **да тозокто», -** деп айтканын уктум. Ошондо: “Катылдын иши түшүнүктүү, мактул эмне үчүн тозокто болот?”, - деп сурадым.

Пайгамбарыбыз ﷺ: **“Ал да өз шеригин өлтүрүүгө ынтызар эле”**, - деп жооп берди».

Демек, аскерийлердин ар бири Бурхан жана Хамидатийдин эмес, өз дининин ансарлары болушу керек. Антпесе, ошолор менен бирге тозокто болушат. Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ فِرْعَوْنَ وَهَٰمَٰنَ وَجُنُودَهُمَا كَانُواْ خَٰطِـِٔينَ﴾

***«Албетте, Фиръавн, Хаман жана алардын аскерлери ката кетирүүчү болушту»*** [28:8]

Чамасы, бул кандуу күрөш мамлекеттин бөлүнүшү о.э. Бурхан менен Хамидатий аскерий формалардын ордуна жарандык кийим кийип, бийлик тизгинин колго алуусу менен бүтүшү пландалган көрүнөт. Ушул таризде бийлик башына өз малай жана «куйруктары» жардамында, саткын жана илманийлер аркылуу Америка жана Батыш мамлекеттери келет.

**Эй, Судан мусулмандары!** Албетте, силердин үстүңөрдө жана башка исламий калктар үстүндө Аллахтын акысы бар. Ал да болсо, жашооңорду Аллахтын буйругуна негиздеп куруп, Аллах түшүргөн өкүмдөргө кайрылышыңар о.э. Аллах түшүргөн дин менен өкүм жүргүзө турган өкүмдарды шайлап, исламий жашоодо жашашыңар, ушул акыйкат үстүндө бекем туруп, бул жолдо жанды курман кылышыңар. Бүгүнкү күндө силер жана силер сыяктуу башка мусулмандарга каршы өз өлкөңөрдө мына ушундай окуялар жүз берип жатат. Негизи, бул өлкөлөр түпкүлүгүндө бир өлкө болушу керек эле. О.э. кафир Батыш каалооңордон куру калтырып, силерди Батыштын ач көз каалоолорунун жана пландарынын курмандыгына айлантышууда... Демек, силер булардын бардыгын о.э. үстүңөргө зомбулук менен орнотулган саткын, кылмышкер аскерий жетекчиликти катъиян четке кагышыңар зарыл. Бул жетекчилик өз динин кожоюндарына сокур тыйынга арзыбаган дуняга сатышты. О.э. силер үстүңөргө орнотулган илманий саясий жамааттарды да четке кагып, алар силердин эч бир нерседе өкүлүңөр эместигин, силер үчүн бирден-бир куткаруучу долбоор болгон Халифалык мамлекети көлөкөсүндө бир бүтүн Уммат болуу долбоорун көтөрүп чыгып жаткан кишилер өкүлүңөр экенин ачык жарыя кылышыңар зарыл. Анткени, Халифалык мамлекети диниңерди коргоп, бакубат жана тынч жашооңорду камсыздайт жана силер үчүн Исламды бүткүл дүйнөгө жаюу дарбазаларын ачат. Силер ушуларды ачык жарыя кылышыңар керек. Аллахты

ыраазы кыла турган нерсе мына ушул, Ал силерди ушул нерсе үчүн жараткан... Демек, козголгула, болуп жаткан кандуу окуяларга нааразылыгыңарды билдиргиле, согуштун курмандары гана болууну токтоткула... Бири-биринен жаман бул эки «кочкордон» баш тартып эле калбастан, башыңарга жана өлкөңөргө мусибат болгон бул кыргын, коркутуу, кыйроо жана ойрондулуктардын бардык жоопкерчилигин экөөсүнүн мойнуна жүктөгүлө...

**Эй, Судан армиясындагы офицер жана аскерлер,** силер учурда чабандез сыяктуусуңар. Бирок, тизгин силердин колуңарда эмес. Акыйкатта болсо, Аллахтын динине жардам берүү үчүн тизгин чабандездин колунда болушу керек... Эй, офицер жана аскерлер, силер армия сабында болосуңарбы, же Ыкчам аракет күчтөрүнүн сабындабы, айырмасыз, эң оболу мусулмансыңар. Ушул себептүү, бул кандуу окуялар алдында силерден талап кылынган нерсе ушул – оболу өз ара күрөшүп жаткан бул эки кылмышкердин колундагы жана Батыш мамлекеттеринин кафирлеринин колундагы өлтүргүч куралы болуп калбагыла, өз диярыңарды өз колуңар менен ойрондуга айлантпагыла, элиңерди өз колуңар менен өлтүрбөгүлө, өлкөңөрдү өз колуңар менен ойрон кылбагыла... Силерден биринчи кезекте бул кыргынга каршы туруу, аны уюштуруп жаткандарды куугунтуктоо, алардан мыйзамдуулукту тартып алуу жана буйруктарына моюн сунбоо талап кылынат... Ыйманыңар силерди бул окуялардан мурун да, жүз берип жаткан учурда да, алардан кийин да Аллахтын динине нусрат-жардам берүүгө үндөсүн. Себеби, бул – мойнуңардагы шаръий вазыйфа... О.э. силер мындай каргаша абалдарга толук чекит коюшуңар үчүн Исламды бийликке алып келе турган күч болушуңар керек.

**Эй, мусулман офицер жана аскерлер!** Аллахтын ансарлары болгула. Ушуну жакшы билгиле, Аллах Кыямат күнү кылган амалыңар жөнүндө сурайт. Демек, Кыямат күнү Фиръавн жана Хамандын аскерлери Фиръавн менен бирге тирилгендей, силер да Бурхан дана Хамидатий менен бирге тирилүүнү каалайсыңарбы? Өз калкыңарды өлтүрүү, ырыскыңарды бүлгүн кылуу, Америка өз ара сүзүшүп жаткан ушул эки «кочкордун» бири аркылуу Судандагы бийликти өз колуна алышына мүмкүнчүлүк жаратуу тууралу жетекчилериңер тарабынан берилген буйруктарды аткарышыңар жаизби? «Израилден» бул кайгылуу окуяларда ортомчулук кылуу үчүн жардам суроо жаизби? Силер ушул өз ара күрөшүп жаткан эки «кочкор» – экөөсү «израиль» менен алакада кылып жатышса

же өз кызыкчылыктары үчүн Рамазан айында согушуп жатышса – канчалык төмөн экендиги жөнүндө фикирлебейсиңерби... Жүздөгөн өлтүрүлгөн, он миңдеген жараат алган жана качкынга айланган адамдар үчүн жоопкерчилик Кыяман күнү Бурхан жана Хамидатийдин мойнунда болот. Демек, силер да бул туурасында Аллахтын алдында жоопкер болууга ыраазысыңарбы?

Эй, мусулман офицер жана аскерлер, диниңерге нусрат-жардам берүүгө шашылгыла, Роббиңер Табарака ва Тааланын ушул силерге жолдогон кайрылуусуна лаббей деп жооп бергиле:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُونُوٓاْ أَنصَارَ ٱللَّهِ كَمَا قَالَ عِيسَى ٱبۡنُ مَرۡيَمَ لِلۡحَوَارِيِّـۧنَ مَنۡ أَنصَارِيٓ إِلَى ٱللَّهِۖ قَالَ ٱلۡحَوَارِيُّونَ نَحۡنُ أَنصَارُ ٱللَّهِۖ فَـَٔامَنَت طَّآئِفَةٞ مِّنۢ بَنِيٓ إِسۡرَٰٓءِيلَ وَكَفَرَت طَّآئِفَةٞۖ فَأَيَّدۡنَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ عَلَىٰ عَدُوِّهِمۡ فَأَصۡبَحُواْ ظَٰهِرِينَ﴾

***«Эй, момундар, силер да Аллахтын жардамчылары болгула! Ийса ибн Марям хаварийлерге: «Аллахка*** *(т.а. Анын динине даъват кылышымда)* ***ким менин жардамчым болот?» дегенде, хаварийлер айтышты: «Биз Аллахтын*** *(динине)* ***жардам берүүчүлөрбүз». Демек, Бани Исраилден бир тайпа*** *(адамдар Ийсага)* ***ыйман келтиришти жана бир тайпа кафир болду. Демек, Биз ыйман келтиргендерди душмандарынан күчтүү кылып, алар*** *(кафирлерден)* ***үстөм болуп калышты»*** [61:14] ❑

# ДҮЙНӨЛҮК СИСТЕМА ИСЛАМ ЖАНА МУСУЛМАНДАРГА КАРШЫ...
# ПАКИСТАНДЫН ӨНҮГҮҮ ЖОЛУ – ИСЛАМГА КАЙТУУ ЖАНА ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИН ТИКЕЛӨӨ

**Мухандис Муиз – Пакистан**

Пакистандын стратегиялык жана саясий чөйрөлөрү экономиканын кулашы жана анын коомго тийгизген таасирине каршы күрөшүп келишүүдө. Аларда Пакистан жаңы жана өзгөчө нерсени сынап көрүшү керек деген дээрлик тилектеш көз караш бар болсо да, бирок, жаңы идеялар жок. Ал эми, кризис жана тынчсыздануу чөйрөсү батышча мүнөздөгү Пакистан элитасына өз күн тартибин алга сүрүү үчүн чөйрө жаратты. Аларда Пакистан Батыштын өнүгүү тажрыйбасын ээрчиши, батыштык саясатчылар жана академиктер тарабынан белгиленген өнүгүү жолуна өтүшү зарыл деген ишеним бар. Ушул батышчыл элитанын айтымында, Пакистан эл аралык институттар талап кылып жаткан реформалар жолунда – бул реформалар экономиканы либералдаштырууубу, же ижтимаий түзүлүштү кайра карап чыгуубу, же мамлекеттин эл аралык ролун жана мамилелерин кайра белгилөөбү, айырмасыз – жетиштүү кадам таштабаган.

Ушул жаңы багыт жана реформа программасынын этибарлуу тарабы Индия менен Пакистандын атаандаштыгындагы жеңүүчү жана жеңилүүчүгө т.а. Индиянын жеңиши жана Пакистандын жеңилишине байланыштуу. Арийне, алардын айтымында, ушул жеңилүү Пакистанды өз саясатын жана өнүгүү жолун кайра карап чыгууга үндөшү керек. Бул элита Пакистанды жаңы вакиъликке моюн сунууга, Кашмир маселесинде өзүнүн идеологиялык позициясынан чегинүүгө, Афганистан менен болгон мамилелерди кайра карап чыгууга, Индия менен болгон атаандаштыкта өз амбицияларынан баш тартууга, соода-экономикалык тармакта өз ара байланышка негизделген кызматташтык мамилелерди орнотууга жана Кошмо Штаттар менен болгон союзду бекемдөөгө ачык чакырууда. Алардын айтымында, Пакистан эл аралык деңгээлде таанылышы үчүн өзүн кайрадан тааныштырып, эл аралык коомчулукка, айрыкча, күчтүү Батыш мамлекеттери менен байланышта экенин билдириши зарыл, себеби, бул нерсе Пакистанга экономикалык ийгиликтердин агып келишине мүмкүнчүлүк берет.

Бул болсо, антиамерика принцибинен чегинүүнү, исламий өздүгүбүздөн баш тартууну, учурдагы укукту жана ижтимаий өнүгүүнү кабыл алууну талап кылат... Кала берсе, коомдун ижтимаий түзүлүшүн өзгөртүү керек болот. Тыянактап айтканда, алардын назарында Пакистанга тоскоолдук кылып жаткан нерсе – Батыш мамлекеттери тарабынан түзүлгөн эл аралык системага жана заманбап дүйнөгө ылайык келбеген Пакистандын өздүгү, мафкурасы жана сакафаты.

Коом жана мамлекетти о.э. анын өздүгүн түп тамырынан кайра куруу идеясы көпчүлүк абалдарда жөнөкөй жана капысынан талкууланат. Көбүнчө бул идеянын тарапкерлери коом жана мамлекет кандай калыптанышын, улуттук өздүк кандай аракет кыларын түшүнүшпөйт. Акыйкатта болсо, коом жана мамлекетти кайра куруу жараяны кайра куруучунун идеологиялык тенденцияларынан жана ишенимдеринен эч качан ажырабайт. Пакистан Индияга уттурду жана бул нерсе коомду башкача жолду карманууга үндөшү керек деген сөз бир тараптан Пакистан менен Индия туруктуу атаандаштыкта экендиги жөнүндөгү туура эмес фикир жана ишенимди чагылдырат. Бул ушуну түшүндүрөт: эки мамлекет валюта запастарынын көлөмүн, миллиардерлер жана ири компаниялардын санын, кошуундардын саны менен күчүн, геосаясий таасирди жана башкаларды өнүгүүнү өлчөөдөгү маалымат катары көрөт. Мында Пакистандын өнүгүүсү Япония, Германия же Польшанын өнүгүүсүнө салыштырмалуу эмес, Индиянын өнүгүүсүнө салыштырмалуу өлчөнөт. Кызыгы, Индияга болгон тарыхий душмандыгыбыздан баш тартууга чакыруу менен бирге Индия менен тарыхий атаандаштыкты колдоп-кубаттап, ушул атаандашты түрдүү экономикалык максаттарга багыттоо иши да алып барылууда. Бул бизди коом жана улуттар кандай курулушу жана түзүлүшү туурасындагы туура эмес түшүнүкккө алып келет. Проблеманын өздүгү да мына ушунда. Улуттук өздүк сакафий ишенимдерге, адамдарды бири-бирине байлаган негизги фикирлерге негизделген узвий саясий тажрыйбалар менен белгиленет. Пакистан вужуду негизделген фикир: Индия жарым аралындагы мусулмандар бириккен жарым арал континентте келечекте өздөрүнүн сакафий жана хазарий өздүгүнөн ажырашат, мусулмандарды коргоо, тышкы иштер жана маалымат каражаттары менен коргой турган илманий конфедерация мусулмандар менен индустар тарабынан биргеликте башкарылат деген фикир. Бул

болсо, Куръан жана Суннат өкүмдөрү негизинде коом курууга умтулуп жаткан мусулмандардын саясий умтулууларына ылайык келбейт. Кала берсе, Пакистандын түзүлүшү артындагы саясий фактор экономикалык талкуулардын натыйжасында жүзөгө келбеген, балким, мында биздин калк жана коом сыфатындагы өздүгүбүз этибарга алынган. Индия жарым аралын бир тарапта калкынын мусулман экендиги, экинчи тарапта калкынын көпчүлүгү индустардан турган эки мамлекетке бөлүү идеясында негизинен мусулмандар тавхидге ыйман келтирген момун болушканы, индустар болсо мушрик болушканы, арийне, мусулмандардын индус бийлигине моюн сунушу мүмкүн эместиги этибарга алынган. Мына ушул идея жетимиш жылдан бери индус өкүмдарлыгына каршы чыккан жана күрөшүп жаткан Кашмир мусулмандарын илхамдантып жана кызыктырып келүүдө. Басып алынган Кашмир – дүйнөдөгү эң аскерлешкен региондордун бири. Бул нерсе Индия мамлекетинин ийгилигине далалат кылбайт. Тескерисинче, коом жана мамлекеттерди жаңы вакиъликтер жана жеңилүү сезими негизинде түзүп болбостугуна далил. Туурасы, өздөрү тургузмакчы болгон дүйнө жөнүндө түшүнүккө ээ жана бул нерсени канчалык кымбатка түшпөсүн акыйкатка айлантууга умтулган кишилердин идеологиялык ишенимдери жана хазарий умтулуулары негизинде коом жана мамлекеттер курулуп, кайра оңдолот.

Индиянын өнүгүүсү анын аракеттерине байланыштуу эмес. Себеби, Индия кырк жылдан ашуун эл аралык майданды түзгөн улуу күчтөрдүн атаандаштыгынан алыста болуп, эл аралык системадан четте турган. Ал бейтараптыкты айтып Америка тарабынан орнотулган эл аралык тартиптен алыста турган. Ушул себептен улам, Индиянын өнүгүүсү Кытайдын үлкөн экономикалык өнүгүүсү тууралысындагы АКШнын тынчсызданууларына байланыштуу. Анткени, АКШнын тышкы саясаты жана коргоо мекемелери Кытайдын өнүгүшүнө карата сак болуу керек деген коңгуроону кага баштады. Генри Киссинжердин фикири боюнча коммунисттик лагерди бөлүү жана Советтер Союзун тизгиндөө үчүн Кытайдын жолун ачуу америкалык саясат борборлорунун менталитетине байланыштуу болгон. Америка Кытай менен Советтер Союзунун ортосундагы коммунисттик союзду алдын алуу үчүн Кытайдын эл аралык системага интеграциялашуусуна жардам берди. Бул нерсени Кытайды Батыш дүйнөсү үчүн заводго айлантып, андан дүйнөлүк амбициялар жана Америка трансулуттук

компаниялары үчүн чоң базар катары пайдалануу аркылуу ишке ашырды. Бүгүнкү күнгө келип, Кытай экономикалык күчкө айланды. Ал өзүнүн экономикалык кубатын коргоо жөндөмүн күчөтүүдө, Чыгыш жана Түштүк Кытай деңизинде өзүн тынч күч катары көрсөтүүдө пайдаланып жатканда Америка анын геосаясий күчөшүнөн кооптонууда жана Индия менен Японияны Кытайга параллель күч катары тургузуу боюнча иш алып барууда. Ошондуктан, Индия менен Япония Америка тарабынан түзүлгөн жана Австралияны да өз ичине алган төрт тараптуу союздун бир бөлүгү болушу таң калычтуу эмес. Америка Индияны АКШнын геосаясий күн тартибин кабыл алууга көндүрүү максатында аны кызыктыруу үчүн Манмохан Сингх башчылыгында эл аралык системага интеграция кыла баштады. О.э. АКШ лагеринин чеңгелине салуу үчүн Пакистан да Аюб Хан доорунда Америка жардамына жана карыздарына батырылган. Модинин дооруна келип, Индия Американын сунуштарын аткарууга жана АКШыны шахмат тактасында Кытайга каршы фигура болууга даяр экенин көрсөттү. Америка кудум ушундай Советтер Союзуна каршы Америка геосаясий күн тартибин ишке ашыруу үчүн Кытайдан да каражат катары пайдаланган. Индия да бүгүнкү күндө Американын геосаясий максаттарын ишке ашыруу үчүн ушул Кытайга каршы геосаясий каражат катары анын ордун ээледи. Индиянын күчөшү жана өнүгүшүнүн түпкү маңызы мына ушундай. Бул Индиядагы саясий системанын ийкемдүүлүгүнө, же саясий жана өкүмдар элитанын акылмандыгына, же таалим мекемелеринин күчтүүлүгүнө байланыштуу эмес. Тескерисинче, Индиянын өнүгүшү геосаясий өнүгүү болуп, бул нерсе анын Индия-Тынч океаны регионунда Американын саясатын ишке ашырууга даяр турганы үчүн берилген сыйлык.

Индиянын өнүгүшүнө Пакистан аскерий түзүмү түздөн-түз жардам берген. Анткени, Пакистан Американын «терроризмге» каршы согушунда аны менен бирге болуу, армиянын структурасын кайрадан түзүү, Пакистандын доктринасын, аскерий жана коопсуздук мүмкүнчүлүктөрүн кайра түзүү, аларды Индиядан алыстатып, «терроризмге» каршы күрөшүү жөндөмүн өнүктүрүүгө каратуу, тынчтык сүйлөшүүлөрүн баштап, Индия менен мамилелерди нормалдаштыруу, Кашмирден баш тартуу, Индияда жайгашкан жихадчылар инфраструктусын бастыруу жана көзөмөл сызыгында ок атууну токтотуу сыяктуу иштер менен чоң

стратегиялык катага жол койду. Булардын бардыгы Индиянын Пакистанга болгон стратегиялык этибарын азайтып, негизги этибарын АКШнын региондогу кеңирээк күн тартибине каратууга алып келди. Ошондуктан, Индиянын бүгүнкү «жеңиши» Пакистан өкүмдарлары Американын Түштүк Азия жана Афганистан туурасындагы буйруктарына амал кылуу үчүн кабыл алган кыйратуучу токтомдору себептүү болду. Индия – «жеңишине» жардам бергенибиз үчүн – жеңишке жетти. Бирок, эң акылдуу чара – вакиъге моюн сунуп, ушул жеңишти белгилөөнүн ордуна – Индияга жардам берүүнү токтотуу жана аны менен реалдуу атаандаштыкты баштоо.

Пакистандын экономикалык, саясий жана аскерий проблемаларынын негизи Пакистандагы өкүмдар элита кабыл алган чабал өнүгүү моделине барып такалат. Пакистан түзүлгөндөн бери – Индия менен атаандашууда болсун, экономиканын структурасында болсун, аскерий жөндөмүн өнүктүрүү жана регионалдык амбицияларына жетүүдө болсун, айырмасыз – анын өнүгүшү жана интеграциясы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Америка тарабынан тургузулган эл аралык системага байлап коюлгандан зыян тартып келди. Пакистан өкүмдарлары Америка же Европа мамлекеттеринин жардамысыз Пакистанды бирер тармакта алдыга жылдырууну таптакыр элестете алышпаган. Пакистандын сугаруу системасы, суу сактагычтары жана айыл чарба саясаты америкалыктар тарабынан иштелип чыгып, мунун акысына Пакистан АКШны Советтер Союзуна каршы күзөтүү базалары менен камсыздап бериши керек болгон. Пакистан Америкага Советтер Союзуна каршы Ооган согушунда жардам берди. Мунун акысына Америкадан экономикалык колдоо жана финансылык ресурстарды алды. Ушул аркылуу Индияга каршы өзүнүн аскерий жөндөмүн күчөтүүгө жетишти. Индия бейтараптыкты жарыялап, кошулбоо аракетинин бир бөлүгү болуп, Американын эл аралык системасына кошулуудан баш тартканда Америка этибарды башка тарапка каратты. Т.а. Пакистан Индиянын ядролук программасына жооп катары өзүнүн ядролук программасын түздү. Америка анын ушул программасын Индияны моюн сунууга мажбурлоо үчүн камчы катары караган. Пакистан да биринчи мамлекетке каршы чыкпоо жолун тандады. Америка 11-сентабрь чабуулдарынан кийин Исламга каршы согуш баштаганда Пакистан Американын Индияга душмандык кылбоо жөнүндөгү

талабын кабыл алды жана аскерий доктринасын кайра түзүп, аны «терроризмге» каршы күрөшкө багыттады. Бул Пакистанды өз армиясынын жашыл китебине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө алып келип, Индияны биринчи номурдагы коркунуч деп эсептөөдөн бурду. Пакистан АКШнын Кашмир маселесиндеги басымын кабыл алды жана Моди 2019-жылы август айында Кашмирди аннексия кылганда Индияга аскерий жактан каршы чыгуудан баш тартты. Индияда жайгашкан мужахиддер инфраструктурасын жок кылуу үчүн финансылык иш-чаралардан кызыкдар жумушчу тобунун басымына ыраазы болду. Пакистандын энергия саясаты да Дүйнөлүк Банк тарабынан иштелип чыккан. Бул болсо, энергетика тармагындагы үлкөн карыздардын топтолуп калышына алып келди. Мына ошондо Пакистан өзүнүн экономикалык структурасын Батыштын гана буйругуна ылайык кайра куруу боюнча Эл аралык Валюта Фондунун бир катар реформа программаларын аткарууга киришти. Акыбетте, Пакистан Америка жана анын көп тармактуу уюмдарынан дагы да көбүрөөк жардам талап кылган башка кризиске учурады. Бүгүнкү күндө да Пакистандын өкүмдар элитасы менен Батыш интеллигенттери ортосундагы тилектеш фикир ушул – Пакистан өзүнүн өнүгүү жолун улантуу үчүн – ал тургай, Америкадан көз карандысыз өнүгүү жолуна өткөн учурда да – Эл аралык Валюта Фондунун реформа программасын кабыл алуудан башка чарасы жок. Ушул себептен улам, Пакистан өзүнүн инфраструктурасына жана транспорт секторуна инвестиция тартуу үчүн Кытайга барды. Акыйкатта болсо, бул инвестициялар Пакистандын алсыз экономикасынын үстүнө оор жүк болуп түшө турган рецепт болуп чыкты жана бул Пакистанды банкроттук жакасына алып келди.

Пакистан өкүмдар элитасы мамлекеттин өнүгүүсү үчүн көз карандысыз жолду элестете албашы тарыхта Пакистандын колония болгондугуна жарым жартылай байланыштуу. Себеби, Пакистан Британиянын өкүмдарлыгы доорунан кийин англистер калтырган колонизторлукка негизделген мамлекет жана мекемелерди мурас кылып алды. Англистер саясий жана фикирий чөйрөнү пайда кылып алгандан кийин Индия жарым аралынын өнүгүшүн Батыштын саясий жана фикирий тажрыйбасын ээрчүүгө байланыштуу кылып койгон эле. Америка ушул колонизаторлук мурасука келип орношту жана Пакистанды эл аралык системага моюн суна тургандай кылып, тузакка илинтирди.

Дүйнөлүк системада да, бүгүнкү күндө дүйнөгө өкүмдарлык кылып жаткан эл аралык финансылык, экономикалык, саясий жана аскерий инфраструктурада да өкүмдарлыкты ушул системанын алкагында бөлүштүрүү деген нерсе жок экени анык. Америка башка бардык күчтөрдү четке сүрүп, эл аралык системага жалгыз өзү өкүмдарлык кылууда. Мисалы, Америка эл аралык соодада өзүнүн долларын колдонуу үчүн Бреттон-Вудста Эл аралык Валюта Фондуна негиз салды. Пакистандагы төлөм балансы кризиси да анын ушул системага түздөн-түз катышуусунун натыйжасында жүз берди. Пакистан жана бүткүл Ислам дүйнөсү эл аралык сооданы долларда жүргүзүүнү – чын дилден – тандады. Эл аралык Валюта Фонду доллардын таңкыстыгын башынан өткөрүп жаткан мамлекеттер үчүн акыркы чара катары түзүлгөн. Кызыгы, Пакистан да, Америка да дефолт жакасында турат. Учурда Пакистан экономиканы туңгуюкка кептеп, калктын экономикалык жакырчылыгына жана кыйынчылыктарынын күчөшүнө себеп болгон доллардын акысына Эл аралык Валюта Фондусунун программасынын оор шарттарын кабыл алууга мажбур кылынууда. Америка карыз чегин көтөрүү боюнча Конгресс чечимин күтүүдө. Себеби, Америка өзүнүн борбордук банкы (Федералдык резервдик система) аркылуу доллар басып чыгаруунун өзгөчө мүмкүнчүлүгүнө ээ. Пакистан жана Ислам дүйнөсү эл аралык соодага катышуу үчүн долларга мухтаж болуп турганда Америка өзү тургузган татаал финансылык система аркылуу өз муктаждыгына карап, долларды басып чыгара берет же экспорт кыла берет. Дүйнөлүк Банк долбоорлорду каржылоо сунуш кылынган мамлекеттерде өнүгүү жараянын көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн. Бул болсо, Батыштын кызыкчылыктарына жана Батыштын трансулуттук корпорацияларынын кызыкчылыктарына ылайык келген долбоорлор үчүн жардам жана кредиттер берүү аркылуу ишке ашат. Мисалы, Реко-Диктеги жез жана алтын кени маселесин алалы. Дүйнөлүк Банктын Эл аралык арбитраж соту Барриск Голд компаниясына кен иштетүү келишимин бергени үчүн Пакистанга 11 миллиард доллар айып салды. Мына ошонун өзү эл аралык уюмдардын гегемондук жана колонизаторлук пландарына мисал болот. Дагы бир мисал, Америка «SWIFT» системасынан чыгаруу, дүйнөлүк капитал базарларына, эл аралык жүк ташуу жолдоруна, кызмат жана башкаларга кирүүгө тыюу салуу менен коркутуу аркылуу анын саясатына баш ийбеген мамлекеттерге

санкцияларды салууда жана муну менен аларды өзүнүн күн тартибине моюн сундурууда.

Ошентип, эл аралык система бүтүндөй Американын көзөмөлү астында. Бул системада ким пайда көрүшүн жана ким зыянга киришин Америка белгилейт. Америка Япония менен Германияга алар Экинчи дүйнөлүк согушта жеңилгенден кийин куралсыздануу шарты менен бул системадан пайдаланууга уруксат берди. Учурда Америка Тайвань кысыгындагы согуш коркунучу о.э. Чыгыш Европадагы Украина-Россия согушу аркылуу Япония жана Германияны коргонуу бюджетин көбөйтүүгө жана Американын геосаясий максаттарына кызмат кылуу үчүн Кытай жана Россияга карата дагы да душмандык позициясын ээлөөгө мажбур кылды. Кытай бир убактарда ушул эл аралык системаны абзел көргөн болсо, учурда аны кандай болсо, ошондой абалда ала турган, бирок, ага таасир өткөрбөй турган позицияда турат. Индия бир убактарда ушул эл аралык режим тарабынан четтетилген болсо, учурда анын колдоп-кубаттоолорунан пайдаланууда. Пакистандагы өкүмдар элита болсо, эл аралык система тарабынан Индияга берилген артыкчылыктарды алуунун акысына Пакистанды Американын таасир чөйрөсүнөн чыкпаган малай мамлекетке айлантууга даяр турат. Чындыгында, Пакистан жетекчилери Индияга жасалып жаткан мамилеге жетүү үчүн бул маселени Америкага кайра-кайра көтөрүштү о.э. өздөрүнүн күч жана ресурстарын Американын геосаясий кызыкчылыктарына кызмат кылуу үчүн сунушташты. Бул, Пакистандын стратегиялык чөйрөсүндө акылы кыскалык бар экенинен кабар берет. Анын үстүнө, малай мамлекет ага карыз берген мамлекеттин күн тартибинен эч качан четке чыкпашы ачык-айкын нерсе. Ага карабастан, Батыштын таалими-көрсөтмөсү Пакистандагы өкүмдар элитаны акыйкатты көрө албай турган сокур кылып койду. Бул акыйкат – Америка Исламга каршы терең идеологиялык душмандыгынан жана исламий фикирдин идеологиялык күчүнөн корккоунан улам мусулман мамлекеттин бул системада күч жана бийликти колго алуусуна эч качан жол бербейт. Мындан жүз жыл мурун, Биринчи дүйнөлүк согушка чейин мусулман өлкөлөрү Халифалык мамлекети тарабынан башкарылган. Бул мамлекет XVIII кылымдын ортолоруна чейин эл аралык майданда күчтүү оюнчу болгон. Мындан тышкары, XV кылымда башталган Батыш колонизаторлук долбоору дүйнөнүн көп бөлүктөрүн (алардын

катарында, Африка жана Америка континентин) көзөмөлдөй алды. Бирок, исламий өлкөлөр жана исламий хазарат Батыштын колонизаторлугу алдындагы эң чоң тоскоолдук болуп турган. Акыбетте, Европа, кийин Америка колонизаторлугу астында жалпыевропа же жалпыбатыштын биринчи тажрыйбасы башталды. Т.а. саясий долбоор катары жалгыз Батыш хазараты идеясы менен христиандардын кресттүүлүк жүрүштөрү Халифалык мамлекетине каршы бирикти. Ошентип, өзүн кайрадан калыптандырып, өзүнө этибар бере баштаган Батыш хазаратынын курамдык бүтүндүгү мусулмандарга жана Халифалык мамлекетине каршы эле. Христиан саясий салтында, Батыш хазаратынын бир бөлүгү катары терең тамыр жайган бул душмандык түрдүү Батыш мамлекеттери тарабынан XVII-XVIII кылымдарда илманий-секулярдык идеология кабыл алынгандан кийин да уланды. Бүгүнкү күндө да Батыш Ислам дүйнөсүнө Ислам менен Батыш ортосундагы хазарий кагылышуу көз карашынан карайт. Анын сөз эркиндиги Исламий баалуулуктарга каршы куфрду коргошу жана акыркы убактарда Батыш Ислам дүйнөсүн гомосексуализмдин жийиркеничтүү кыймылын кабыл алууга мажбурлашы хазарий кагылышууга далил.

Пакистан жана Ислам дүйнөсүнүн алга жылышынын жалгыз жолу Америка өкүмдарлыгы астындагы бул эл аралык системадан чыгып, исламий фикир жана исламий хазарат негизинде өзүнүн көз карандысыз жана өнүгүү жолун белгилеп алышында. Ислам дүйнөсү Ирак жана Афганистанда Америка гегемондугуна моюн сунуудан баш тартышы терең тарыхий тамырларга ээ. Анткени, Ислам Умматы Халифалык мамлекети көлөкөсүндө дүйнөгө өкүмдарлык кылган о.э. мусулман өлкөлөрүндө Исламды колдонуп, жихад аркылуу Исламды дүйнөнүн калган бөлүгүнө жеткирип эл аралык майданды көзөмөлдөп келген. Исламий Уммат кылымдар бою абалга моюн сунууну четке кагып, ошол эле учурда Рум жана Фарс империяларын жеңди. Константинополду багындыруу менен Рум империясын талкалады. Фалестин токсон жыл христиан дүйнөсүнүн көзөмөлүндө болгондон кийин аны христиандардын көзөмөлүнөн бошотуп, Европа колонизаторлугуна каршы чабуул кылды. Ал учурда Фалестин үчүн катуу күрөшкө тартылды. Американын гегемондугунан кутулуунун жолу – Исламды башкаруу жана бийликке кайтаруу. Пакистан, Афганистан, Борбор Азия, Жакынкы Чыгыш, Ыраакы Чыгыш жана Африкадагы исламий өлкөлөрдүн бардыгын бир халифанын өкүмдарлыгы астында

бириктирген жалгыз Уммат табигый ресурстарга бай умматка айланат. О.э. ал кубаттуу мамлекетке айланып, адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Уммат деген дүйнөлүк деңгээлин кайтарып алат.

﴿هُوَ الَّذِى أَرْسَلَ رَسُولَهُ بِالْهُدَىٰ وَدِينِ الْحَقِّ لِيُظْهِرَهُ عَلَى الدِّينِ كُلِّهِ وَلَوْ كَرِهَ الْمُشْرِكُونَ﴾

***«Ал** (Аллах) **Өз Расулун Туура жол жана чындык дин менен – мушриктер каалашпаса да – бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген»*** [9:33] ❑

## ЯХУДИЙ ӨКМӨТҮНҮН КЕЛЕЧЕГИ... ИЧКИ ЖАНА ТЫШКЫ БАСЫМДАР ОРТОСУНДА

**Хамд Табиб – Байтул Макдис**

Белгилүү болгондой, Кнессеттеги конституциялык көпчүлүктөн өтүп, 120 орундун 63үн ээлеши менен кезетеги яхудий өкмөтү түзүлгөн. Массалык маалымат каражаттары кабарлашынча, бул өкмөт эки катаал диний партия жана шайлоодо 14 орунду ээлеген үч экстримист оңчул партиялар менен коалиция түздү. Партиянын лидерлери: Бецалель Смотрич (Сионисттик диний партия), Итамар Бен-Гвир (Оцма Йехудит партиясы) жана Ави Маоз (Ноам партиясы) коалициялык өкмөттүн курамдык бөлүгүнө кирди. Ликуд партиясы министрлик портфелдин 15ин, алардын катарында коопсуздук, тышкы иштер жана билим берүү министрликтерин алган болсо, ультраортодоксал Шас партиясы бешөөсүнө ээ болду. Эми, анын лидери раввин Арье Дери ички иштер министрлиги менен саламаттыкты сактоо министрлигин башкарат. Мунун тушунда, «Радикал яхудийлердин каршылык кыймылы» (аларды ушинтип аташат) министрлик портфелдин үчөөсүн алды. Алардын ичинде эң негизгиси Коосуздук министрлиги болуп, аны партиянын лидери Итамар Бен-Гвир башкарат. Ошол эле учрда, Диний сионисттик партия да 3 портфелге ээ болду. Алардын ичинде эң маанилүүсү Финансы министрлиги болуп, аны кыймылдын жетекчиси Бецалель Смотрич башкарат.

Ушул көрүнүштө яхудий вужудунда кээ бир мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилип, бир нече министрликке жаңы укуктар берилди. Бул болсо, көчөлөрдө, ал тургай, армия күчтөрү арасында наразылык, башламандыктар жүзөгө келишине себеп болду. Армияга караштуу радио 2022-жылы 29-декабрда министрликтердин ыйгарым укуктары жаатындагы өзгөртүүлөр жөнүндө тараткан кабарга ылайык, Ликуд партиясы менен Яхудий кол тийгистиги кыймылы ортосундагы коалициялык келишимде чегара кошуундары улуттук коопсуздук министри Бен-Гвирдин ыйгарым укугуна өтөрү көрсөтүлгөн. Радио баса белгилешинче, ушул пунктка ылайык, Бен-Гвир ага көз каранды болгон жана анын көрсөтмөлөрүнө моюн сунган коопсуздук күчтөрүн түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кээ бир партияларды тынчсыздандырып жаткан дагы бир нерсе – гомосексуалисттерге жана арабдарга душман маанайдагы экстримист оңчул Наом партиясынын коалицияга кошулганы. Кнессетте бир орунга ээ, премьер-министр

мекемесинде министрдин орун басары жана партия лидери болгон Ави Маоз жакында түзүлгөн «Улуттук яхудий өздүк» комитетине жооптуу болуп дайындалышы күтүлүүдө. Ушул жаңы комитеттин ыгарым укугуна (Израиль) мектептеринде туруктуу окуу программаларынан тышкары алып барылган контент да кирет. Бул болсо, мектептерде сабак берүү үчүн дайындалган бейрасмий органдарды да көзөмөлдөө укугун берет.

Өкмөттүн министр жана аткаминерлери тарабынан бир нече билдирүүлөр берилди. Алардын катарында, ички иштер министри Итамар Бен-Гвир 2023-жылы 25-январда берген билдирүүсүндө «Нетаняхуга каршылык билдирип, Масжидул-Аксага кол салууну улантарын айтты. Белгилүү болгондой, Нетаняху Иордания королуна басып алынган Куддустагы Акса мечитиндеги абалды сактоого убада берген. Бул нерсе Иордания элчисинин 2023-жылы 17-январда Аксага сапар кылышына тоскоолдук кылынышы артынан ишке ашты». Бен-Гвир 2023-жылы 17-январда яхудий радиосуна берген интервюсунда мындай деди: «Иордания королуна толук урматтоо менен... (Израиль) эгемендүү мамлекет. Мен Жабалул Хайкалка (Масжидул Аксага) кирдим жана муну дагы улантам». Ал ачык-айкын «терроризмге каршы кескин күрөш алып барышын» билдирди. О.э. Бен-Гвир полиция офицерлерине таш ыргыткан демонстранттарга ок атуу мүмкүнчүлүгүн берүү жана коопсуздук күчтөрүнүн укуктук иммунитетин бекемдөө максатында ок атууга коюлган чектөөлөрдү жокко чыгарууну көздөп жатканын айтты.

Бул өкмөт ички жана тышкы басымдар себептүү кандай даражада алга жылышы мүмкүн? Мамлекет ичиндеги оңчулдар менен эл аралык чет элдик тараптарды ыраазы кылуу үчүн бул саясий түстүүлүк качанга чейин уланат? Бул суроолорго жооп берүүдөн мурун ушуларга токтолуп өтөбүз:

Биринчиден: азыркы яхудий өкмөтүнүн калыптануу табиятына назар салган киши ал карама-каршылыктардан турарын көрөт. Бул яхудий вужудунда өкмөттү түзүүнү тартипке салган мыйзамдын табиятынын натыйжасы. О.э. ашынган оңчул жана ашынган солчул яхудий партиялар ортосундагы саясий карама-карышылык жана өз ара жек көрүүнүн натыйжасы. Яхудий мыйзамчылыгына ылайык, премьер-министр биринчи кезекте 3.25 пайыздык чектен өткөнүнө, андан кийин орундардын көбүнө ээ болгонуна о.э. 120 орундан турган Кнессеттин жарымынан көбүнө ээ болгонуна карап

шайланат. Ал өзүн демократиялык деп атаган көптөгөн мамлекеттерде болгондой түздөн-түз шайланбайт. Бул болсо, өз кезегинде яхудий вужудунун премьер-министрин – бул эң жогору токтом чыгаруучу саясий орган болуп эсептелет – өкмөт курамынын, башкача айтканда өкмөт курамындагы саясий партиялардын туткунуна айлантат. Демек, шарт кылынган чектен бир добуш болсо да аз добуш алуу өкмөттүн, алардын катарында, премьер-министрдин кулашын түшүндүрөт. Арийне, кайрадан шайлоо өткөрүлүп, жаңы өкмөт түзүү зарычылыгын пайда кылат.

Экинчиден: жалпысынан алганда яхудий вужуду саясаты, экономикасы жана коопсуздугу жагынан күчсүз вужуд болуп, чыныгы маанидеги мамлекет даражасында эмес. Түпкүлүгүндө, ал бардык курамдык бөлүктөрүндө Батышка, өзгөчө, Америкага байланып, ансыз бир күн да жашай албайт. Айрыкча, ал кургактыктан да, деңизден да Батышка малай болгон режимдер тарабынан корголгон.

Биз жогорудагы суроого ушул айтылган нерселер аркылуу минтип жооп беребиз: акыйкат ушул – бул өкмөт саясий карама-каршылыктарга негизделген. Аны көбүрөөк кызыкчылык өкмөтү десе болот. Себеби, өкмөт ички иштер министрлиги менен саламаттыкты сактоо министрликтерин ээлеши күтүлүп жаткан, салыктарды төлөөдөн качууда айыпталган жана ушул айыптоо менен 2022-жылы сот жообуна тартылган Шас партиясынын лидери раввин Арье Деринин иши боюнча сот токтомуна каршы чыкты. О.э. финансылык коррупция, паракордук жана алдамчылыкта айыпталып жаткан, айрыкча, Безек компаниясы о.э. премьер-министрдин имиджин пара акысына жакшыртууга аракет кылган ибраний гезиттер менен байланышкан иштерде караланып жаткан учурдагы премьер-министр Нетаняхунун иши боюнча соттун токтомуна да каршы чыкты. Бул болсо, өкмөттү өкмөткө кирген диний партиялардын туткунуна о.э. алардын, айрыкча, Фаластиндеги басып алынган аймактар, өзгөчө, мубарек Масжидул Акса туурасындагы саясий көз караштарынын туткунуна айлантты. Булардын бардыгы өкмөттү эки чагара ортосунда жашоого мажбур кылат, ал экөөсүн тең аттап өтө албайт:

**Биринчи чегара:** бул азыркы эл аралык абал себептүү жүзөгө келген саясий чегара болуп, негизинен АКШ Фалестин маселесинен да маанилүү болгон, өзгөчө, Украина согушунан турган көптөгөн маселелер менен алек болуп калгандыктан жүзөгө келди. Америка

азыркы шартта абалды курчутуу, океанда согуштарга кирүү, чечимдерди сунуштоо орду эмес деп билип жатат. Анткени, ал өз кызыкчылыктарынын таразасы боюнча андан да маанилүү жана эл аралык мааниге ээ иштер менен алек. Ошол эле учурда, АКШнын Фалестин маселесине карата көз карашы сүйлөшүүлөрдү кайра жандантуу жана чечимдерди сунуштоо эмес, артка сүрүп турууну камтыйт.

**Экинчи чегара:** бул, яхудий партиялардын көз караштары жана саясий программалары о.э. алар тарапкерлери жана шайлоочулары тарабынан болуп жаткан ички басымдарга тушукканы. Мисалы, Бен-Гвир өзүнүн 2023-жылы 5-майга белгиленген Акса сапарын Нетаняхунун кайрылуусуна жана сапарды кечиктирип туруу талабына карабастан, артка сүрө албады. Ал бул сапарды артка сүрмөкчү экенин билдиргенде, аны колдоп-кубаттаган диний жамааттар аны жалганчылыкта жана саясий саткындыкта айыптап, кескин сындашты. Бул болсо, аны тез жана үстүртөн болсо да Масжидул Аксага кирүүгө мажбурлады.

Бул жерде солчулардан турган оппозицияга тиешелүү о.э. армияга байланыштуу – ал тургай, армия саясатка аралашпаганына карабастан – ички саясий маселе бар. Бен-Гвирдин армияга тиешелүү билдирүүлөрү о.э. ички коопсуздукту көзөмөлдөөгө, чегара кошуундарын башкарууну толук колго алууга чакырганы о.э. ага караштуу жана анын көрсөтмөлөрүнө моюн сунган коопсуздук күчтөрүн түзүү укугуна ээ болушу... бул жана башка Бен-Гвирдин иш-аракеттери армия командачыларын башкарууга аралашууга жана ички коопсуздук министри тарабынан болгон буйруктарга моюн сунбоо менен коркутууга үндөдү. Тель-Авивде яхудий вужудундагы бир нече фракциялар, партиялар, мыйзамдуу-укуктук уюмдардын катышуусунда демонстрациялар башталып, адамдар учурдагы өкмөткө, анын курамына о.э. мамлекетке ички жана тышкы жактан таасир көрсөтүп жаткан саясатына наараазы экенин билдиришти. Бул иш-аракет көбөйүп, кеңейип барууда о.э. жалпы түрдө яхудий коомундагы бөлүнүү коркунучун жүзөгө келтирүүдө. 2023-жылы 27-январда Тель-Авивде 120 миңден ашуун киши демонстрация өткөрдү. Алар мамлекеттин демократиясын жактырбаган, өзгөчө, гомосексуалисттерге жана аялдын эркиндигине тиешелүү мыйзамдарды урматтабаган партияларды о.э. бир катар жаңы кабыл алынган мыйзамдарды каралашты.

Чындыгында бул вакиълик көптөгөн ички жана тышкы реакцияларды келтирип чыгарып, эбак эле бөлүнүп бүткөн яхудий коому ичинде бөлүнүүнүн курчушуна алып келди. Ушул реакциялардан мисал катары айрымдарын айтып өтөбүз:

1 – Дипломатиялык жактан. Тышкы иштер министрлигинен отставкага чыккан 100дөн ашуун элчи жана дипломаттар Нетаняху жетектеген азыркы өкмөттүн саясаты Тель-Авивдин тышкы алакаларына зыян жеткириши мүмкүн деп кабатыр билдиришти.

2 – Жаңы өкмөттүн ант берүү аземинен бир нече саат мурун АКШдагы 300дөн ашык яхудий раввиндер бир катка кол коюшту. Катта яхудий вужуду менен чет жактагы яхудий диаспоралары ортосундагы алакаларга оңдоп болгус зыян жетишине учурдагы өкмөттүн себепкер болушу мүмкүндүгү эскертилген. Катка кол койгондор жаңы администрациянын айрым саясаттарын демократиялык принциптерге түкүрүү деп баалап, өкмөттү аялдар, гейлер, лесбиянкалар, бисексуалдар жана яхудий транссексуалдардын укугун тебелөө, басып алынган Батыш Жээкти аннексия кылуу, яхудий жогорку сотун парламентке моюн сундуруу сыяктуу пландарды иштеп чыгып жатат деп айыпташкан.

3 – Солчул ибраний тилде чыккан «Гаарец» гезити Нетаняху жетектеген жаңы коалициялык өкмөт ашынган экстремист, текчил, гомофоб, яхудий вужудунун тарыхындагы эң теократиялык о.э. ички бөлүнүүлөрдү андан да тереңдете турган, азчылыктардын укугун чектеп, яхудийлер менен фалестиндиктер ортосундагы күрөштү дагы да күчөтө турган өкмөт деп баалады.

4 – АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен жаңы өкмөт түзүлгөндөн кийин Америка "эки мамлекет" чечиминин келечегин шексиз буза турган ар кандай амалияттарга, турак-жайларды кеңейтүү, Батыш Жээкти аннексия кылуу аракеттерине каршы турууну улантат деп ачыктады.

5 – Ибраний телеканалдын кабарына ылайык, оппозициячыл партиялардан болгон Кнессеттеги депутат аялдар Нетаняхуга кат жазып, коалициялык келишимдеги аялдардын макамын басмырлаган пункттарды бекер кылууну сурашкан. Телеканалдын айтымында, депутат аялдар Ликуд партиясы менен ортодоксалдык кыймыл болгон «Бириккен Тоорот союзу» ортосундагы коалициялык келишимдин пунктуна ишара кылып өтүшкөн. Анткени, бул келишимдин пунктунда расмий мекемелер тарабынан түзүлгөн иш-чараларда эки жыныстын өкүлдөрүн бөлүү шарт

экендиги көрсөтүлгөн. Депутат аялдар жазган катта Шас менен түзүлгөн келишимдин пунктуна да этибар каратылган. Келишимдин бул пункту Тоорот сотторуна жеке абалга байланышы болбогон жарандык маселелерди да карап чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул депутаттар судьялары раввиндерден турган Тоорот соттору аялдарга калыс эмес өкүмдөрдү чыгарышын эскертишти. Ушул таризде жогорку соттун мурунку төрайымы Дорит Бейниш да жаңы өкмөттү сындап, яхудий мамлекети бул иштери менен караңгы баскычка кирип баруудa деди. Армиянын радиосуна берген интервьюда Бейниш жаңы өкмөт аялдарга душман экенин, теңсиздикти бекемдешин баса белгиледи.

6 – Улуттук лагерь партиясынын жетекчиси жана мурунку коопсуздук министри Бени Ганц жетектеген оппозициячыл партиялар 2023-жылы 10-январда премьер-министр Бинямин Нетаняхуну – эгер, юстиция министри Ярив Левиндин өкмөт тарабынан кабыл алынган жана колициядагы партиялар тарабынан колдоп-кубатталган планы ишке ашса – яхудий вужудун кооптуу жарандык согушка тартып жаткан болот деп айыпташты. Ярив Левиндин планы жогорку соттун укугун чектөө максатында сот системасындагы түпкү өзгөрүүлөрдү о.э. Кнессетти өкмөт сунуштаган жана ишке ашырууну максат кылып жаткан бардык мыйзам жана токтомдордун акыркы тастыкталуу ордуна айлантууну өз ичине алат.

7 – Еш Атид партиясынын лидери Яир Лапид демократияны жок кылууга каратылган иш-аракеттердин акыбетинде жүзөгө келе турган хаостон эскертти. Ал мындай деди: «Бардык нерсеге уруксат берилген жана бийликтеги бардык тең салмактуулук жана көзөмөлдөр бекер кылынган мамлекет демократиялык мамлекет эмес. Тескерисинче, ал негизги максаты эч кандай оппозициясыз жана талкуусуз бийликти сактап калуу өкмөтү. Анын бул иши – өз үйүбүзгө каршы өзүбүз баштаган жана кандай аяктарын билбеген согуш».

8 – Мурунку премьер-министр Эхуд Барак 2023-жылы 9-январда ички иштер министри Бен-Гвирди жана өкмөттүн төрагасы Нетаняхуну сындап, яхудий вужуду ичинде кеңири көлөмдүү демонстрациялар менен коркутту. Ал Бен-Гвир менен Нетаняхуну сындап, мындай деди: «Каршы чыгуу биздин милдетибиз жана алар муну жакында өтө жакшы байкашат». Ал: «Бен-Гвир демонстрацияларга каршы полиция бутка турат деп коркутууда.

Нетаняху аны колдоп-кубаттап жатат. Алар экөөсү тең кылмышына бушайман болуп, алдыбызга тизелеп келишет», - деди. Кийин мындай деп кошумчалады: «Бул нерсе өкмөттүн түпкү жүзүн ачып берет. Булар улутчулдукту курал кылып алган паракор, күчсүз, эксплуататор адамдар».

9 – Яхудий чөйрөлөр арасында наразылык күчөп, өкмөттү кулатуу чакырыктары уланды. Оппозиция өкүлдөрүнүн айтымында, сунушталып жаткан реформалар сот бийлигинин көз карандысыздыгына зыян жеткирип, коррупцияны күч алдырат. О.э. сот системасына ишеничсиздикти пайда кылуу менен бирге, азчылыктардын укуктары көз карашынан алып караганда ийгиликсиздик катары бааланат. Демонстранттар коалицияны «шерменделик өкмөтү» деп каралаган баннерлерди көтөрүп чыгышты.

Азыркы яхудий өкмөтү башынан өткөрүп жаткан саясий вакиълик аны ички жана тышкы көптөгөн кыйынчылыктарга туш кылууда. О.э. Кнессеттеги 14 орунду, министрликтеги 15 портфелди көзөмөлдөгөн оңчул партиялардын басымы себептүү каршылыктардын дагы да күчөп, ыктымал өкмөттүн кулашынан да эскертүүдө. Бул чаташ вакиълик каршысында Нетаняху ички басым жана каршылыктарды бир аз басаңдата турган кандайдыр бир кризистүү абалды жүзөгө келтирип, андан кийин өз кызыкчылык жана максаттарын ишке ашырып алганга чейин өкмөттү сактап туруу чарасын көрүшү керек же турак-жайларды кеңейтүүдө жана Батыш Жээктеги дагы да көбүрөөк аймактарды ээлеп алууда радикал оңчулдарга моюн сунуп, Аксага жасалып жаткан кол салууларга укчукпашы керек. Бирок, бул иштердин бардыгы Куддуста жана басып алынган бүткүл Фалестин аймагында коопсуздуктун бузулушуна алып келет. Кала берсе, өкмөттү Америка жана анын Фалестин маселесиндеги бүгүнкү көз карашына каршы кылып коёт. Нетаняху өкмөтү туш болгон бул саясий кризистен чыгуунун эң оңой жолу – ички кризистерден сыртка чыгуу, аларга аралашпоо жана яхудийлерди тышкы «коркунуч» алдында бириктирүү. Бул болсо, Фалестин администрациясынын кол астындагы региондорго – бир нече күн мурун Жанинде болгондой – тынымсыз кандуу, ойрон кылуучу чабуулдарды уюштуруп же Газа секторуна абадан соккуларды берип, жасалма аскерий коопсуздук проблемасын пайда кылуу

аркылуу ишке ашырылат. Ички абал турукташканга чейин саясий жана аскерий чөйрөлөр ушул таризде алек кылынып турат.

**Жыйынтыктап айтсак,** бүгүнкү күндө яхудий өкмөтүндө болуп жаткан окуялардын табияты жана боло турган саясий күрөштөр ушул бир нече акыйкаттарды эске салууда:

1 – Яхудий өкмөтүндө болуп жаткан окуялар Аллах Тааланын ушул сөзүн эсибизге салууда:

﴿لَا يُقَاتِلُونَكُمْ جَمِيعًا إِلَّا فِي قُرًى مُّحَصَّنَةٍ أَوْ مِن وَرَاءِ جُدُرٍ ۚ بَأْسُهُم بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ ۚ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعًا وَقُلُوبُهُمْ شَتَّىٰ ۚ ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَعْقِلُونَ﴾

*«**Алар** (мунафык жана яхудийлер) **биргелешкен абалдарында силер менен жалгыз калаа-коргондуу кыштактар ичинде** (бекинип) **же дубалдар артында гана согуш кыла алышат** (т.а. эч качан силерге каршы ачык согушка чыга алышпайт)**. Алар өз араларында күчтүү-кубаттуу** (т.а. согуш болбостон туруп, өз ара күч-кубаттуу экендиктери тууралуу апырта беришет, бирок согуш убагында алар алсыз-коркоктор. Ооздорундагы сөздөрүнөн) **Аларды биримдүү деп эсептейсиң,** (бирок) **жүрөктөрү ар түрдүү. Буга себеп, алардын акылсыз коом экендиктери»*** [59:14]

Бул партиялардын бардыгын Исламга карата ортоктош душмандык бириктирет. Алар өз ара карама-каршы болуп, бири-бирин жек көрүшөт, саясий тайпа жана ага жетүү үчүн чыгыш жана батыш бөлүк, кембагал жана байлар, кожоюн жана кулдар, радикал диндарлар жана ашынган солчулдарга бөлүнүшкөн. Алар түсү да, дарек-мекени да, ортоктош дини да болбогон аралашма таштандылардан турган нерсе.

2 – Нетаняху согушту өкмөт жана оппозициянын чөйрөсүнөн сыртка алып чыгууга о.э. иштерди өзүнүн жана кээ бир министрлердин мурунку коррупциясы үчүн сотто отчёт берүүдөн алып салууга урунуп жатат. Бул үчүн фалестиндиктер менен жаңы кескиндиктерди пайда кылуу аркылуу – негизи, бул өздөрү айтышкандай, согуштагы эң күчсүз тарап – кризисти сыртка экспорт кылуу керек же аны Газага тез, чектелген жана адаттагы соккуларды урууга көчүрүү керек. АКШ мамлекеттик катчысынын регионго сапарынын биринчи бекети катары эмне үчүн Мисир тандалганын да ушул нерсе ачыктап турат. Максат, абалды тынчтандыруу жана кескиндикке жол бербөө үчүн эки тарапка тең басым кылуу.

3 – Ушул окуялардын табияты, ылдамдап бара жатканы жана яхудийлердин бузгунчулугу Фалестин администрациясын өз калкы менен яхудий өкмөтү алдында кыйын абалга салат. Эгер, армия бийликтин бардык бөлүктөрүнө бастырып кирип, айрым аскерий кызматкерлерге жана саясатчыларга каршы белгилүү бир аракеттерди жасаса, абал дагы да оорлошот.

4 – Акса жана анын айланасында болуп жаткан окуялар бүткүл Ислам Умматынын өз өкүмдарларына карата жек көрүүнү ойготуп, Фалестин калкына нусрат-жардам берүү алдындагы тоскоолдуктарды алып салууга үндөйт. Өзгөчө, Уммат бул нерсеге Ислам жана Аксага болгон сүйүүсү о.э. яхудийлерге карата жек көрүүсү себептүү ашыгууда.

Аллах Тааладан бул окуялар Ислам Умматына береке дарбазаларын ачып берсин деп сурайбыз. Кресттүүлөрдүн бузгунчулугу бүтүп, Али Зангий жана Айюбийлер өлкө жана элди толук азат кылган заманда болгондой, бүгүн да яхудийлердин бузгунчулугу Умматтын жалгыз Халифалык мамлекетиндеги бир жетекчилик астында өз динине кайтышына себепчи болсун. Аллахумма амийн. ❑

# БАТЫШТЫН ХАЗАРИЙ БУЗГУНЧУЛУГУ – ГОМОСЕКСУАЛИЗМГЕ ЧЕЙИКИ АР КАНДАЙ БУЗГУНЧУЛУКТУН «ИНКУБАТОРУ»

**Мунажий Мухаммад**

Батыштын илманий-секулярдык модели материя мыйзамдарын жетик билүү реалдуулукка толук өкүмдар болууга жана андан инсандын кызыкчылыгы жана жыргалчылыгы үчүн пайдаланууга алып келет деген догматикалык (постулат[1]) божомол менен башталган. Кийинчерээк иллюзия[2] чаңы, жөнөкөйлөтүү алдоосу жана материалисттик илманий редукционизм[3] жалгандыгы тумандай тарап кетти. Мына ушул жөнөкөйлөштүрүү менен бузгунчу редукционизмдин ордун Батыш муфаккирлеринин тереӊ идиреги ээледи. Бул тереӊ идирек мындай: «Инсан, тирүүлүк жана ааламдын акыйкатын-маӊызын ар тараптуу, толук билүү, жада калса дээрлик толук билүү да мүмкүн эмес нерсе. Белгисиздик-аныксыздык майданы кеӊейип жана чоӊоюп бара берет. Ал эми, белгилүүлүк чөйрөсү кичерейип жана жемирилип бара берет. Маддий (материалдык) жана илимий билимдер лабораториянын чегинен чыккан инсаний феномenди түшүнө албайт. Анын үстүнө бул билимдер көп даражада гипотезага негизделген. Инсандын вакыйлыгы болсо татаал жана чаташ». Ошентип, Батыштын илманий тафаккурундагы маърифий «салыштырмалуулук» түшүнүгү пайда болду. Анын материалисттик илманий фалсафасынын кемчиликтери айкындашып, Батыш илманий тафаккуру «барлык жана анын себеби», «барлык жана анын маани жана идеясы», «бакыт», «такдыр», «баалуулуктар», «жакшылык жана жамандык» сыяктуу үлкөн хазарий маселелер каршысында кудуретсиз туруп калды.

Андан кийин Батыштын материалисттик илманий фалсафасынын фикирий чаташтыгы дагы да олуттуу түс алды. Акыбетте, бул фалсафа жаӊы фикирий лабиринтке түштү. Нигилизм[4] түшүнүктөрү майданга чыкты. Алардын артынан «постмодернизм», «постметафизика», «постсекуляризм», «постфилософия» сыяктуу пост ... пост... пост... деген түшүнүктөр пайда болду. Бул «пост» деген сөз Батыш илманий тафаккурун башкарган ажырагыс термин жана түшүнүк болуп калды. Бул терминди текшерип, үйрөнүп чыксак, ал мавжуд түзүмдүн

---

(1) Тастыксыз да кабыл алынган алгачкы эреже, гипотеза.

(2) Сезимдердин жетиксиздиги, алданышы натыйжасында барлыкты, вакидикти туура эмес идирек кылуу.

(3) Кыйын окуяларды айкын, жөнөкөй окуяларга таандык мыйзамдар жардамында түшүндүрүү.

(4) Ар кандай норма, принцип жана мыйзамдарды четке кагуу.

банкроттугун азайтуу жана анын ордуна альтернативаны ойлоп табуудан кудуретсиздик болуп, ал бар нерсени фалсафий услуб менен четке кагуу жана кийин боло турган нерсени алдын ала көрө албастык. Аны фалсафа катары жасалып, ага деконструкция фалсафасы же постмодернизм деген аталыш берилди.

Ошентип, Батыштын илманий материалисттик тафаккуру акыбетте бардык нерсени камтуучу нигилизм жана чыныгы материалисттик иррационалдык даражага жетти. Муну болбогур фалсафа десең да болот. Батыш өзүнүн фалсафий жана фикирий бузгунчулугу «шербетин» иштеп чыгып, аны өзүнүн хазарий бузгунчулугу катары көрсөттү. Батыштын материалисттик илманий фалсафасы инсанды дүлөй-дудук маддага айлантып, инсан маселесине чекит койду. Бул фалсафа боюнча материалисттик талдоого, материянын өлчөөсүнө жана мыйзамдарына ылайык инсан, жаныбар, маймыл, личинка (курт), дарак жана таш барабар. Мындай фикирий бузгунчулук назариялары жана мектебдерине негиз салынышы натыйжасында Дарвиндин Батыш текчилдигине негиз салган назариясы пайда болду. Мында илманий дарвинизмдин «баарынын баарына каршы күрөшү», «эң күчтүүсү тирүү калат» деген өлчөөлөрү негизинде адамдар тандалып, иргелет. О.э. Уильям Жеймс жана Томас Мальтустун тандалууну акырына жеткирүү үчүн эл массасынын көлөмүн азайтуу жана ашыкча адамдарды жок кылуу жөнүндөгү назариялары, Фрейддин порнография, гомосексуализм жана жыныстык анархияга негиз салган материалисттик психоанализ назариясы жана мектеби пайда болду. Андан кийин Павлов инсанды айбандан бөлүп турган ар кандай баалуулугун жоготуп, аны айбанга теңештирүү үчүн инсан менен ит стүндө тажрыйбаларды өткөрдү. Батыштын илманий фалсафий бузгунчулугу бир жактуу бузгунчу талдоо даражасына чейин жетти. Ага ылайык барлык, бүткүл барлык бир гана дүлөй-дудук материядан туруп, ал жакшылыкты да, жамандыкты да, баалуулуктарды да, ахлакты да, маанини жана идеяны да билбейт. Тескерисинче, жакшылык, жамандык, баалуулуктар деп сыфаттоо (физикалык келишпестик, айлана чөйрө, ген, без, гормон, ферменттер...) сыяктуу болгону курулай маддий окуялардын сыфаты болуп эсептелет. Аларга (дары-дармектер, хирургиялык операциялар, косметикалык хирургия, углерод калдыктарын азайтуудан...) турган курулай маддий каражаттар менен жандашылат.

Эч кандай маърифий ишеним, ыйман, баалуулуктар жана ахлак жок болгон шартта максад, баалуулук, өлчөө, маани жана идея деген нерселерге да орун калбады. Алардын ордун караңгы нигилизм жана таң калычтуу күмөндөр ээлеп алды. Карама-каршылыктар теңдешип,

акталды. Туруксуздук жана белгисиздик фикирий услубга, боштук маърифий маңызга айланды. Батыш модернизми нигилизм жана маанисиздик болгон соң, демек постмодернизм пайдасыз нигилизмдин түбүнө чөгүү болуп саналат. Илманий нигилизм биринчи негизди четке каккан фалсафанын табигый натыйжасы. Бул фалсафа инсаний маселедеги маани жана идеянын негизги шарты болгон ыйманды т.а. инсанды жараткан жаратуучуга ыйман келтирүүнү бекер кылды. Андыктан, аспаптын жаратуучусун-иштеп чыгаруучусун четке каккан кафир (шахс) кантип анын маанисин жана андан көздөлгөн идеяны идирек кылат. Акыбетте, натыйжа жоктук, адашып тентирөө жана таң калуу гана болот. Муну анын философторунун бири Ричард Рорти (1937-2007-ж.) мындай ачыктаган: «Азыркы илманий хазарат ыйыктык идеясын четке кагуу же аны түптөн кайрадан талдоо менен гана чектелбейт. Тескерисинче, ал инсаний өздүккө да акыйкат булагы катары чабуул кылат».

Материалисттик илманийлик өзүнүн бузгунчу фалсафасы акыбетинде өз сакафий билимдерин акыйкаттарды бузуп көрсөтүү, күмөн жана ишенимсиздик уругун эгүү, чаташтык жана пайдасыздык келтирип чыгаруу куралдарына айлантты. Али Иззатбекович (рохимахуллох) мындай дейт: «Ошентип, биз диний социология диндин негизги маңызын, психология фаны жанды, антропология (инсанды сакафий жактан үйрөнүү) фаны инсаний шахсиятты жок кылып жатканын көрдүк. Этика (ахлак фаны) болсо биз ахлак деп эсептеп жүргөн нерсе болгону маданий өзүмчүлдүктүн бир түрү экенин көрсөттү. Т.а. этика фанында ахлак ахлакты четке кагат. Бул гана эмес, балким биология фаны инсан түпкүлүгүндө айбан, айбан болсо бир нерсе, жашоо да акыбетте болгону жансыз механизмдер деген жыйынтыкка келген».

Батыштын материалисттик илманий фалсафасынын бул хазарий бузгунчулугу адамзат башына болуп көрбөгөн кырсыктарды салды. Маселен, адамзат тарыхында биринчи жолу инсандын маани жана максады бекер кылынып, эч кандай баалуулук жана ахлакка ээ болбогон, жакшылык жана жамандык өлчөөлөрүн четке каккан, жетип келген соңку инстанциясы ар кандай кайрылуу булагын четке кагуудан турган жасалма «дин» жасалууда. Бул бузгунчу маърифий ахлаксыздык ыйык нерселерди да, мутлак нерселерди да, акыйкаттарды жана харамдарды да тааныбайт. Анда илманий инсан хазарий жактан бүтүндөй боштукта. Анын ар бир мүчөсү болгону материя жана физикалык булчуң массасы. Ушул булчуң энергиясы өндүрүү жана керектөө тармагында чирип кеткенге чейин толук иштетилет, ар кандай ахлакий же инсаний баалуулуктардан

четтетилген жана жаратуучуга болгон алакасы моюнга алынбаган абалда иштетилет. Ушул таризде материалисттик илманий фалсафа өз бузгунчулугунда өзүнүн эң маанилүү «ийгилигине» жетти. Ал да болсо, инсандын инсаний жөндөмү, өзүн жана максатын аңдоо куралы болгон акылды бекер кылуу. Бул фалсафа инсанды – курулай маддий мотивдер гана аракетке келтирген, материянын чегинен чыкпаган, бул курулай маддий аракеттен максад бир гана маддий максад болгон кумарланууга жетүү болгон – курулай маддий нерсеге айлантты. Бул фалсафага ылайык, ушул аракетке келтирген мотивдердин, организм мухтаждыктарын жана гаризаларды кандыруунун өз жаратуучусу, кайра тирилүү, эсеп-кысап берүү, сооб, жаза, жаннат, тозок, баалуулуктар, ахлак, халал жана харамга эч бир жактан тиешеси жок. Ушул таризде материалисттик илманий фалсафий түзүм жашоо фалсафасы катары материалисттик келесоолук жана маанисиз нигилизм даражасына жетти. Муну анын түзүмдөрү ачык көрсөтүп турат. Натыйжада, бузгунчулук, кайрытабигыйлык ушул фалсафага жана жашоого таандык касиетине айланды.

Батыштын илманий акылы бузгунчу болгондуктан анын иш-аракеттери өзүнүн кырсыктарынын түзүмдөрүн, азаб-кыйынчылыгынын мыйзам жана жолдорун калыптандырууга хызмат кылды. Ал өзүнүн чиркөөсүнүн адашуусунан жана зомбулугунан, руханийлеринин жана королдорунун зулумунан качып, адашып, тентиреп өзүнүн жырткыч саясаты үчүн башкаруу түзүмүн гректердин демократиясынан көчүрүп алды. Динден качуу үчүн Батыштын илманий акылы адамзат тарыхындагы ширк тереңдиктеринин эң түбүнө жетип, гректер Афинасы жана ал өз кулдарын башкаруу үчүн ойлоп тапкан түзүмдөрдө орношту. Батыш өз кулдарын башкаруу жана өз жырткычтыгынын идеясы боюнча аларга өзү түзүп берген токой саясатын колдонуу үчүн ушул түзүмдөрдү өздөштүрдү. Демек, Афина демократиясы Батыш өз элин кул кылуу жана өз элине каршы айла-амал куралы болуп эсептелет.

Демократия Батышка папанын чиркөөсүн өзүнүн илманий чиркөөсүнө алмаштырууга, руханийлер жана феодал королдор союзун капиталисттер жана илманий саясатчылар ортосундагы союзга алмаштырууга мүмкүнчүлүк берди. Кала берсе, илманий фалсафа мамлекет жана анын саясий вазыйфаларын коомго хызмат кылган мамлекеттен банкирлер жана ири корпорациялардан турган өкүмдар капиталист табаканын кызыкчылыктарына хызмат кылган мамлекетке айлантып, өз саясий бузгунчулугун калыптандырууну акырына жеткирди. Акыбетте, Батыш коому гана эмес, бүткүл дүйнө бул фалсафанын жырткыч конституциясы жана «эң күчтүүлөр гана тирүү

калат» деген эң жогорку мыйзамынын «токоюна» түшүп калды. Бул фалсафанын бузгунчу саясий түзүмү жырткыч башкаруунун бир куралы гана.

Батыш жамандык эмне экенин, мүнөз бузулушун жана ыфлас ахлактын түпкү маанисин өзүнүн хазарий бузгунчулугунда көрсөтүп берди. Анткени, ал дуняга ээлик укугун бир ууч капиталисттерге гана берип, алардын монополиясына айлантты. Натыйжада, алар адамзат арасында бузгунчулук, бузукулук жана кырсык алып келген каражат болуп калышты. Батыш феодалдар табакасынын ордуна банкирлер жана ири корпорациялардан турган капиталисттер табакасын алып келди. Кала берсе, илманийлик мал-дуняга өтө берилүүдөгү ушул бузгунчулукту жана бир ууч капиталисттердин бүткүл байлыкка ээ болушу жана акы-укуктарды тартып алышындагы ушул ач көздүктү алып келди. Муну талаб жана сунуштун маддий жасалгалары аркылуу базар механизминин маддий каалоосу жана өкүмү катары көрсөттү. Илманийлик бул бузгунчу экономиканы түзүмгө айлантып, ага эркин базар деп атама койду. Эркин базар деген нерсе инсанга, анын мухтадык жана гаризаларына, экономикалык проблемаларына, тиричилик жана негизги мухтаждыктарына кымындай да маани бербейт. Табигый түрдө, баалуулук, ахлак жана идеяларга таптакыр маани бербейт. Анткени, базар «дининде» эң жогорку максат пайда жана киреше болуп, пайдадан эч нерсе жогору турбайт. Бул жаатта Батыштын илманийлиги өз экономикалык бузгунчулугун ишке ашыруунун соңку даражасына жетти. Анткени, ал эркин экономика жана эркин базар аркылуу проблеманын ээсинен кутулуп, инсаний проблемага чекит койду. Муну менен адамзатка күчтүүлөр күчсүздөргө аңчылык кылган токой жаратып берди. Андан кийин өзүнүн колонизаторлугу жана ырайымсыз согуштары аркылуу ушул жийиркеничтүү жана хазарий бузгунчулукту глобалдаштырды, адамзатты үлкөн кырсыктарга салып, муну эл аралык тартип жана глобалдык система деп көрсөттү. Кала берсе, илманийлик адамзатты бактысыз жашоого жана ахвалга кириптер кылды.

Кредит Свисс банкынын маалыматына ылайык, «дуняда байлыктын жалпы көлөмү 9,8 файызга өсүп, 463,2 триллион долларга жетти. 2020-жылы дунядагы байлыктын 43.9 %ы, 2021-жылдын жыйынтыгында 45,5 %ы дуня калкынын болгону 1 %ынын колунда болгон. Ошол эле учурда, жер жүзү калкынын 50 %дан ашууну т.а. 3 миллиарддан ашуун инсан күнүнө 2,5 доллардан аз каражат менен, 1,3 миллиарддан ашуун инсан болсо 1,25 доллардан аз каражат менен күн өткөрүүдө. 805 миллион инсан болсо күндөлүк азык-түлүгүн да таба албайт». Алардын эл аралык институттарынын, БУУнун отчётунда

айтылышынча, «2021-жылы дунядагы ачка калган адамдардын саны 828 миллионга жогорулады. Беш жашка чейинки 45 миллион бала ачкалык себебтүү салмагы өтө төмөн. Беш жашка чейинки дагы 149 миллион бала туруктуу азык-түлүк жетишпегендиктен бою өспөй калган». Бул ахвалдын ачыкка чыкпай калгандары болсо дагы да ыфлас, дагы да жийикеничтүү. БУУга караштуу Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын (WFP) 2022-жылдагы отчётунда гуманитардык кырсыктардын саны жана көлөмү жарыя кылынды, ага ылайык: «Жыл сайын беш жашка чейинки 3,1 миллион бала ачкалыктан көз жумат. Бул бүткүл дуня бойлоп балдардын өлүмүнүн 45%ын түзөт. Ал эми, 16 миллион бала аз тамактануудан азаб тартууда».

Бул экономикалык бузгунчулук – илманийлик токой эксперттеринин 2020-жылдагы эсеп-китебдери боюнча – дуняда 132 миллиондан ашуун инсандын ачкалыктан дүйнөдөн катышына алып келүүдө. Бул болсо, күнүнө орточо 362 миң инсанга туура келет. Негизи, бул Хиросима жана Нагасакидеги атом бомбасынын курбандарынын санынан да көп. Хиросима жана Нагасакиде 220 миң адам өлгөн. Бул гана эмес, илманий Батыш инсанды эзүүдө азабдын ар кандай түрлөрүн эсеп-китеб кылып койгон. Маселен, сиз ачкалыктан, же наркотика дозасынан, же инсан көрүнүшүндөгү чөөлөр жей турган этке айланышыңыздан өлүшүңүз мүмкүн. Анткени, эркин базар буга кепил. Бул базарда инсан керектөөчү жана керектеле турган товар, өндүрүш жана керектөө материалы. Ошентип, эркин базар бузгунчулугу баңгизат соодасын келтирип чыгарды. Эсептөөлөргө ылайык, жашоосу бузулган баңгизат колдонуучулардын саны Америка жана Европада 300 миллион болсо, дуняда бир миллиард. Алардын көпчүлүгү жаштар. Баңгизат соодасынын көлөмү жылына 800 миллиард доллар деп бааланууда. Бул болсо, дүйнөлүк соода көлөмүнүн 8 %ы.

Бул экономикалык бузгунчулуктун курбандарынын көрсөткүчтөрүнө келсек, жыл сайын баңгизат керектөө акыбетинде жарым миллион киши өлөт. СПИД, рак, гепатит, наркотикалык заттарды керектөөгө байланыштуу психологиялык жана мүнөздөгү бузулуулар сыяктуу кырсыктуу ооруларга чалдыккандардын саны мындан эки эсе көп. Буларга кошумча уурулук, адам өлтүрүү, зомбулук жана зордуктоо кылмыштары бар. Ушул экономикалык бузгунчулук азаб-кыйынчылыктын дагы бир түрүн келтирип чыгарды, ал да болсо дене сатуу. Маселен, Батышта өткөрүлгөн изилдөөлөр боюнча сойкулук индустриясынын көлөмү 1500 миллиард доллар деп бааланды. Бул болсо, дүйнөлүк соода көлөмүнүн 15 %дан көбүн түзөт. Батыштын каргаша капитализми тарабынан алды-сатты кылынган товарга

айландырылып, инсаний кадыр баркы бүтүндөй жексен кылынган 50 миллион аял сойкуга айландырылган. Бул бузгунчулук өрчүп, зордуктоо кылмыштарын келтирип чыгарды. Маселен, Америкадагы Батыш илманийлигинин жаркын үлгүсү ушул: зордуктоо курбандарынын улуттук борбору жана зордуктоо курбандары боюнча изилдөө жана көмөк көрсөтүү борбору өзүнүн бир изилдөөсүндө билдиришинче, Вашингтондо ар саатта 78 аял зордукталат, бул жылына орточо 683 миң аял зордукталат дегени. Бул көрсөткүч улам өсүп барууда. Изилдөөдө дагы айтылышынча, 13 % америкалык аялдар өмүрүндө кеминде бир жолу зордукталган, алардын 61 %ы жашы 18ге толбогондор, 29 %ы болсо 11 жашка да кирбеген. Башка бир изилдөөдө айтылышынча, Америкада зордуктоо орточо 21 % жана 23 %ды түзөт.

Кала берсе, материалисттик илманий хазарат инсан жана адамдар ортосундагы ижтимаий (социалдык) мамилелер жөнүндөгү түшүнүктөрдү маддий кызыкчылык жана экономикалык пайда көз карашынан келип чыгып кайра калыптандырды. Натыйжада, инсанды эң аз каражат-чыгаша менен пайдаланса боло турган нерсеге, товарга, өндүрүш жана керектөө материалына айлантты. Максад рекорддук убакытта эң жогору киреше жана пайдага жетүү. Анткени, каражат, баа, киреше, пайда, убакыт, продукция иштеп чыгаруу жана керектөө сааттары бузгунчу материалисттик илманийликтин инсан жынысына, эркек менен аялдын ортосундагы ижтимаий алакаларга болгон көз карашындагы чечүүчү жана катъий өлчөөлөр.

Батыштын илманий хазараты адамзат жынысы жана анын ижтимаий түзүмү маселесинде да хазарий «кусундусун» кусту. Анткени, бул хазарат эркек, аял жана үй-бүлөнүн маңызын бузуп, жер менен жексен кылды. О.э. адамзат жынысын жана эки жыныстын ижтимаий мамилесин бузуу үчүн бузгунчу түшүнүк, термин жана маанилерди ойлоп тапты. Анын бузгунчулугунун «ириңдеринин» бири гендер деген термин болду. Эркек болобу же аялбы, анын жынысын көрсөткөн инсандын түрүн анын келбети да, эркек менен аялды бир-биринен айырмалап турган биологиялык жана физиологиялык касиеттери да белгилебейт. Тескерисинче, коомдун өлчөөлөрү, рамкалары, үрф-адаттары жана өкүмдар сакафат, фикирлер, эркектик жана аялдык маани-маңызы жөнүндөгү сакафий түшүнүктөр (илманийликтин сакафий рамкалары) белгилеп берет. Булар инсанды жыныстык жактан калыптандырып, анын жыныстык түрүн т.а. «гендерди» – анын чыныгы жынысынан жана жаратылыш табиатынан үзүп – белгилеп берет. Батыштын илманийлиги өзүнүн бузгунчулугунан жана экстремисттигинен келип чыгып, "гендер" деген

түшүнүктү ойлоп тапты, инсандын чыныгы жынысы жана инстинкттери менен кандыруу ортосунда бузулуу жаракасын пайда кылды. Натыйжада, өтө бузгунчу иш-аракеттер калыптанып, өнүктү жана инсанinformed тарыхында маалым болбогон ар түркүн көрүнүштөрдүн түсүн алды. Жада калса, Лут коому да өздөрүнүн кырсыктуу, ыфлас кылмыштарында мынчалык даражага барышпаган. Илманий фалсафа өзүнүн бузгунчулугунан келип чыгып “гендер теңдиги” деген түшүнүктү да ойлоп тапты. Мунун мааниси эркектин да, аялдын да өзүнө таандык касиети жок, эркектик менен аялдык ортосунда эч кандай айырма жок дегени. Андан кийин ал эл аралык институттар аркылуу ушул ижтимаий бузгунчулукту глобалдаштырып, адам укуктары дүйнөлүк декларациясынын бир бөлүгүнө айлантты. О.э. аны туруктуу өнүгүүнүн жана адам укуктарына тиешелүү илманий сакофатты бекемдөөнүн негизги шарты кылды. Андан кийин бул жыныстык бузуу жана инсан түрүн талкалоо эл аралык саясат болуп калды. Аны жада калса бала бакчалардагы жана мектебдердеги балдарга да таълим программалары жана оюнчуктар аркылуу мажбурлап тыгыштырыла турган болду. “Гендер” термини Бириккен Улуттар Уюму тарабынан 1995-жылы Пекин конференциясында кабыл алынып, аны зээндерге сиңдирүү үчүн үгүттөлдү, жада калса, корутунду билдирүүдө “гендер” сөзү 233 жолу айтылды.

Фитратка каршы мындай бузгунчу душмандык кырсыктуу акыбеттерсиз жана инсаният кырсыгысыз өтүп кетпеди. Коомдор кыйрап, ойрон болгону тууралуу көрсөткүчтөр муну жаркын көрсөтүп турат. Маселен, гомосексуалдар арасында өз жанына кол салуу даражасы Батыштагы өз жанына кол салуулар арасында эң жогору көрсөткүчтө. Түшкүндүккө түшүү жана баңгизаттарга берилүү көрсөткүчү да кудум ушундай жогору. Американын 2020-жылдагы статистикалык маалыматтарына ылайык, «гомосексуализмдин алгачкы беш жылынан кийин 92 файыз гомосексуалдар кеминде бир жолу өз өмүрүнө кол салган болсо, алардын 97 файызы психологиялык дарыланууга кайрылышкан». Буга кошумча, СПИД сыяктуу алардын арасында пайда болгон кыйратуучу оорулар бар. СПИД өткөн кылымдын токсонунчу жылдары гомосексуалдар арасында кеңири жайылгандан бери 2022-жылдын акырына чейин 40 миллиондон ашуун кишинин өмүрүн алды. Кошмо Штаттар СПИДге чалдыккандардын саны боюнча Батыш мамлекеттери арасында биринчи орунда турат. 2020-жылдагы эл каттоо маалыматтарына ылайык, АКШда СПИДга чалдыккан 1,1 миллиондан ашык гомосексуалисттер бар.

Бул ыфлас илманий фалсафа куулган шайтандын кыйратуучу азгырыгынан башка нерсе эмес. Адамзаттын ижтимаий маселесин бүтүндөй кыйратып, өзүнүн бузгунчулугун амалга ашырмайынча бул лаънати токтобойт. Лаънати CEDAW (аялдарды кемсинтүүнүн бардык түрлөрүн токтотуу жөнүндөгү БУУ конвенциясы) аял жана үй-бүлөнү бузуу механизми болду. Бул конвенция аркылуу ижтимаий бузгунчулук эл аралык келишим көрүнүшүндө глобалдаштырылды. Бул «аялды дискриминациялоонун бардык түрүн токтотуу» деген берене астында ишке ашырылды. Материалисттик илманийлик көз караш боюнча, аял курулай маддий дене гана болуп эсептелет. Аны маддий өлчөөлөр аркылуу бузуп, ал буюм, товар, өндүрүш жана керектөө материалына айландырылгандан кийин маддий кийматы анын жыныстык кызыктырууучулугуна карап, андан ырахат алуу аркылуу түшө турган экономикалык киреше жана пайдага карап белгиленип калды. Батыштын ижтимаий бузгунчулугу жана аялды жексен кылган бузгунчу маддий өлчөөлөрү акыбетте аялды ырахат иштеп чыгара турган, зийнат жана жасалга буюмдары катары керектеле турган, үлкөн киреше алып келе турган сойкуга айлантты. Өз бузгунчулугу жана экстремисттиги менен кырсык алып келген Батыш аялды сойкуга, бузукулук жана сойкулукту шахсий эркиндикке, шахсий эркиндикти болсо инсандын денеси сатыла турган индустрия жана соодага айлантты. Батыш өзүнүн жамандыгын улантып, бул бузгунчулукту жалпылаштырууга жана глобалдаштырууга аракет кылууда. CEDAW ушул жийиркеничтүү ижтимаий бузгунчулукту глобалдаштыруу үчүн түзүлгөн конвенция болуп, аялды бир ууч капиталист жырткычтарга жана алардын кирешелерин көбөйтүүгө хызмат кылган товарга айлантуу аркылуу аялдын сый-урматын жана инсанийлигин тебелейт.

Изилдөөчү Ричард Поллан өзүнүн «Сойкулук... ар кандай өнөр сыяктуу бир өнөр» деген китебинде сойкулук индустриясынын дүйнөлүк масштабдагы көлөмүн 1500 миллиард доллар, сойкулардын армиясын болсо 50 миллион аял деп баалады. Туурасы, Таиланд сыяктуу бүтүндөй бир мамлекет сойкуканага айландырылган. Таиланд модели – аялды товарга, керектөө материалына жана кумарлануу буюмуна айлантуу модели. Анткени, Америка өзүнүн хазарий бузгунчулугу үчүн «инкубаторго» айлантырган бул Азия мамлекетинде сойкулук сектору жалпы кирешенин эң маанилүү булагына айланган. Батыш

жалпылаштырууга аракет кылып жаткан нерсе мына ушул. Анын эң натыйжалуу механизмлаининин бири жыныстык туризм жана аны экономикалык тармакка айлантуу. Бул туризмге шыктандыруу болуп эсептелет. Эл аралык институттардын туризмди экономикалык тармак катары кайра-кайра сунуштоосунун артында түздөн-түз хазарий чабуул куралдарынын бири болгон туризмдин зыяндуу максадын жашыруу жатат. Демек, баскынчы аскерлердин ордун батыштык ахлаксыз жана гомосексуалист саякатчылардан турган баскынчы армиялар ээлейт.

Коом мына ушундай башаламандыкка, инсан жынысынын ачык-айкын белгилерин кескин жана ырайымсыз таризде бузуу баткагына малынды. Мунун натыйжасында эркек менен аялдын вазыйфалары жана алардын ролдорунда бузулуу жүзөгө келди. Булар гендер бузгунчулугунун эркектик менен аялдыкты табигый эмес таризде теңдештирүү, аларды бир-биринен бөлүп турган айырмаларды жок кылуу, фитратты бузуу жана эркектик менен аялдыкты бир өткүнчү, капыстык маселеге айлантуу аркылуу ишке ашырылды. Мына ушулардан кийин Батыш өзүнүн хазарий бузгунчулугунан келип чыгып, инсаният коомунун ядросу болгон үй-бүлөнү жана эркек менен аялды бир-бирине байлаган никени жок кылуу жана кыйратууга жетип келди. Ошентип, ал инсанды, андан кийин анын эркек менен аял жынысын, андан соң алардын табигый өнөктөштүгү болгон үй-бүлөнү бузбу. Батыш өзүнүн ижтимаий бузгунчулугунан келип чыгып, адамзаттын жок болуп, кыйроого жүз тутуусун жакындаштырууга аракет кылууда, инсаний коомдун ядросу жана инсандын сакталып калуу себебчиси болгон үй-бүлөнү бузуу менен бузгунчулуктун эң чокусуна жетти.

Батыш өзүнүн ижтимаий бузгунчулугу себебтүү турмуш куруунун бузгунчу көрүнүштөрүн пайда кылды. «Үй-бүлө жана келечектеги проблемалар» китебинде келтирилген БУУ отчётторунун биринде үй-бүлө куруунун 12 түрдүү көрүнүшү жана жолу көрсөтүлгөн. Алардын бири бир түрдөгү жыныстагы гомосексуал үй-бүлөлөр. Пекин конференциясы ижтимаий чөйрөгө ылайык 6 түрдөгү үй-бүлө бар экенин макулдаган. Андан кийин калктын маселелерине багышталган Каир конференциясы аракет программасы документи гомосексуалдардын укугун белгиледи. Документте «Нике жана жакындыктын башка көрүнүштөрүнө таандык саясаттарда дискриминацияга жол бербөө керек» деп айтылган. Андан соң турмуш куруунун бузгунчу көрүнүштөрү «үй-бүлө куруунун бардык

көрүнүштөрү» деген аталыш менен ачыкталды. Ушул бузгунчулукту улантып лаънати CEDAW конвенциясынын бешинчи беренесинде аялдын вазыйфасы ар кандай шахс аткара ала турган ижтимаий вазыйфа деп сыфатталган.

Батыштын ижтимаий бузгунчулугу насил жана тууганчылыкты бүтүндөй талкалаган. Анда насил, тууганчылык, перзенттер, неберелер, ата-баба жана урпак-муун деген түшүнүк жок. Батыштын гендерлигине жана гомосексуализмине ылайык, ата-энелер, ага-инилер, эже-карын

Ушул бузгунчу ижтимаий ахвал, анын уусу, ыфлас мөмөлөрү жана кыйратуучу акыбеттери токтойт ким айта алат?! Бул ахвал мына ушундай куфр илманий фалсафа тарабынан канча колдоп-кубатталбасын, мусибат көрсөткүчтөрү өмүрдөн эмес, өз жанына кол салуудан жана өлүмдөн дарек берүүдө. Европа жана анын бактысыз союзунда туулгандардын 47 файызы зинадан туулган. Франция бул ижтимаий бузгунчулуктун эң жогору чокусунда болуп, бул көрсөткүч ал жерде 60 файызды түзөт. Британияда болсо, 2018-жылдын акыркы статистикалык маалыматтарына ылайык, 50 файыздан ашкан. Үй-бүлөлүк турмуштун кыйроо маселесине келсек, АКШ саламаттыкты сактоо статистика борбору 2020-жылы жарыя кылган маалыматтарга ылайык, үй-бүлө куруулардын саны болуп көрбөгөн рекорддук даражада азайган. Кала берсе, бул бузгунчу ижтимаий абал төрөлүү көрсөткүчтөрүнүн кескин төмөндөшүнө, калк структурасындагы шайкештиксиздиктерге жана карылыктын кеңири жайылышына алып келди. Ошондуктан, Европага «Кары Европа» деген аталыш бүтүндөй ылайык келүүдө. Анткени, дунядагы карылардын эң чоң бөлүгү Европада жашайт. 2021-жылдагы эсеп-китебдерге ылайык, Европа калкынын саны дээрлик бир миллиардга жетейин деп калды. Алардын 191 миллиону жашы 60дан ашкандар. Европа Союзу калкынын бештен бири 65 жаштан ашкандарды түзөт. Еврокомиссиянын «Евростат» статистика хызматы 2022-жылы июлда жарыялаган отчётто 2021-жылы Европа Союзу калкынын санында жаңы төмөндөө бар экени аныкталган. Бул 2020-жылдагы төмөндөөдөн кийинки абал. Европанын карып бара жатканы анын жок болуп кетишинин, Европа коомунун кулоого жүз тутушунун далалатына айланды.

Андан кийин бул ижтимаий бузгунчулук өрчүп, махрамдар арасындагы зина жана балдарды зордуктоо учурлары көбөйдү. Франциянын «Медиапарт» гезити билдиришинче, Франциядагы

махрамдар арасындагы зина маселеси боюнча түзүлгөн комиссия өзүнүн 2023-жылдагы отчётунда үрөй учурган, таң калтырган көрсөткүчтөрдү маалым кылды. Бул көрсөткүчтөр жыл сайын Францияда 160 миңге жакын бала махрам тууганадары тарабынан зордуктоого дуушар болуп жатканын көрсөткөн. Отчётто айтылышынча, мамлекетте жалпы 5,5 миллионго жакын курбан бар, алардын көпчүлүгү (ар бир ондун тогузу) аялдарды түзөт. Азыр алардын орточо жашы 44 тегерегинде. Ар бир 4 курбандын биринин жашы жыныстык зомбулукка дуушар болгон учурда 5 жаштан да ашпаган. О.э. отчётто курбандарга болгон психикалык жана дене бойлук кырсыктуу таасирлер жөнүндө да сөз кылынып, алардын арасында баңгизат колдонуу жана өз өмүрүнө кол салуу жогорку көрсөткүчтө. Мунун бир кыйроо жана акыры көрүнбөгөн азаб-кыйынчылык экендиги маалым.

Лаънати Батыш өз өмүрүнө кол салууга чечим кылган, анын хазарий бузгунчулугу кан тамырларын кесе турган канжар. Жазуучулар Ричард Кук жана Крис Смиттин «Батыштын өз өмүрүнө кол салышы» китебинде мындай делет: «Эгер, Батышта бирер кризис болсо, бул анын кулашы жана фикир, идеялары камтылган ички кризис болуп эсептелет». Америкалык саясий мутафаккир Патрик Бьюкенен өзүнүн «Батыштын өлүмү» аттуу китебинде Батыштын өлүмүнөн жана хазаратынын кулашынан дарек берген факторлор ички факторлор экенин баса белгилеп, алар «төрөлүүнүн төмөндөшү, үй-бүлөнүн ижтимаий ячейка катары «эрип» жок болушу, аялдардын табигый жашоону (турмуш курууну, перзент көрүүнү жана камкордук кылууну) каалабастыгы, жаштардын турмуш курууну каалабастыгы, жыныстык алака жана бачабаздыктын кеңири жайылышы жана бул табигый эмес тенденцияларды коргоодон» турарын айтат.

Бул ижтимаий бузгунчулуктун артында жашырынган ыфлас максаддар андан да жийиркеничтүү, андан да жаман. Анткени, инсанды, анын турмушун жана ижтимаий жашоосун программаланган таризде бузуп жок кылуу фалсафа болуп калыптанышынан мурун өкүмдар тайпа тарабынан иштелип чыккан план жана идея болуп, ушул аркылуу илманий жырткычтыкты жана жапайылыкты башкаруу көздөлгөн. Батыш фалсафасы жана хазараты маңызынан бузгунчу болсо да, бүгүн ушул чектен чыккан бузгунчулукту азыктандырып, аны эң чокусуна алып чыгып жаткандар мамлекетке жана коомго өкүмдар болуп алып, фикир

жана саясатты багыттап жаткан капиталисттер тайпасы болуп эсептелет. Бул кырсыктуу бузгунчулук бүгүнкү күндө ушул капиталисттер тайпасынын куралына айланды. Алар бул куралдын жардамында ичкериде системанын ушул абалда турушун көзөмөлдөп жатышкан болсо, тышкарыда андан өздөрүнүн колонизаторлугу жана өкүмдарлыгы үчүн ишке ашырып жаткан ойрончулукта пайдаланышууда.

Жакынкы тарыхтан бизге маалым болгондой, бул кеңири жайылган порнография жана жыныстык башаламандык Батышта массалык түс алып, ага «жыныстык ыңкылаб» деген атама берилди. Бул термин алтымышынчы жылдардын акыры жана жетимишинчи жылдардын башында Батыш дүйнөсүндө жыныстык алакалардагы түптөн өзгөрүүнү айгинелөө үчүн колдонула турган болду. Порнография жашоонун фалсафасы катары калыптанышынан мурун ушундай бир ыфлас план жана идея эле, Батыштагы капиталисттик өкүмдар тайпа өздөрүнүн антиыңкылабын ушул план жана идея негизинде башкарышкан. Алардын бул антиыңкылабы капиталисттик системадагы эң терең жана эң катаал революциялык козголоңго каршы коюлган эле. Биз 1968-жылдагы май козголоңун назарга алып жатабыз. Ал козголоңду Батыш мутафаккирлери, интеллигенттер, университет студенттери жетектеп, наразылык демонстрациялары бүткүл Европа жана Америкада өкүм сүрүп, кеңири жайылган. Ал Батыш фалсафий системасына, анын капиталисттик жана коммунисттик талдоосуна каршы терең наразылык жана козголоң болгон. Ошондо капитализм шайтандары «жыныстык ыңкылаб» деген өздөрүнүн антиыңкылабын ойлоп табышты. Ал өкүмдар капиталисттер жана бийликтегилер үчүн фалсафа жана саясат болуп калды. О.э. Батыш мутафаккирлери, интеллигенттери жана студенттери жетектеген козголоңду башка нукка буруп, алардын кыжырдануусун басуу, аракеттерин токтотуу, максаддарын өзгөртүү үчүн пайдаланылган план болуп калды. Натыйжада, системаны жана анын хазаратын жемирип, ойрон кылуу, анын фалсафасын түптөн өзгөртүүнүн ордуна жыныстык бузгунчулук талабга айланды.

Бүгүн гомосексуализм Батыштагы жырткыч жана жапайы башкаруу саясатынын уландысы болуп эсептелет. 2008-жылы жүз берген экономикалык кризис капиталисттик экономиканын, анын ири банктарынын жүрөгүнө катуу сокку берди. Анын Батыштагы

кырсыктуу таасирлери жүзөгө келди. Илманий системанын банкрот болушу жана анын негизги структуралык таянычы болгон экономикалык түзүмдүн кулашы анык көрүнө баштады. Ошону менен бирге, жарылуудан дарек берген козголоң жана күчтүү вакуум аламаттары пайда болду. Ошондо гомосексуализм абдан пайдалуу болду. Ал кыйраган системага каршы козголоңду алдын алуу фалсафасы, жырткыч жана жапайы башкаруу саясаты болуп хызмат кылды. Бул кеңири көлөмдүү порнография, чектен чыккан кумарлануу, бул даражада бат жана тездик менен жайылып жаткан гомосексуализмден максад Батыштагы инсанды түзүм-система машинасында эритүү болуп саналат. Инсан түзүмдүн ажырагыс бөлүгүнө айланшы көздөлгөн. Натыйжада, ал системанын туруктуу сакталып калышын коргоо үчүн өмүрүн да аябайт. О.э. өзүнүн ахлаксыздыгында жана бузгунчулугунда Батыш фалсафасы, хазараты, түзүмдөрүнүн ахлаксыздыгы жана бузгунчулугу менен бүтүндөй ылайыкташып кетет. Бул кезде Батыштагы жыныстык бузулган инсан ушул бузгунчу системаны коргоодо жанын саят. Анткени, бул система ага анын табигый эмес кандырууларынын бардык себеб жана шарттарын камсыздап берет. Ал ахлаксыз, бузгунчу өмүр сүргөн шартты ушул системада жана анын жардамында гана табат. Бул гана эмес, жада калса Батыштагы инсан мухтаждыктары, жалпысынан инсандын табигый мухтаждыктарынын компасы башка тарапка бурулуп, алардын ордуна жасалма бузгунчу мухтаждыктар пайда кылынды жана алар талабга айландырылды. Батыш шаарларындагы гей-параддар мунун жаркын көрүнүшү. Ушул орунда проблеманы система жана өкүмдар тайпа проблемасынан коомдогу гейлер проблемасына айлантуу менен Батыштын ичиндеги тузак дагы да бекемделди.

Ал эми, Батыштан тышкы дүйнөдө порнография жана гомосексуализм Батыштын адамзат үчүн койгон тузагы болуп, андан адамзаттын бир бөлүгүн жок кылуу көздөлгөн. Башка бир бөлүгүн болсо, чалгытмакчы болуп, анын Исламына, хазарий жогорулашына, фикирий кооп-коркунучуна каршы Батыш хазарий согушка кирүүдө. Анткени, ал капиталист тайпага хызмат кылуу үчүн өзүнүн колонизаторлугу уланышын каалайт. Жок кылуу көздөлгөн биринчи бөлүгүнө келсек, Батыш өзүнүн ахлаксыздыгын, порнографиясын жана гомосексуализмин кеңири жаюуда, муну менен анын бузгунчу хазаратынан жана инсаниятты азайтуудагы көз карашынан келип чыккан талабдарды аткарууда. Инсаниятты

азайтуу Уильям Жеймс жана Мальтус назариялары болуп, калктын көбөйүү коркунучу деп айтылган же «демографиялык жарылуу» деп аталган проблеманы чечүү көздөлгөн. Анткени, Батыш калктын саны жана мухтаждыктары менен ресурстар ортосунда теңдемсиздик бар, деп туура эмес жана жалган фикирди айтышат. Ошондуктан, Батыштын калкты жок кылуу саясаты жана адамзаттын бир бөлүгүн кыргын кылуу программасы пайда болду. Киссенжердин 1974-жылдагы отчёту муну ачыктап турат. АКШ улуттук коопсуздугун кеңеши тарабынан Киссенжер отчёту деп жарыяланган бул документ «Дуняда калктын саны өсүшүнүн Америка коопсуздугу жана анын чет мамлекеттердеги кызыкчылыктарына таасири» деп аталат. Ал дарвинизмдин чыныгы жүзүн жана Батыш инсандарга карата пайдаланып бүтүп, атыла турган жана жок кылына турган буюм катары мамиледе болушундагы жырткычтыгын ачыктады. Анткени, отчётто Америка администрациясына жана анын артында турган капиталист жырткычтарга жер жүзү калкынын санын азайтуу планы белгилеп берилген. Андан максад – ушул калктарды алдын ала жок кылуу аркылуу, алардын сырьё жана байлыктарын эң аз каражаттар менен колго алуу. Отчётто айтылышынча, «АКШ экономикасы чет элден, айрыкча, өнүкпөгөн мамлекеттерден барган сайын чоң көлөмдө пайдалуу кен байлыктарды талаб кылат. Бул факт Кошмо Штаттардын ушул мамлекеттердеги саясий, экономикалык жана ижтимаий туруктуулукка карата кызыгуусун күчөтөт. Төрөлүү даражасын жана калк санын кыскартуу аркылуу демографиялык басымды азайтуу мүмкүн. Бул өз кезегинде туруктуулук мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүүгө алып келет. Ушуга ылайык, калктын санын азайтуу саясаты АКШны ресурстар менен камсыздоого жана экономикалык кызыкчылыктарына түздөн-түз байланыштуу». Инсан затын жок кылуу бузгунчу илманий фалсафа жана хазараттагы негизги багыт жана терең тамыр жайган бузгунчулук болуп эсептелет. Анын куралдары болсо төрөлүүнү чектөө, турмуш курууну жокко чыгарып, андан баш тартууга үндөө, ырайымсыз согуштар, жасалма түрдө таратылган кырсыктуу эпидемиялар жана порнографиядан тартып гомосексуализмге чейинки бузгунчулуктар болуп, булар калкты кырып, жок кылуу куралынан башка нерсе эмес.

Батыштан тышкары дунядагы чалгытууну көздөгөн экинчи бөлүккө келсек, ал Батыш үчүн андан да кооптуу, андан да

кабатырлантчу. Анткени, ал хазарий альтернативаны жана адамзатты куткарууну максад кылат. Батыш өзүнүн хазарий бузгунчулугуна жана фалсафий кыйроого баткан. Батыш ушул хазарий жасалмалык жана фикирий бузгунчулукту камтыбаган Ислам каршысында фикирий жактан катуу жеңилүүгө учурады. Ушул ахвалдагы Батыш эмне кыларын билбей калды, жеңилүү аны кыйноого салды. Ошондо ал өз жеңилүүсүн жырткычтык, пакиза кандарды төгүү, порнография жана гомосексуализм сыяктуу бузукулуктарды жаюу көрүнүшүндө жарыя кылды. Бул анын аргасыздан мусулмандардын аң-сезимин бузуу, ыйманынан чыгаруу жана фитратын бузуу үчүн болгон аракет. Максад – мусулмандарды пакиза турмуш таризинен ажыратуу. О.э. мусулмандардын Батыштын бузгунчу илманийлик долбоорун жок кылып, Исламый альтернативаны кайра башкарууга жана жетекчиликке алып келүү чечимин кыйратуу. Муну эркиндиктер жана адам укугу деген аталыш астында бузукулук жана гомосексуализмди глобалдаштыруу жана мыйзамдаштыруу үчүн өздөрү колдонгон мыйзамчылык арсеналы аркылуу ишке ашырмакчы. Жада калса, шайтандын башы болгон Америка гомосексуализм иштерин карап чыгуучу атайын элчи дайындаган. Андан кийин бул хазарий кыйроону четке каккан, ага каршы чыгып, күрөшүп жаткан ар бир киши, аныгы, мусулмандар кылмышкерге чыгарылып, аларга гомофобия, кастык, экстремизм, терроризм тамгасы жабыштырылат. Демек, порнография, гомосексуализм жана бул бузукулуктарды мусулмандар арасында жайып жаткан бул үлкөн аракет хазарий кресттүүлүк согушундагы бир кампания болуп эсептелет. Андан максад, Ислам элинин жүрөгүндөгү Ислам жана ага болгон ыйман фазилетин өлтүрүү. О.э. аларды илманийлик баткагына салуу үчүн Батыштын куфр жана адашуусуна зомбулук менен мажбурлоо.

Бу Батыштын хазарий бузгунчулугу болуп, ал олуттуу жана кооптуу түс алды. Анын хазаратка тиешелүү бузгунчу гендер түшүнүктөрү, CEDAW, гомосексуализм, ага чейинки текчилдик, материалисттик текчилдик назариялары, Мальтус жана Дарвин назариялары аркылуу геноцидди пайда кылуу, эпидемияларды жаюу, караңгы эмпиризм менен толгон (эксперименталдык, тажрыйбалык) фан, булардын баары маърифий бузулуу да, фикирий кыйроо да эмес. О.э. тайылуу көрүнүштөрү да, Батыштын материалисттик илманий системасындагы өткүнчү, капыстык

көрүнүштөр жана окуялар да эмес, тескерисинче кеңири көлөмдүү илманий фалсафанын маңызынан келип чыккан маърифий система жана фикирий жандашуу.

Биз илманий материалисттик фалсафанын маңызына жеттик. Анын маърифий базасы алкагынан тышкарыда, четинде жана айланасында жүргөнүбүз жок. Өткүнчү, капыстык же тааныш эмес фикир алкагында айланып жүргөнүбүздү айтпаса болот. Ошондуктан, анын маңызынан эч бир нерсе таң калтырбайт. Кыскасы, Батыштын хазарий бузгунчулугу жашоо жөнүндөгү бузгунчу түшүнүктөрдүн мантикий калдыгы болуп, бул түшүнүктөр бузгунчу материалисттик илманий фалсафий негизден келип чыккан.

Албетте, бул анык акыйкат болуп, бул акыйкат кыйратуучу кризистер, кырсыктар, жок кылуучу согуштар, жырткычтык, ырайымсыз колонизаторлук, текчилдик, адамзат кыргыны жана фалсафий, саясий, экономикалык жана ижтимаий бузгунчулуктун бардык түрлөрүндө даана көрүнүп турат. Жада калса, Батыштагы инсан да Батыштын материалисттик илманий системасында жашоо, бакубатчылык жана бакыт долбоору бар деп билбей калды. Тескерисинче, аны өлүм, бактысыздык, өз өмүрүнө кол салуу долбоору деп билет. Батышта бүгүн Батыш кыйроосу, кулашы, төмөндөп бара жатканы, өз өмүрүнө кол салып жатканы, өлүмү жөнүндө жана жашоо жөнүндөгү эмес, жок болууга жүз тутуу түшүнүктөрү жөнүндө кеп-сөз болууда. Батыштын материалисттик илманий хазаратынын жыйынтыгы соңку даражада караңгы болду, ар кандай кырсык жана бактысыздыктын чыныгы булагына, оорулардын баткагына жана көрүстөнгө айланды.

Оо, акыл жүргүзгөн инсандар, шек-күмөнсүз, Батыштын бузгунчу материалисттик илманийлиги ушундай бир хазарат, анын ээлери зулумдан башка нерсени билишпейт. Роббиге жана эсеп-китеб күнүнө кафир болгон, көрдүк жана жахилдик караңгылыгында адашып, жер-асман жаратуучусун майданга чакырган, өзүнүн бузукулуктарынын баткагына малынган, адамзатты жок кылууга катуу аракет кылып, аны союу, өлтүрүү үчүн бычак кайраган бул илманийлик силерге эч бир тандоо калтырбады. Бүгүнкү абалда же силер Батыштын бузгунчу хазаратын жок кыласыңар, же ал силерди!

Оо, мусулмандар, адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Умматтын уландары, улуу Ислам рисалатынын ээлери жана адамдар үстүндө

хак күбөлүк берген кишилер, силер бүткүл дүйнө үчүн куткаруучусуңар, адамзаттын кутаруучусу болосуңар. Анткени, силердин улуу Исламыңар бийик. Анын көз караштары катъий болуп, анык ишеничтүү акидага негизделген. Анын пайдубалы анык ишеничтүү, өлчөөсү да чыныгы ишеничтүү. Ал мадданы жаратып, анын ишин тадбир кылган жаратуучуга, Хабир, Алим Затка умтулат, материалисттик нигилизмди четке кагат. Бул жаркын көз караш инсанга дуня жашоо жөнүндө чыныгы элести берет. Ошону менен дуня жашоосунун маңызын жана өзүнүн дуняга келишинин себеби, максатын жана такдырын көрө билет. Натыйжада, өзүнүн бар болушу жана жашоосу үчүн маани, себеб жана максат жүзөгө келет жана өз жаратуучусунун хидаяты негизинде аң-сезимдүү аракет кылып өзүнүн азиз инсандык чокусуна көтөрүлөт.

Оо, мусулмандар, таквалар, пакиза кишилер жамааты, бул аманаткөй, ишеничтүү Хизбдин мүчөлөрү, улуу Ислам даъватын көтөрүп чыгып жаткандар, бул силердин чечүүчү кармашыңар, бул заман силердин заманыңар, бөлүнүү заманы, сыноо заманы, эки лагерь заманы, бир жаңсыл чечүү заманы, кармаш заманы. Батыштын хазарий бузгунчулугу чириди, анын жок болуу заманы келди. Бул бактысыз дүйнөнү адашуудан чыгаруу үчүн силер гана барсыңар. Бул болсо, оболу тартып алынган бийлигиңерди кайра колго алышыңар жана Роббиңердин шариятын өкүмдар кылышыңар менен гана болот. Бул үчүн араңардан Роббиңердин Китебин жана Пайгамбарыңардын ﷺ Суннатын өкүмдар кыла турган, рошид сахабаи кирамдардын сийратын, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкты кайтара турган кишиге байъат берүү туурасындагы Исламдын буйрук-өкүмүн ишке ашырууңар керек. Анткени, Халифалык четке сүрүлгөн Куръан өкүмдөрүн аткарып, Хадий Мустафа ﷺдын Суннатын тирилтет. Ошондо силер үзүлүп калган азиз исламий жашооңорду кайрадан баштайсыңар, улуу Ислам даъватын дүйнөгө нур жана хидаят катары көтөрүп чыгасыңар, жер-асман Роббиси силерден ыраазы болушу үчүн жерди асман менен байлайсыңар.

﴿هَٰذَا مَا وَعَدَنَا ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥ وَصَدَقَ ٱللَّهُ وَرَسُولُهُۥۚ﴾

***«Бул Аллах жана пайгамбары бизге убада кылган нерсе. Аллах жана пайгамбарынын сөзү ырас»*** [33:22] ❑

## ААЛАМДЫН ПАЙДА БОЛУШУ ЖӨНҮНДӨГҮ ТАЪЛИМАТ ЖАНА ЧОҢ ЖАРЫЛУУ НАЗАРИЯСЫ (1)

**Айман Салах – мубарек Фалестин жери**

Философия жана философтор пайда болгондон кийин аалам жана андагы нерселердин пайда болуу маселеси о.э. анын башталгыч чекити барбы же ал түбөлүктүүбү деген суроо пайда болду. Муну менен ааламдын жаратуучусу бар экенине ыйман келтирген жана аалам, тирүүлүктү түбөлүк деп эсептеген эки топ пайда болду. Куръан көрсөткөндөй, мусулмандар аалам, адам жана тирүүлүк жөнүндөгү аклий тафаккур аркылуу важибул вужуд (бар болушу зарыл болгон) жаратуучуга ыйман келтиришкен. Ал эми, Батышта чиркөө адамдарга аклий тафаккурсуз жаратуучуга ишенүүнү зарыл кылган. Динди турмуштан бөлүү акыйдасы пайда болгон соң, бул маселе илимий майданга чыкты. Аалымдар муну илимий жол менен чечүүгө киришти. Мунун натыйжасында ааламдын пайда болушу жана жерде тирүүлүктүн башталышына түшүндүрмө катары чоң жарылуу жана эволюция назариясы пайда болду. Бир топ атеист аалымдар ар бир нерсе материя, материядан тышкары илим-фан идирек кылбаган эч нерсе жок деп жар сала башташты. Алар фан жаратуучунун бар экенин далилдебейт, аалам түбөлүк деген фикирди алга сүрүштү. Ал эми, бир топ мусулман мутафаккирлери Аллахтын бар экенин жана исламий акыйданын туура экенин далилдөө үчүн дүйнөнүн пайда болушу жөнүндө физиктер жана астрономдор тарабынан иштелип чыккан илимий багыт жана илимий назариялардан пайдаланмакчы болушту. Алар креационист аалымдардын жолун карманып, көптөгөн аяттарды илимий назарияларга ылайык келиши үчүн таъвил кылышты. Натыйжада, исламий акыйдага тескери болгон фикирлерди пайда кылышты. Себеби, изденүүдөгү бул жол аклий тафаккур багытына, Куръани Каримдин вакиълигине жана анын далил келтирүү багытына тескери.

**Кириш сөз:**

Философия жана философтор пайда болгондон баштап көптөгөн талаш-тартышууларга себеп болуп жаткан маселелердин бири – ааламдын пайда болуу маселеси. «Аалам жана андагы нерселер кантип пайда болгон?», «Ааламдын башталгыч чекити барбы же ал түбөлүкпү?», «Аалам, тирүүлүк жана адам эмнеге пайда болгон?». Ушул суроолор адамда эң чоң түйүндү түзөт. Жашоо жөнүндөгү суроолорго кошумча «Бул жашоо эмне, андан кийин кандай жашоо бар, жашоонун өзүнөн мурунку жана кийинкиге кандай алакасы бар?» деген суроолор да бар. Булар акылы бүтүн ар кандай адамда пайда боло турган табигый суроолор. Философтордун жалгандары менен

фитраты булганбаган ар кандай кишинин акылды канааттандыра турган, фитратка ылайык келе турган жоопту табышы оңой жана жеңил. Бирок, философия жана философтор көптөгөн ой-божомолдорду алга сүрүп, бул маселе боюнча чоң талаш-тартышууларды келтирип чыгарды. Тартышуулар ааламдын жаратуучусу бар деген топ менен аалам жана тирүүлүк түбөлүк деген топтун ортосунда болду. Аалам, адам жана тирүүлүк жөнүндө аклий фикир жүргүзгөндө, жалгыздык, илахтык, илим, кудурет сыяктуу өзүнө таандык улуулук жана жетиктик сыфаттары менен айырмаланып турган важибул вужуд жаратуучунун бар экендиги туурасындагы ыйманга жетүү мүмкүн. Аклий тафаккур жардамында жаратуучу башкага муктаждык же өзү жараткан нерселерге окшоштук сыяктуу ар кандай кемчиликтер менен сыфатталышы мүмкүн эмес. Бул таризде ыйман келтирүү эң чоң түйүндү чечет, акылды канааттандырат, адамдын фитратына туура келет жана жүрөктү кадыржам кылат деп билебиз. Андан кийин жүрөк башка далилдерге муктаждык сезбейт, шек-күмөнгө барбайт. Ошондуктан, бул талаш Исламдын талкуу майданында кеңири жайылбайт. Себеби, Ислам буюрган аклий тафаккур бардык атеисттик фикирлердин үнүн басуу үчүн жетиштүү. Ал эми, Батышта руханийлер жаратуучунун бар экенине эч кандай аклий тафаккурсуз моюн сунуу керектигин айтышат. О.э. балага муктаж жана ата, уул, Рухул Кудска бөлүнүү сыяктуу кемчиликтерден жаратуучуну аруулашпайт. Алар бардык диний иштерде, жаратуучуга ыйман келтирүүдө туура аклий тафаккурга тыюу салышкан, дин ишинде фикир жүргүзгөн ар кандай адам куугунтукталган. Ошондуктан, Батышта бул маселе боюнча карама-каршылык курч бойдон калды. Ал тургай, көпчүлүк батыштык аалым жана мутафаккирлер жаратуучу болушу зарылдыгына жол табышкан. Бирок, алар бул жаратуучу кемчиликтүү сыфаттарга ээ чиркөө кудайы эмес деп иътикад кылышкан. Белгилүү физик аалым Ньютон да ушул багытта болгон дешет.

Болжол менен бир кылым мурун Батыш өлкөлөрүндө илимий материализм пайда болгондон тартып, акыркы он жылдыкта бул маселе туурасында талаш-тартышуулар көбөйдү. Бул талаштар бардык тармакта илимий ыңкылап болгондон кийин, фан көптөгөн проблемаларды чече баштаган жана Батыш коому динди турмуштан бөлүүгө жана руханийлерди чиркөөдөн сырттагы ар кандай билим же фикирден четтетүүгө ыраазы болгондон кийин, Коммунисттик партия жетектеген материалист атеисттер материалисттик атеисттик тафаккур негизинде мамлекет курууга жетишкенде жүз берди. Муну менен ар бир нерсе материя, материядан тышкары фан идирет

кылбаган эч нерсе жок деген көз караш интеллектуалдык жана илимий чөйрөлөрдө өкүмдар түшүнүккө айланды. Натыйжада, Батышта аалам кантип пайда болгондугу жөнүндөгү фикир негизинде бир нече агымдар пайда болду. Алардын бири жаратуучуга эч кандай фикирий изденүүлөрсүз ишенген топ болуп, алар чиркөө кишилери. Дагы бири материя жана ааламды түбөлүк, жаратуучуга муктаждык жок деп билген материалист атеисттер тобу. Ал эми, үчүнчү топ фанды кудай даражасына көтөргөн. Алар фан аалам, адам жана тирүүлүк жөнүндө өзүнчө көз карашка ээ философиялык акыйда-таълиматка айланышы үчүн бир гана фан далилдей алган нерсеге ишенишет. Бирок, кээ бир мушахадаларда илимий болбогон гайбий философиялык түшүндүрүүлөргө да таянышкан. Бул көз караштардын келип чыгышына чиркөө кишилери тарабынан жооп болбогону о.э. кээ бирлерди жалаң гана сезиле турган нерселерге ишенүүгө алып келген материялдык кыска назар тандоо себеп болду. Ошондуктан, аалымдар илимий багыт аркылуу бул маселеге аалам жана тирүүлүктүн бар экенин түшүндүрүп бере турган илимий назариялар көрүнүшүндө жооп табууну көздөштү.

**Чоң жарылуу назариясы**

Аалам жана анын пайда болушу жөнүндө кеңири тараган илимий назария стационардык дүйнө назариясы эле. Ага ылайык, аалам сфере сымал формага ээ жана пайда болгондон бери туруктуу болуп, учурда да ушундай, келечекте да ушундай абалда калат. Бул назария ааламдын чектелгенин жана жаратуучуга муктаж экендигин моюнга алат. Айланма же термелүүчү аалам назариясы (Oscillating universe) да бар. Ага ылайык, аалам жарылат, кеңейет, кийин кеңейүүдө энергиясын түгөтүп барат. Андан кийин тартышуу күчтөрү үстөм келип, кайра биригет. Кийин дагы да жарылат ж.б.у.с. Ушул себептен улам, аалам түбөлүк. Алар менен бирге, жаңыдан жаратылыш назариясы да бар. Алардан кийин ааламдын кеңейиши жана чоң жарылуу назариясы пайда болду. Бул назарияга ылайык, аалам кеңейип галактикалар бири-биринен алыстай берет. Бул назария жөнүндө 1929-жылдан баштап айтыла баштады[1].

Ааламдын кеңейүү назариясына ылайык, галактикалардын бири-биринен алысташуусу, алардын ар түрдүү багыттарга карап аракеттениши эсебинен болбой, балким, алар турган жайдын кеңейиши натыйжасында галактикалардын ортосундагы аралыктын кеңейиши эсебинен болот. Аалымдан кеңейип жатканын, галактикалардын бири-биринен алыстап жатканын же жылдыздардын

(1) Бул назарияны биринчи болуп (Edwin Hubble) айткан.

ортосундагы аралык көбөйгөнүн өздөрү көрүшпөгөн. Бирок, алар жылдыз жана алыскы галактикалардан келип жаткан жарыктык спектринен ушундай тыянак чыгарышкан. Т.а. көрүнгөн жарыктык спектринин көк түстөн кызыл спектрге жылышын байкап, мындан жарыктыктын булагы бизден алысташууда т.а. жылдыздар жана галактикалар бизден алысташууда деген тыянакка келишти. Андан кийин аалам бүгүнкү күндө кеңейүүдө, ошондуктан, тарыхта азыркыдан кичине о.э. жылдыз жана планеталар бүгүнкүгө караганда бири-бирне жакын болгон дешти. Андан соң кеңейүүнү тескери таблицасын түзүштү. Мында галактикалар бири-бирине дагы да жакындашат. Тартылуу күчү аларды жалгыз массага айлантканга чейин бири-бирине жакындай берет. Акыбетте тартылуу күчү аны катуу кысып, аалам материясын өтө эле кичине жана тыгыз абалга алып келет деп элестетишти. Бул бириккен тыгыз материяны жалгыз материя деп аташты. Аны алгач жумурткадай же төөнөгүчтүн башындай, кээ бирөөлөр кымын же андан да кичине деп божомол кылышты. Акыркы эсептөөлөргө ылайык, аны бир сантиметрдан $10^{-33}$ эсе кичине деп белгилешти. Бул физикада «Планк узундугу» деп аталат. Бул аалымдар ааламдын жашын т.а. ушул абалда болгон убакытты божомолдоодо келише алышпады. Алгач 25 миллиард жыл деп белгилешти. Андан кийин бир нече божомолдор ортого салынып, акыры 13.7 милиард жылга барып токтоду. Бул аалымдар айтышынча, кече жана бүгүн деген нерселер болбогон т.а. заман жана мекени болбогон нөлгө барабар биринчи убакта ошол жогору тыгыздыктагы, кичине жалгыз материя бөлүнүп же жарылып, бөлүктөргө бөлүнгөн. Андан кийин алардан атомдор, жылдыздар, элемент жана бирикмелер пайда болгон. Ааламдын бул таризде пайда болуу назариясына 1948-жылы "чоң жарылуу" (BigBang) аты берилди. Белгилүү болгондой, бул аталышты койгондор ушул назарияга канааттангандан эмес, балким, маскара кылгандан коюшкан. Бирок, бул аталыш жалпылашты[1]. Аалымдар бул назарияны кубаттаган далилдерди издөөнү улантышты. Аларда 1965-жылы чоң жарылуу назариясы туура экенине далил деп эсептешкен космостук микротолкундуу фон нурлануулардан пайда болгон микротолкундар, фотондор жана гелийге тиешелүү байкоолор жүзөгө келди. Айтымында, чоң жарылуу назариясына тушунда иштелип чыккан дагы бир назария да бар. Бул туруктуу аалам жана стационардык дүйнө назариясы болуп, ал ааламды түбөлүк деп эсептейт. Бул назария жыйырманчы кылымдын ортолорунда кеңири тараган болсо да, бирок, аны алга сүргөндөндүн өлүмүнөн кийин

(1) Бул ысым менен атаган биринчи адам сэр Фред Хойл. Ал 1949-жылы 28-мартта Би-Би-Би радиосу эфирге чыгарган программа учурунда ушул аталыш менен атаган.

жаңы колдоп-кубаттоочулар чыкпагандыктан жыйырманчы кылымдын акырына келип бүткөн.

Андан кийин чоң жарылуу назариясын алга сүрүүчүлөр жарылуунун биринчи ирмеминде пайда болгон, азыркы ааламда жок болгон, бирок, анын вужуду нейтрино, кварклар, материя жана антиматерия сыяктуу баскыч-баскыч уланган нерселер бар деп божомолдошду. О.э. чоң жарылуунун тарапкерлери ааламдын ар бир баскычтагы кеңейүү тездигин, температура, басым жана башка физиологиялык өзгөрүүлөр даражасын эсептеп чыгышты. Алар жылдыздар ядросундагы атомдор жана элементтердин пайда болуу механизмин иштеп чыгышты. Андан кийин субатомдук кымын жөнүндө нейтрино деп аталган кымын бар, ал өтө кичине массанын биринчи жарылышынын натыйжасында пайда болгон, андан соң протон жана электронго бөлүнүп кеткен деп айтышты. Алардын айтымында, материя жана антиматерия деген нерсе да бар болгон жана алардын ортосунда кандайдыр бир нерсе жүз берген. Мунун натыйжасында, атомдор жана элементтерди келтирип чыгарган термоядролук реакция жана реакциялар схемасы пайда болгон. Алар ааламдагы бардык нерселердин калыптануу жараянына байланыштуу өтө көп, назик жана көпчүлүгү жасалма болгон тафсилаттарды келтиришти. Качан алар түшүндүрүүгө кыйын бир маселеге туш келишсе же жараян учурунда бирер ашууга туш келишсе, окуялар чынжырындагы боштукту толтуруу үчүн мүмкүн болушунча ушул мыйзамдарга ылайык келе турган жана ашууну ашууга жардам бере турган ой жүгүртүүлөрдү алга сүрүштү.

Ааламдын пайда болушу жана табият мыйзамдарына ылайык өнүгүшүн-эволюциясын түшүндүрүү үчүн иштелип чыккан чоң жарылуу назариясы ааламдын башталгыч чекити бар экенине, башталгыч чекити болгон ар бир нерсенин акыркы чекити да болушуна ачык-айкын далалат кылат. Ошондуктан, аалымдар келечекте ааламда түгөнгөнгө чейин жүз бере турган өзгөрүүлөрдүн сценарийин башарат кылып мындай дешти: «Табият жана физика мыйзамдары бүгүн ааламды кеңейтүүдө жана бул кеңейтүү жараяны ушул таризде уланат. Келечекте бир нече ыктымалдар болушу күтүлүүдө: же аалам кеңейүүдө токтобой-чексиз уланат же тартылуу күчү кеңейишинин алдын алууда рол ойноп, аалам чоң жарылуунун тескериси катары чоң кыйроо менен аягына жетет жана аста-секин кыскарып, бири-бирине киришип, түгөнүп кетет».

Чоң жарылуу назариясына канааттанган астраном жана биолог окумуштуулар бул жараянды аалам жана тирүүлүк пайда болушунун жана эволюциясынын ажырагыс бир бөлүгү деп билишет. Алардын айтымында, эволюциянын мааниси кеңири көлөмдүү болуп, бир нече

ири окуяларда замандар өтүп пайда болгон. Муну төмөндөгүдөй бөлүштүрүү мүмкүн: 1) астраномиялык-физикалык эволюция. Мында аалам жоктон бар болгон жана жер пайда болуп, жашоо үчүн жарактуу абалга келген. 2) Физикалык-химиялык эволюция. Мында түрдүү элементтердин атомдору пайда болуп, кээ бир химиялык бирикмелер пайда болушу үчүн реакцияга кирише баштайт. Бул эки бөлүк аалам материясынын пайда болушуна жана эволюциясына байланыштуу. 3) Биологиялык эволюция. Мында тирүүлүк жансыз заттардан пайда болгон. Андан кийин эволюция жүз берип, бактериялардан тартып сүт эмизүүчүлөргө чейинки үлкөн ар түрдүү тирүү организмдер жүзөгө келген, адам пайда болгон. Бул «Дарвин назариясы» деп таанылган. Алардын айтымында, бул үч маселенин бирин изилдеп жаткан адам калган экөөсүн назардан четте калтыра албайт. Себеби, алар бир караганда ар түрдүү жана өзүнчө болуп көрүнсө да, түпкүлүгүндө өз ара байланышкан маселелер.

Чоң жарылуу назариясынын ааламдын башталгыч чекити бар экенине далалат кылган маселеси илахиятчыларды шыктандырды. Ошондуктан, астраном, физик аалым Роберт Жастроу өзүнүн «Кудай жана астраномия» китебинде мындай деп айтат: «Мантикий багытка адаттанган аалым үчүн чоң жарылуу кыссасы кудум коркунучтуу түш сыяктуу аяктаганга окшойт. Ал адашуу тоолорун багынтууга киришип, чокудагы акыркы аскага жеткенде, кылымдар аша ушул жерде отурган илахиятчы аалымдар аны күтүп алышты»[1]. Ушул жерден, илахиятчылар менен аалым жана философтор ортосунда ааламдын пайда болушу жана чоң жарылуу назариясын чечмелөөдө карама-каршылык жүзөгө келди. Мунун натыйжасында Батышта ааламдын пайда болушу жана ушул назариянын айланасында бир нече таалимат, фикир жана позициялар пайда болду. Алардын маанилүүлөрү үчөө:

1 – Материалисттик илимий атеизм жана агностицизм мектеби. Алар аалам өзүнөн-өзү жоктон пайда болгон же ал башталышы жок түбөлүк деп айтышат. Андан кийин өнүгүп капыстан жашоо үчүн жарактуу абалга келген. Арийне, ушул окуялардын бардыгы кокустук болгон. Чоң жарылуу да бардык тафсилат жана натыйжалары менен бирге капыстык. О.э. жер планетасында жашоо үчүн жарактуу чөйрөнүн пайда болушу да, тирүүлүктүн пайда болушу да капыстык. Өз ыктыяры менен жарата турган жаратуучу бар деп айтуунун кажети жок, анын бар экени жөнүндө идея да жок. Себеби, аалам эволюциясына, жылдыз жана галактикалардын калыптанышына

(1) Бул цитата Фрэнсис Коллинздин «Кудайдын лугаты; фан ыйманга жолдойт» китебинен алынган.

таасир кылган нерсе аалам эволюциясынын ар бир баскычындагы материялардын касиеттери жана физикалык мыйзамдар. Эгер, бул касиеттер аз да болсо өзгөрсө, ааламдын кеңейүү тездигине жана ааламдагы жандыктар формасына өзгөрүү кирет.

2 – Диний жаратылышчылар (креационисттер) мектеби. Бул фикирдин ээлери кудай бардык жандыкты түздөн-түз өзү жараткан деп ишенишет. Ошондуктан, чоң жарылууну да, биологиялык эволюцияны да жокко чыгарышты. Бул мектеп чиркөө жана илахиятчы аалымдардын фикиринин уландысы.

3 – Акылдуу дизайн мектеби же кыймылы (Intelligent Design Movement)[1]. Алардын айтымында, капыстык деген нерсе аалам жана тирүүлүктүн пайда болушун түшүндүрө албайт. Жер жүзүндөгү тирүүлүк, аалам пайда болушу акылдуу дизайнердин кеңири диапазондогу негизги физикалык константаларды өтө аныктык, этияттык менен тартиптешинен жана калибрлешинен кийин гана ишке ашат. Эгер, бул өлчөөлөр же алардын кээ бирлери аз да болсо бузулса, ушул космостук тармактын пайда болушу о.э. жылдыздардын ядроларунда мындай көптөгөн химиялык элементтердин пайда болушу мүмкүн болбойт эле. Ошондуктан, аалам, тирүүлүк материя жана алгачкы тирүү организмдерди жаратууда табиат мыйзамдарын ишке салган акылдуу дизайнер (жаратуучу) болушу керек дешет. Андан кийин ал адам пайда болгонго чейин, тирүү организмдерди диверсификация кылууда өз жетекчилиги астында иштеген эволюция механизмин ишке салды. Акылдуу дизайн мектебинен эки мектеп пайда болду. Биринчиси, акылдуу дизайн жана атайын жаратылыш мектеби. Экинчиси, акылдуу дизайнер жана багытталган эволюция мектеби.

Илимий материалисттик атеизм мектебинин тарапкерлери акылдуу дизайн идеясына жооп катары, эгер ушул көзөмөлдөн чыгуу жүз бергенде, тирүүлүк жана аалам түзүмү биз билбеген башка көрүнүштө пайда болгон болот эле деп айтышты. Илимий материалисттик атеизм жана капыстык мектебинин чоң жарылуу аркылуу ааламдын пайда болушу жана тирүү жандыктардын биологиялык эволюциясы жөнүндөгү көз карашы Батыш университеттеринде илимий акыйда-таалиматка айланды. Ушул мектеп бийликке ээ болуп, каршылаш аалымдарды бидъатчыга

(1) Бул мектепке молекулярдык биология аалымы Фрэнсис Коллинз башчылык кылган.

чыгарып, бардык укуктан ажыратты. Креационизм жана акылдуу дезайнер назариясын үйрөткөн аалымдар сотто кылмыш жоопкерчилигине тартылды. Америкада 1967-2005-жылдары бул туурасында бир нече сот жараяндары болуп өткөн. Жазуучу Молин Матсумура жана Луиза Мид Илим таалими улуттук болбору (NCSE) сайтында жарыяланган макалада мына ушундай сот жараяндарын айтып өткөн. Макала "Эволюция жана креационизм жөнүндөгү он сот иши" деп аталган. Алардын башында т.а. 1968-жылда АКШ жогорку соту Арканзас штатында Дарвин көз карашы негизиндеги эволюцияны окутууга тыюу салган негизги мыйзамды бекер кылды. Андан кийин соттор креационизм жана акылдуу дезайн назариясын окутууга тыюу салган токтом чыгарды. Сот креационизм жана акылдуу дезайнды фан эмес, диний түшүнүк деп эсептеп, аны мектептерде окутууга тыюу салды. Аалам жана тирүү организмдердин капыстан пайда болушу жөнүндөгү таалиматты четке какканы о.э. креационизм жана акылдуу дезайн назариясын кабыл алганы үчүн бир нече аалымдар жумуштан айдалып, маърифий терроризмде айыпталышкан. Кээ бирлеринин икаялары 2008-жылы «Куулгандар, интеллектке уруксат жок» деген документалдуу фильмде көрсөтүлгөн. Материализм жана капыстык тарапкерлери сертификаттар, сыйлыктар[1], жумушка жайгашуу, кызматка көтөрүлүү, конференцияларды уюштуруу, изилдөөлөр үчүн финансылык жардамдар, анын натыйжаларын таасирдүү журналдарда жарыялоо сыяктуу иштерди көзөмөлдөй турган болушту. О.э. алар маалымат каражаттары аркылуу кеңири коомчулукка жана коомдук фикирге таасир көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө да ээ. Бул иштерди сакафий таалим программалар аркылуу жана ушул назарияны адамдар кабыл алган акыйкат катары үгүттөгөн документалдуу фильмдер иштеп чыгаруу менен ишке ашырышкан. Буга Американын «National Geographic» журналы иштеп чыкккан программа жана фильмдер мисал боло алат. О.э. алар ушул назария менен жуурулган илимий-фантастикалык сериалдар жана фильмдер аркылуу коомчулукка таасир кылышат.

Материалист атеисттердин илимий террору креационисттер мектебинин «акылдуу дизайн жана багытталган эволюция»

---

(1) Мисалы, сэр Фред Хойл Чоң жарылуу назариясын кабыл албаганы үчүн, буга кошумча жер жүзүндөгү жашоонун циклдүү пайда болушу назариясын четке какканы үчүн Нобель сыйлыгынан куру калтырылган.

мектеби менен интеграциялашуусуна алып келди. Муну Ватикан папасы Иоанн Павел II 1996-жылы, эгер жан киргизүүчү Кудай деп ишенсек, эволюция ыйык китепке тескери келбейт, деп жарыя кылышынын мисалында көрүшүбүз мүмкүн.

Булар Батышта жүз берген талаш-тартыш жана назариялар. Ушул фикир жана назарияларга карата мусулман идеологдордун позициясы кандай болушу керек?! Кийинки талкуубузда ушуларга токтолуп өтөбүз, инша Аллах.

(Уландысы бар) ❑

## ПАЙЫЗДУУ ТЫШКЫ КАРЫЗДАР САЯСАТЫ – БАТЫШТЫН ӨЛКӨЛӨРДҮ ЖАНА ЭЛДЕРДИ КУЛГА АЙЛАНТКАН ЖЫРТКЫЧ КАПИТАЛИСТИК ЖАХИЛИЙ САЯСАТЫ

**Автор: Мухаммад Рожих – Яман**

Биринчи жахилият доорунда т.а. Ислам келишинен мурун адамдар адамдарды кулга айлантууда риба-сүткордуктан пайдаланышат эле. Карыз болгон адам мойнундагы карызын келишилген мөөнөттө төлөй албаса, төлөм мөөнөтү өткөн сайын карызы көбөйө берген. Бул абал карыздар адам бир күн келип өзүн же баласын карыз берүүчүгө сатканга чейин уланган. Ошондон кийин ал кой жана төөлөрдүн соодасы сыяктуу алды-сатты кылына турган кулга айланган. Мына ушинтип риба адамдарды кулга айлантуу, аларга өкүмдарлык кылуу, акы-укуктарынан куру калтыруу куралдарынын бирине айланган.

Биз жашап жаткан азыркы жахилият кылымында да бул нерсе тарыхтагыдан айырмаланбайт. Туурасы, калктарга, коомдорго, мамлекеттерге, өзгөчө мусулмандарга андан да үрөй учурган, ачуураак жана оорураак болот. Себеби, учурда риба жеке адамдарды кул кылбайт, тескерисинче, калктарды кулга, мамлекеттерди колонияга айланта турган курал болуп калган. Мамлекеттер чет мамлекеттин, ал жердеги саясий чечим карыз берген мамлекеттердин күрөөсүнө айланып, өз эгемендигин жоготууда. Адамдар жакырчылык, ачкачылык, жаман турмушка туш болууда. Коомдор оор карыздардын жүгү астында эзилип, кыйналууда, алардын кунун эч бир күнөөсү жана айыбы жок кийинки муун өз өмүрү жана жашоо таризи эсебинен төлөп жатат. Себеби, риба менен жеке адамдар гана алектенбей жатат. Андай болгондо рибанын таасири чектелүү болмок. Тескерисинче, бул чар тапатка таратып жаткан көптөгөн финансылык уюм жана мекемелер бар. Дүйнөдө кайсы мамлекет жана регион болбосун, анда риба негизине курулган банк же финансылык мекеме албетте бар. Расулуллах ﷺ:

**«يَأْتِي عَلَى النَّاسِ زَمَانٌ يَأْكُلُونَ الرِّبَا، فَمَنْ لَمْ يَأْكُلْهُ أَصَابَهُ غُبَارُهُ»**

**«Ушундай бир заман келет, адамдар рибага берилишет, ал тургай, сүткордук кылбаган адамга да анын чаңы жетет»**, - деген. (Ахмад, Абу Давуд жана Насаий риваяты).

Батыштын куфр мамлекеттери көтөрүп чыккан капитализм мабда-мафкурасы – дүйнөдөгү проблемалардын жана кризистердин себепчиси. Бул мафкура ушул проблемаларды чечүүгө тоскоолдук кылып, өз ыкмасы менен гана чечип жатат. Пайыздуу тышкы карыздар проблемасын пайда кылган да, мамлекеттер жана калктарды колония кылуу үчүн мына ушул ыплас ролду ойногон финансылык мекемелерди пайда кылган да мына ушул мафкура болот. Рибалуу

тышкы карыздар капиталисттик мамлекеттердин калктарды колония кылуудагы өкүмдарлыгын колдоп-кубаттаган эң маанилүү курал жана механизмдердин бири болуп эсептелет. Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Банк – ири мамлекеттер дүйнөлүк экономикага өкүмдарлык кылуу үчүн колдонгон эң маанилүү финансылык рычагдардын бири. Бул финансылык мекемелер дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттерине жылжып кирип алгандан кийин колонизатор ири мамлекеттер ошол мамлекеттердин экономикасын өз экономикасына байлап алды жана рибаны алардын борбордук жана коммерциялык банктарында ушул мамлекеттердин экономикасынын жан тамырына айлантты. Мында колонизатор мамлекеттер ушул мамлекеттердеги таасирдүү адамдардын жана токтом чыгаруучулардын жардамына таянды жана аларга ушундай бир саясаттарды сызып берди дейсиң, бул саясаттар аларды риба карыздар менен байлап, өлкөлөрүн карыз баткагына батырууда, алар бул карыздарды төлөй албай жатышат. Натыйжада, бул мамлекеттер колонизатор мамлекеттердин чеңгелиндеги олжого айланууда. Колонизатор мамлекеттер аларга аңчылык кылып, байлыктарын сүлүктөй соруп, адамдарды бул байлыктардан куру жалак калтырууда.

Адатта, Эл аралык Валюта Фонду карыз болгон мамлекеттер үчүн финансылык-экономикалык реформа программаларын киргизет. Бул кудум өлтүрүүчү «доза» катары болуп, бул мамлекеттерди карыз берген мамлекеттерге моюн сунуучу, көз каранды кылып коёт. Карыз берүү Эл аралык Валюта Фонду эл аралык экономист адистерди жана эксперттерди жибергенден кийин ишке ашат. Алар карыз алмакчы болуп жаткан мамлекеттин абалын – анын финансылык мүмкүнчүлүктөрүн билүү жана экономикалык сырларынан ар тараптуу кабардар болуу үчүн – үйрөнүп чыгып, анын күчтүү жана алсыз тараптарын ушул өлкө калкынан да көбүрөөк билип алышат. Эл аралык Валюта Фонду өзүн кудум карыз алмакчы болуп жаткан мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн кайгырып жаткандай, бул мамлекеттин финансылык жана экономикалык абалын оңдомокчу болуп жаткандай кылып көрсөтөт. Карыздын төлөнүшүн кепилдөө үчүн белгилүү бир ырайымсыз саясатты жүргүзөт. Бул саясат карыз болгон мамлекеттерди карыздарды төлөй албай турган деңизге чөктүрүүгө жардам берген шарттарды өз ичине алат. Бул шарттар менен алынган карыздар белгилүү бир долбоорлорго сарфталышы зарыл. Алар көбүрөөк продукция өндүрбөгөн керектөө долобоорлору, же көңүл ачуучу долбоорлор, же продукция иштеп чыгарылбаган инфраструктураларды куруу долбоорлору болот. Эл аралык Валюта

Фондунун карыз берүү үчүн койгон шарттарын төмөнкүдөй жалпылаштыруу мүмкүн:

- **Эркин соода жана валюталардын эркин конвертациясы:** т.а. башка мамлекеттерден импортко ар кандай чектөөлөрдү алып салуу. Бул нерсе жергиликтүү базарларды импорт товарлары менен толтурууга алып келет. Натыйжада жергиликтүү өнөр жай ишканалары атаандаштык жөндөмүн жоготушат. Бул нерсе өз кезегинде жергиликтүү өнөр жай ишканаларынын банкрот болушуна алып келет жана жергиликтүү экономика аксап калат. Муну менен импорттолгон товарларга атаандаш калбайт. Т.а. жергиликтүү базарлар импорт товарлары үчүн керектөө базарына айланат. Экономика импортко таяна турган болсо, бул нерсе финансылык ресурстардын түгөнүшүнө алып келет. О.э. экономикалык туруксуздуктун натыйжасында же экономикалык активдерди экономикалык реформа деген шылтоо менен дүйнөлүк компанияларга сатып жиберүү натыйжасында инфляция күчөйт. Акыбетте, бул мамлекеттер ири колонизатор мамлекеттерге көз каранды болуп калат. Ал эми, эркин конвертация мамлекеттин казынасындагы алтын жана туруктуу валюталардын түгөнүшүнө алып келет. Шексиз, бул саясат карыз болгон мамлекеттердин экономикасы жана финансы системалары жемирилишин келтирип чыгарат.
- **Долларга карата валюта курсун төмөндөтүү:** бул нерсе товарлардын баасынын жогорулашына алып келет. Буга жергиликтүү валютанын сатып алуу жөндөмү төмөндөшү жана өлкөнүн базарларда чет мамлекеттердин товар экспорту менен атаандаша албашы себеп болот. Карыз болгон мамлекеттердин экспортунун азайышы алардын чийки сырьё жана айыл чарба продукцияларынан турган энергия жана байлыктарын өнөр жайы өнүккөн колонизатор мамлекеттерге арзыбаган бааса сатууга алып келет.
- **Бюджеттин оор жүгүн жеңилдетүү үчүн мамлекеттин чыгашаларын азайтуу:** бул болсо, маяналарды азайтуу, иш акыларын тоңдуруу же азык-оокат, кийим-кече, үй-жай, таалим, дарылануу сыяктуу негизги муктаждыктар тармагында мамлекет адамдарга көрсөткөн кызматтарды жана чыгашаларды азайтуу же бекер кылуу менен болот. Бул нерсе социалдык абалдын жамандашуусуна алып келет. Натыйжада жакырчылык, кымбатчылык жана оорунун көрсөткүчү көбөйөт жана адамдар өздөрүнүн негизги муктаждыктарын камсыздай албай калышат.
- **Күйүүчү май бааларынын кымбатташы:** бул нерсе транспорт кызматтарынын бааларынын көтөрүлүшү натыйжасында товар жана зарыл чийки сырьёлордун баасынын кымбатташына алып

келет. Бул болсо, кымбатчылык, экономикалык туруксуздук жана жергиликтүү валютанын кунсузданышын келтирип чыгарат.

- **Мамлекеттин бюджетин колдоп-кубаттоо үчүн адамдарга салынган салыктарды көбөйтүү о.э. мамлекеттик мекемелер жана кызматтар үчүн төлөмдөрдү кымбаттатуу:** бул нерсе адамдарды андан да көбүрөөк кыйынчылыктарга салат, мамлекет тарабынан салык чогултуу дагы да көбөйүп, камкордук көрсөтүү азаят.

- **Менчиктештирүү:** бул, Эл аралык Валюта Фонду тыгыштырган эң кооптуу саясаттардын бири. Себеби, мында карыз болгон мамлекеттер бюджетти каржылоо үчүн элге таандык мекемелерди жана имараттарды мекчик секторго сатып жиберет. Мында массалык иштен бошотуулар күч алат, жумушсуздук көбөйөт, товарлар жана кызматтардын баасы көтөрүлөт жана абал адамдар чыдагыс даражага жетет.

- **Инвестиция:** бул, карыз болгон мамлекеттерде чет мамлекеттин капиталы кирип келишине жол ачат. Колонизаторлор ушул аркылуу жергиликтүү өнөр жай ишканаларына сокку беришет, өз максаттарына жетүү үчүн инвестиция жаткырууну шылтоолоп өлкөнүн табигый ресурстарына жана стратегиялык активдерине ээ болуп алуу үчүн карыз болгон мамлекеттердеги таасирдүү кишилерди жана саясатчыларды сатып алышат.

Эл аралык Валюта Фонду тарабынан колдонулган ушул шарттар жана саясаттар наалатталган, уу пакет болуп, карыз болгон мамлекеттерди моюн сундуруп, кордойт, базарларын колонизатор мамлекеттердин кымбат баадагы товарларына ачып берип, аларды керектөөчү базарларга айлантат. Бул шарттар жана саясаттар мамлекеттерди негизги товарлардан колдоп-кубаттоону алып салуу аркылуу жарандар алдындагы өзүнүн негизги жоопкерчиликтеринен баш тартууга мажбурлайт. О.э. адамдардын желкесине оор салык жана төлөмдөрдү жүктөп, мамлекетти – өз карыздарын төлөшү үчүн бюджетти колдоп-кубаттоо максатында – таалим, дарылануу жана адамдардын башка иштерине камкордук көрсөтүүдөн турган негизги кызматтарга бөлүнө турган чыгашаларды азайтууга үндөйт. Бул, эң оболу жакырларга таасир кылат. Алар мунун акыбеттерин көтөрө алышпайт. Бул нерсе режимдерди өзгөртүүнү талап кылган элдик наразылыктарга жана козголоңдорго алып келет. Кызыкчылык талашып өз ара күрөшүп жаткан ири мамлекеттер мында жарандык коом деп аталган тараптан пайдаланышат. Бул тарапты ири мамлекеттер саясий катмарга аралашуу үчүн ачыктан-ачык колдоп-кубаттайт. Бул аралашуу малайларды өстүрүп чыгаруу, өкүмдарларды

бекем орнотуу же өз ара күрөшүп жаткан ири мамлекеттердин таасир күчүнө карап аларды кулатуу үчүн жасалат.

Рибалуу тышкы карыздар мамлекеттерди карыз берген мамлекеттерге көз каранды кылат. Натыйжада, карыз болгон мамлекеттер карыз берген мамлекеттердин кызыкчылыгын коргошот. Буга кошумча, БУУнун талаштуу токтомдоруна добуш берүүдө ошол мамлекеттердин позициясына ылайык аракет кылышат. Ал тургай, өз аймагында карыз берген мамлекеттердин аскерий базалары турушуна уруксат берип, алардын бардык буйруктарын аткарышат.

Тышкы карыз саясаты жаңы көрүнүштөгү колонизаторлук саясат болуп, андан мамлекеттерди карыздар баткагына батыруу максат кылынган. Бул мамлекеттер колонизаттор мамлекеттердин экономикасына байланып, ушул карыздар карыз болгон мамлекеттер экономикасынын өсүшүнө салым кошпойт жана өндүрүштү өстүрбөйт. Тескерисинче, карыз болууну, кыйынчылыкты жана төмөндүктү дагы да күчөтөт. Колонизатор мамлекеттер карыз болгон мамлекеттердин экономикасына өкүмдарлык кылууда о.э. алардын саясий жана социалдык системаларын эч бир согуш же баскынчылыксыз көзөмөлдөөдө ушул карыздардан курал катары пайдаланат. Ошондуктан, бул карыздар мамлекеттерди жана калктарды колония кылуу ыкмаларынын бири болуп эсептелет.

Бул тышкы карыз маселесинде карыз алган мамлекеттердеги коррупцияга малынган малай өкүмдарлардын да өтө чоң ролу бар. Себеби, алар өздөрүнүн саясаттарын аларга өкүмдарлык кылып жаткан колонизатор мамлекеттердин буйругуна ылайык алып барышат. О.э. бул өкүмдарлар эрки тартып алынган калктарга өкүмдарлык орнотууда жардам берген ошол колонизатор кафир мамлекеттердин пайдасы үчүн өз өлкөсүн тышкы карыздарга батырууга аракет кылышат. Бул өкүмдарлар, өзгөчө, мусулман өкүмдарлары коррупцияга малынышкан. Алар элдин мүлкүн талап-тоноп, үлкөн байлыктарды чогултушат жана бул байлыктарды өлкөнүн сыртындагы Батыш же Америка банктарына коюшат. Себеби, бул банктарды – баштарына бирер балээ түшсү же аларды түп-тамыры менен кулата турган козголоң жүз берсе – өздөрү үчүн тынч башбаанек деп эсептешет. Ошондуктан, мусулмандардын бүткүл мал-мүлктөрү бүгүнкү күндө алардын душмандарынын колунда болуп калды... Мусулман өлкөлөрү кафир Батыш жана алардын коррупцияга малынган өкүмдарлары тарабынан тебеленүүдө. Зулум астында эзилген калктар жакырчылык, ачкачылык жана өмүрлөрүнө коркунуч салып жаткан оорулар кысымында калышты.

Дүйнөлүк Банкка келсек, ал «инфраструктураларды куруу» деген нерсени колдоп-кубаттайт, өзү билдиргендей, инвестиция кылуу үчүн бүткүл этибарын суверендүү байлыктарга каратат. Бирок, түпкүлүгүндө ал мамлекет карыздарын төлөй албашы үчүн ага пайда алып келбеген долбоорлорду тандап алат. Буга мисал кылып маданий мурасты сактоо, туризмди коргоо, дени сак муун (түпкүлүгүндө калктын санын азайтуу) сыяктуу жана башка долбоорлорду көрсөтүү мүмкүн.

Дүйнөлүк Банк үлкөн стратегиялык долбоорлорго инвестиция жаткырбайт. Батыштын трансулуттук компаниялары катышса гана жаткырышы мүмкүн. Дүйнөлүк Банк мамлекеттерди карыздар баткагына батырып, өнүгүүнү бүлгүндөтөт жана Уммат байлыктарынын талап-тонолушуна жардам берет.

Финансылык мекемелердин саясаттары кыйратуучу жана кылмыштуу саясат болуп, эч кимге сыр эмес. Бул саясаттар ушул даражада коркунучтуу болуп, ал тургай, алар менен шугулданып келген жана сабыры бүткөн батыштык кээ бир экономисттердин да сезимдерин ойготуп жиберген. Төмөндө алардын сөздөрүнөн мисалдарды көрсөтүп өтөбүз:

– **Дүйнөлүк Банктын вице-президенти жана экономика бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген Стиглиц** «Вашингтон консенсусу» саясатынын үч түркүгү Түштүк мамлекеттердеги дүйнөлүк финансылык-экономикалык кризистердин сыйкырдуу чечими эсептелип келгенин, бул үч түркүктүн түрлөрү жана ыкмалары ар түрдүү болушуна карабастан, бул үч түркүк консенсус жана салык саясаттары боюнча өтө сарамжалдуулук, менчиктештирүү жана либералдаштыруу, башкача айтканда жергиликтүү базарларды, айрыкча, акча базарын кенен ачып коюу экенин көрсөтүп өткөн. Стиглиц өзүнүн «Глобализмден үмүтсүздүк» китебинде мындай дейт: «Бул чаралар ошол убакта эл аралык финансылык мекемелерде бүтүндөй ыйык нерселер катары болуп калган. Себеби, алар – экономикалык контекстке же алардын жайлардагы акыбеттерине этибар бербей – автоматикалык рецепттер катары колдонулду. Бул болсо, өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде кырсыктуу натыйжаларга алып келди. Фонд менчик секторду жандантуу каражаты катары менчиктештирүүнү эң кыска убакыт ичинде тастыктады. Бул болсо, иш жүзүндө элдин байлыктары талап-тонолушуна о.э. менчиктештирүү жараянын көздөгөн өкүмдар саясий топторго жакын болгон бир ууч адамдар жана компаниялардын колуна бул байлыктардын топтолуп калышына алып келди. Т.а. мында мамлекет бул жараяндан убада кылынган пайданын эч бир нерсесине жетишпеди».

– **Ларри Эллиотт** «Гардиан» гезитинде мындай деп жазды: «Табигый болгондой, Дүйнөлүк Банк да, Эл аралык Валюта Фонду да алардын саясаты проблема экенин моюнга алышпайт. Ал тургай, эксперттер Африкадагы жакырчылыкты келтирип чыгарып жаткан эң чоң айыптуулар түпкүлүгүндө мына ушул эл аралык мекемелер экенин далилдешсе да, айыптарын моюндарына алгысы келбейт. Башкы кеңсеси Вашингтондо жайгашкан бул эки мекеме өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан тартып дүйнөдө, айрыкча, Африкада теңсиздик жана жакырчылыктын күчөшү үчүн себепчи болгон саясаттын башкы архитекторуна айланды».

– **БУУнун өнүгүү боюнча мурунку жооптуусу Изабель Грамбург** Эл аралык Валюта Фонду мүчө мамлекеттерге, айрыкча, өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге жүктөп жаткан, көп учурда жумушсуздуктун жогорулашына жана сатып алуу жөндөмүнүн төмөндөшүнө алып келип жаткан саясатына баа берип, бул саясаттар көз карандылыкка, айрыкча, азык-түлүк көз карандылыгына о.э. өндүрүш системаларынын бузулушуна алып келип жатканын айтты. Изабель Грамбург бул нерселерди кылмыш деп атап: «Эл аралык Валюта Фонду бул иштерге катышып гана калбастан, ал бай азчылыктын чыгашаларын каржылоо үчүн жакырлардан акчаларды тартып алып жаткан комлекстүү системаны башкарып жаткан дирижёр болуп эсептелет», - деди.

– **Немис эксперти, Претория университетинин философия профессору Эрнст Гольф** өзүнүн «Эл аралык Валюта Фонду дүйнө сахнасындагы супер күч» деген китебинде фонддун аралашуулары согушуп жаткан армиялардын баскынчылыгына окшойт деп баа берген.

– **Жон Перкинс** өзүнүн «Экономикалык канкордун тообосу» китебинде мындай дейт: «Эл аралык Валюта Фонду эл аралык компаниялардын дүйнөлүк экономиканы көзөмөлдөшүн камсыздаган, мамлекеттерди туруксуздаштырган, өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин экономикасын талап-тоноп, ойрон кылган империяны куруунун куралдарынын бири».

Бул эксперттер финансылык мекемелер тарабынан жаратылган кырсыктын көлөмүн сүрөттөп беришти. Бирок, бул азап-кыйынчылыктардын көлөмүн дагы да күчтүү сүрөттөп, көрсөтүп, түшүндүрүп берген нерсе адамдар ар саатта, ар убакта баштарынан өткөрүп жаткан турмуш. Себеби, мамлекеттер бардык кызматтардан о.э. негизги товар жана кызматтарды колдоп-кубаттоодон баш тартышты. Натыйжада, жашоо улам күчөгөн тозок отунун бир бөлүгүнө айланды. Адамдар бири-бирин жеп жок кылышы гана калды!

Рибага негизделген система Аллахка согуш ачкан ырайымсыз система болуп, жакырчылык, ачкачылык, душмандар менен малайлардын өкүмдарлыгын алып келет. Ошондуктан, мусулмандар эле эмес, бүткүл адамзат рибага каршы согуш ачышы зарыл. Алар рибанын себепкери аны мыйзамдаштырып жаткан капиталисттик система экенин о.э. рибаны мыйзамдаштырып жаткан, өлкөлөрдү, айрыкча, мусулман өлкөлөрүн колонизаторго көз каранды малай өкүмдарлар аркылуу башкарып жаткан конституциялык түзүм да ушул системага көз каранды экенин түшүнүп жетиши керек.

Эл аралык Валюта Фонду, Дүйнөлүк Банк, Дүйнөлүк Соода Уюму жана башка финансылык мекемелер дүйнө калкын көзөмөлдөөгө умтулуп жаткан эл аралык системанын экономикалык витриналары болуп эсептелет. Майда мамлекетчелер болсо бул жырткыч системага каршы тура албайт. Бул куурчак мамлекетчелердин ролу жана вазыйпасы – ушул саясаттарды аткаруу жана эл аралык системанын этегин кармап, ээрчүү гана.

Алдыбызда эки тандоо гана турат. Бири, ушул вакиъликке моюн сунуп, жакырчылык, ачкачылык, оору, кыйын жашоого ыраазы болуп, душмандарыбызга жана алардын этегин кармагандарга ар дайым көз каранды болуу. Муну менен жашообуз эч качан оңолбойт, Роббибизди эч качан ыраазы кыла албайбыз, бул дүйнө жана Ахыретти колдон чыгарып, зыян көрөбүз... Экинчиси, бул саясаттарга Аллах бизге тартуулаган Роббаний мабда (мафкура) менен каршы турушубуз зарыл. Ал Ислам мабдасы болуп, бакубат жана жакшы жашообузду кепилдейт.

Ислам ушундай бир түзүм (система), ал байлыктарды баарына адилеттүүлүк менен бөлүштүрөт, бул байлыктар калктардын тагдыры менен ойношуп, кордогон бир ууч адамдардын колуна топтолуп калышына жол бербейт. Исламдын рибага болгон позициясы, мамилеси ачык-айкын. Аллах аны толук харам кылган. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ﴾

***«Акыйкатта болсо, Аллах сооданы халал, рибаны харам кылган»***

[2:275]

Риба аз өлчөмдө болобу же көппү, ал харам. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَأۡكُلُواْ ٱلرِّبَوٰٓاْ أَضۡعَٰفٗا مُّضَٰعَفَةٗۖ﴾

***«Эй момундар,*** *(берген карызыңарды)* ***бир нече эсе кылып алуу менен риба кылбагыла!...»*** [3:130]

Риба мал-мүлк катъий харам мал-мүлк болуп, аны мүлк кылып алууга эч кимдин акысы жок. Анткени, Аллах сүткордук кылган адамга каршы согуш жарыя кылды. Аллах Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَذَرُواْ مَا بَقِيَ مِنَ ٱلرِّبَوٰٓاْ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ ۝ فَإِن لَّمۡ تَفۡعَلُواْ فَأۡذَنُواْ بِحَرۡبٖ مِّنَ ٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦۖ﴾

***«Эй момундар, Аллахтан корккула, эгер чыныгы момун болсоңор, риба саркындыларын таштагыла. Эми, эгер*** *(буйругубузду)* ***кылбасаңар, анда Аллах жана Расулу тарабынан болуучу согушту угуп-билип койгула!»*** [2:278-279]

Ислам алып келген ушул өкүмдөрдүн бирин да Аллахка, Расулуна жана момундарга кыянаттык кылган учурдагы малай режимдер эч качан колдонушпайт. Тескерисинче, Роббибиз бизге убада кылган жана Расулубуз бизге башарат берген о.э. эл аралык капиталисттик системага каршы турган экинчи рошид Халифалык мамлекети гана колдонот. ❑

## АЯЛ ЖАНА ДАЪВАТТЫ ЖАЮУ

**Насиба Ибрахим – Иордания вилаяты**

Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺга үңкүрдө вахийдин алгачкы түшкөн күнүнөн баштап, аял кишини ролу анык жана активдүү түрдө жүзөгө келди. Ошол күнү Расулуллах ﷺ бапаадар, мухлиса жубайы Хадича бинти Хувайлиддин жанына кайтып, үңкүрдө көргөн нерселерин, Жабраил عليه السلام менен болуп өткөн окуяны айтып берди. Ошондо Хадича رضي الله عنها аны акыйкатта бекем туруугa үндөп, колдоп-кубаттады, бул нерсе жакшылыктын башталышы экенин айтып, аны тынчтандырды. Хадича رضي الله عنها: «Аллахка ант болсун, Аллах сизди эч качан кор кылбайт. Себеби, сиз тууганчылык байланышын байлайсыз, конокту сыйлайсыз, жетимдерге, башына мусибат түшкөндөргө жардам бересиз», - деп, анын коркуусун жоготуп, кадыржам кылды. Андан кийин өмүр жолдошун дагы да кадыржам кылуу, көргөн нерселери жакшылык жана жаркын келечектин башталышы экенин баса белгилөө максатында ал киши ﷺды Варака ибн Навфалдын алдына алып барды. Ошентип, Хадича энебиз رضي الله عنها рисалат жүгүн жана анын кыйынчылыктарын көтөрүп, Пайгамбар ﷺга биринчи болуп ыйман келтирген адам болду.

Биз сөздү ушул окуядан баштап, муну менен даъватты жеткирүүдө жана анын кыйынчылыктарын көтөрүүдө, айрыкча, даъватты жеткирүү аялга да, эркекке да фарз экенин түшүнүп, аял киши өтө маанилүү ролду ээлешин түшүндүрмөкчүбүз. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱلۡمُؤۡمِنُونَ وَٱلۡمُؤۡمِنَٰتُ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ يَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَيُقِيمُونَ ٱلصَّلَوٰةَ وَيُؤۡتُونَ ٱلزَّكَوٰةَ وَيُطِيعُونَ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓۚ أُوْلَٰٓئِكَ سَيَرۡحَمُهُمُ ٱللَّهُۗ إِنَّ ٱللَّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٞ﴾

***«Момун эркек жана момун аялдар бир-бирине дос. Алар** (бири-бирин) **жакшылыкка үндөшөт, жамандыктан токтотушат, намазды толук аткарышат, зекетти беришет. Аллах жана Анын пайгамбарына моюн сунушат. Дал ошолорго Аллах ырайым кылат. Албетте Аллах кудуреттүү, даанышман»*** [9:71]

Чындыгында, Ислам аялдарга катуу этибар берип, аларга сый-урмат назары менен караган. Ислам аялдарды оболу эне жана үй кожойкеси, абайлап-сакталышы важиб болгон намыс деп эсептейт.

Ислам турмуш жоопкерчилигин көтөрүүдө аял эркектердин бир бөлүгү деп карайт. Аллах Таала аялга эркек менен бирге жерде орун басар болуу вазыйпасын жүктөдү. Ага перзенттерди тарбиялоо жана аларды аманатты көтөрө турган, кошуундарга жетекчилик кыла турган, Ислам байрагын көтөрө турган рижалдардан кылып чоңойтуу вазыйпасын тапшырды. Ага эркек менен бирдей урмат-сый, бирдей сооп жана жаза белгиледи. Экөөсү тең салих амалына жараша сооп, күнөөлөрүнө жараша жаза алат.

Куръани Карим буга бир нече орундарда басым жасаган. Ошолордун катарында Нахл сүрөсүндө мындай деп баса белгиленет:

﴿مَنْ عَمِلَ صَٰلِحًا مِّن ذَكَرٍ أَوْ أُنثَىٰ وَهُوَ مُؤْمِنٌ فَلَنُحْيِيَنَّهُۥ حَيَوٰةً طَيِّبَةً ۖ وَلَنَجْزِيَنَّهُمْ أَجْرَهُم بِأَحْسَنِ مَا كَانُوا۟ يَعْمَلُونَ﴾

***«Эркекпи же аялбы – кимде-ким момун болуп туруп бирер жакшы иш кылса, анда, Биз ага пакиза жашоо беребиз жана аларды өздөрү кылып өткөн эң жакшы иштерине ажр-сообдорду беребиз»*** [16:97]

Азыркы күндө даъватты жаюучу аялдардын жашоосуна назар салсак, дарстар, халкаларда таалим алуу, башкаларга таалим берүү жана аракет кылуу аркылуу даъватты жеткирип жатканын көрөбүз. О.э. айланадагы кишилер жана коом менен фикирий күрөш жүргүзүп жатканына, жумуш, үй-бүлө жана туугандар арасында аракетке салым кошуп жатканына күбө болобуз. Кээде үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири анын бул жолдо жүрүшүнө каршы чыгат. Мындан да оору – жолдошу же атасы анын даъват кербенинде жүрүшүнө тоскоолдук кылат. Бирок, ал бул тоскоолдуктардын баарына сабыр кылат, Аллахтан ажр үмүт кылып, абалын жакшы тарапка өзгөртүүгө көз салат.

Эгер, Аллах Субханаху жолдошунун тагдырына камакка алынышын жана узак жылдарга темир тор артында калышын жазган болсо, аял азап-кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Айрылуу кайгысына чыдап, бир нече жылдарды жалгыздыкта өткөрөт. Үй, перзент жана үй-бүлө жоопкерчилигин өзү көтөрөт. Бирок, бул оор сыноолор анын кайратын сындыра албайт, тескерисинче, сахабия аялдардан үлгү алып, туура жолун улантат.

Умму Салама رَضِيَ اللهُ عَنْهَا даъват жолунда оор азарларды башынан өткөргөн үлгү алына турган аялдардын бири. Ал дини себептүү

Хабашстанга, андан кийин Мадинага хижрат кылды. Расулуллах ﷺ аны менен машварат кылып, кеңешин алар эле. Асма бинти Абу Бакр хижратта, Умму Аммара жихадда жасаган чоң иштерди тарых эч качан унутпайт.

Зулум, күч колдонуу, ондогон жылдарга эркинен ажыратуу сыяктуу басымдар күч алган Өзбекстан жана Кыргызстандагы даъватчы аялдарды эч качан унутпайбыз. Алар бул сыяктуу зулум, зомбулуктарга карабастан, Аллахтан ажр, сооп үмүт кылып, Аллахтын ыраазылыгын көздөп, сабыр жана кайрат менен экиленбестен алдыга умтулушууда.

Даъватчы аялдар Ислам – бул даъватты жаюу жана бардык чоң-кичине иштерде Аллахтын буйругуна моюн сунуу деген туура түшүнүктөрү менен куралданып, муслима аялдын сүрөтүн бузуп көрсөтүп жаткан о.э. аялдын эркин жана укуктарын коргоону шылтоолоп адашуу жана жахилиятка үндөп жаткан адаштыруучу фикирлерге каршы аёосуз күрөшүп жатышат. Ар түрдүү келишим жана мыйзамдар аркылуу өздөрүн аял бакыты, азаттыгы үчүн күрөшүп жаткандай кылып көрсөткөн бул адаштыруучу фикир ээлери өз максаттары жолунда көп каражаттарды сарфташты. Феминизм, аялдар комитети, түрдүү коомдор, программалар жана маалымат каражаттары сыяктуу бардык мүмкүнчүлүктөрдү ишке салышты. Алар өздөрүнүн бул ыфлас иштерин шарият нусустарын буза турган, бул иштерине шаръий кийим кийгизип бере турган сарай молдолору жардамында ишке ашырышты. Алардын максаты – аялды коргоо коргону болгон үйүнөн, үй-бүлөнүн ысык чөйрөсүнөн алып чыгып, эне жана бала укугуна окшош жасалма укуктар алдоосуна жетелөө. Бул укуктарды текке кетирүү жана жок кылуу болуп эсептелет.

Бирок, алар өздөрүнүн ыфлас максаттарына жете алышпайт. Анткени, алардын айлакер түзгөн пландарын, айла-амалдарын, Умматка каршы уюштурган фитналарын ачып таштай турган жигит-кыздар турган соң, аялды бузукулук жана ыфластыктан коргогон жамынчысын чечип алуу аракетин жокко чыгара турган жигит-кыздар бар болгон соң, алар эч качан өздөрүнүн ыфлас максаттарына жете алышпайт. Тескерисинче, алар тез арада ийгиликсиздикке учурап, изсиз жок болуп кетишет. Аллах Таала айтат

﴿يُرِيدُونَ أَن يُطۡفِـُٔواْ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفۡوَٰهِهِمۡ وَيَأۡبَى ٱللَّهُ إِلَّآ أَن يُتِمَّ نُورَهُۥ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***«Алар Аллахтын нурун*** *(т.а. Исламды)* ***ооздору*** *(т.а. пайдасыз сөздөрү)* ***менен өчүрмөкчү болушат, Аллах болсо,*** *(кафирлер)* ***каалашпаса да Өз нурун толук жаюуну каалайт»*** [9:32]

Дал ошолор даъват жүгүн көтөрүүчү ойгоо эркек жана ойгоо аялдар. Уммат проблемаларына сак турган, эл-жерди коргогон сакчылар ушул эркек жана аялдар. Алар түндү-күндүзгө улап Уммат кызыкчылыктарын коргошот. Умматтын душмандарына каршы бекем туруп, душмандын өз максатын жүзөгө чыгаруусуна таптакыр жол беришпейт.

Албетте, даъват жүгүн көтөрүп чыккан аялдар Аллахтын динин азиз кыла турган жана Анын шарияты менен өкүм жүргүзө турган Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн аракет кылып, убадасында бекем турушу зарыл. Аллахым, бизди тезирээк Халифалыкты тикелөөгө жана байрагын бийик көтөрүүгө жеткирсин! Муну менен, биз жана перзенттерибиз Исламдын азиздигине жана Анын нусратына жетели. Аллахтан ушундай Халифалык мамлекетинин аскерлеринен жана шейиттеринен кылышын үмүт кылып калабыз. ❑

## ИСЛАМ ДИЯРЫ

**Фарис ал-Фарис**
**Хизб-ут-Тахрирдин Ирактагы**
**маалымат бөлүмүнүн мүчөсү**

Биз мусулмандардын жашоосун өзгөртүүгө аракет кылып жатканда мусулмандардын диярынын бүгүнкү вакиълигин т.а. ал Ислам диярыбы же куфр диярыбы – ушуну билишибиз керек. Биз бул жерде ушул диярдын калкы жөнүндө эмес, бир топ адамдар жашап жаткан дияр, өлкө, мекен жөнүндө айтып жатабыз. Бул туурасында анык жана жаркын тыянакка келишибиз үчүн нусус жана далилдерди назик түшүнүүбүз жана аларды жашап жаткан вакыйыбызга байлап, ошол вакиъликке түшүрүшүбүз керек...

Оболу айтсак, диярлар эки бөлүккө: Ислам дияры жана куфр диярына бөлүнөт. Бурайда ﵁ риваят кылган төмөндөгү хадис ушуга далалат кылат: «Набий ﷺ сарийя же кошуун жөнөтсө, мындай деп насаат кылат эле:

«ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى الْإِسْلاَمِ، فَإِنْ أَجَابُوكَ، فَاقْبَلْ مِنْهُمْ، وَكُفَّ عَنْهُمْ، ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى التَّحَوُّلِ مِنْ دَارِهِمْ إِلَى دَارْ الْمُهَاجِرِينَ»

**«... андан кийин аларды Исламга чакыргын. Эгер, кабыл алышса, сен да ага ыраазы болуп, аларга каршы согушуудан тыйыл. Андан кийин аларды өз диярларынан мухажирлердин диярына көчүп өтүүгө чакыргын ».** (Муслим риваяты). Расулуллах ﷺ айтат:

«لاَ يَقْبَلُ اللهُ عَزَّ وَجَلَّ مِنْ مُشْرِكٍ بَعْدَمَا أَسْلَمَ عَمَلاً، أَوْ يُفَارِقُ الْمُشْرِكِينَ إِلَى الْمُسْلِمِينَ»

**«Аллах Азза ва Жалла эч бир мушриктин Исламга киргенден кийин мушриктерден бөлүнүп мусулмандарга кошулмайынча эч бир амалын кабыл албайт».** (Насаий жана ибн Мажа риваяты, иснады хасан.) Демек, ушул нусустар Ислам дияры жана куфр диярынан турган эки дияр бар экенине далалат кылууда.

Ислам дияры – чоң болобу, кичине болобу, калкы Ислам көлөкөсүндө жашаган өлкө. Бул эки нерсе менен ишке ашат:

1 – Ислам өкүмдөрү турмуштун бардык катмарында, ички жана тышкы иштерде колдонушу керек.

2 – Бул диярдын коопсуздугу эң башында халифа турган мамлекет жихазы (аппараты) аркылуу мусулмандардын колунда болушу керек.

Аллах Таала айтат:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдарды кылгандарга кудум мурунку өткөн** (итикаддуу) **заттарды халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон** (Ислам) **динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн кооп-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул** (убада)**дан кийин куфрону** (ниъмат) **кылса, анда, алар фасыктар»*** [24:55]

Динди үстөм-бекем кылуу бир жактан аны колдонууга байланыштуу болсо, экинчи жактан, аны коргоо үчүн коопсуздуктун камсыздалышына байланыштуу. Дияр Ислам дияры болушу үчүн ушул эки нерсе болушу керек. Мындан тышкары, Аллах түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүү шарт экендигин баса белгилеген башка бир нече аяттар бар. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ﴾

***«**(Эй Мухаммад)**, алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын каалоо-нафсилерине ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени** (буруп) **фитнага салып коюуларынан этият болгун!»*** [5:49]

﴿وَمَن يَبۡتَغِ غَيۡرَ ٱلۡإِسۡلَٰمِ دِينٗا فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ﴾

***«Кимде-ким Исламдан башка динди кааласа, анда** (анын «дини» Аллах алдында) **эч качан кабыл алынбайт»*** [3:85]

﴿وَمَن لَّمۡ يَحۡكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡكَٰفِرُونَ﴾

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер»*** [5:44]

Мунун далилдеринин дагы бири Мадина хужжаты өз ичине алган нерсе. Хужжатта ушул сөздөр келген: «**Эгер, кандайдыр бир нерседе ихтилаф кылсаңар, албетте, аны Аллахка жана Мухаммад ﷺга кайтаруу керек**». Бул хужжат диярдагы башкаруу бир гана Ислам негизинде болушу керектигине күмөн калтырбайт. Сахабалар кудум ушундай түшүнүп, исламий фатхтарда иш жүзүндө ушуну колдонушкан. Анткени, мамлекет жана анын калкынын Ислам өкүмдарлыгына моюн сунушу – ал тургай, калкы өз дининде калса да – бул мамлекетти Ислам диярынын бир бөлүгүнө айлантат. Мунун тескериси катары, эгер кафирлер Ислам диярынан болгон бирер өлкөнү басып алышса, ал тургай, калкы мусулмандарды түзсө да, бул дияр куфр диярына айланат.

Дияр жөнүндө биз айтып өткөн ушул тавсифке ылайык, мусулман өлкөлөрүнүн бүгүнкү вакиълиги алар куфр дияры экенин көрсөтүүдө. Себеби, бул өлкөлөрдө Ислам менен өкүм жүргүзүлбөйт жана коопсуздугу мусулмандардын колунда эмес. Айрымдар кээ бир Ислам өкүмдөрүнүн колдонулуп жатканын же конституцияда мамлекеттин расмий дини Ислам же Ислам мыйзамдардын негизги булагы, деп жазып коюлганын эсепке алып, эмнеге Ислям дияры болбосун, деп айтышы мүмкүн. Биз ушул нерселердин эч бир кыйматы жок, себеби, негизги этибар турмуштун бардык тармагында Исламды толук өкүмдар кылуу деп айтабыз. Т.а. Исламий акыйда мамлекеттеги бардык фикир, түшүнүк жана системалар үчүн жалгыз негиз болушу керек. Мамлекеттердин вакиъсине назар салынса, алардын динди турмуштан бөлүү акыйдасына курулган демократияга чакырып жатканы, ички жана тышкы саясатында адамдар иштеп чыгып жатышкан мыйзамдарга таянып жатканы белгилүү болот. Халифалыкта өз тастыгын тапкан Ислам диярынын вакиълиги жана анын азыркы учурдагы режимдерден айырмасын дагы да ачыктоо үчүн Халифалыктын ушул тавсифин жана негиздерин баян кылышыбыз зарыл:

Биринчи: **суверендик (кожоюндук) турмуштун бардык тармагында жалгыз шариятка таандык,** ал акылга да, көпчүлүккө да таандык эмес.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِي ٱلۡأَمۡرِ مِنكُمۡۖ فَإِن تَنَٰزَعۡتُمۡ فِي شَيۡءٖ فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمۡ تُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِ﴾

***«Эй момундар, Аллахка итаат кылгыла жана Расулга, өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***иш ээлерине итаат кылгыла! Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар — эгер чынында эле Аллахка жана акырет күнүнө ишенсеңер — ал нерсени Аллахка жана пайгамбарына кайтаргыла! Мына ушул жакшыраак жана көркөмүрөөк чечим»*** [4:59]

Демек, адамдар өкүмдарга шариятты аткарышы үчүн байъат кылышат. Эгер, ал шарияттан четке чыкса, шариятка кайтканга чейин аны мухасаба кылышат. Эгер, байъат берген адамдар шарияттан четке чыгышса, шариятка кайтканга чейин өкүмдар аларды мухасаба кылат.

Экинчи: **бийлик Умматка таандык.** Уммат анын атынан шариятты колдонушу үчүн халифага байъат берет. Расулуллах ﷺ айтты:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ◉ كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ◉ وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي◉ وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ◉ قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا◉ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ◉ وَأَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»

**«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөт эле. Бир пайгамбар өлсө, артынан башка бир пайгамбар келчү. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетишет**, - деди. Ошондо: Бизди эмнеге буюрасыз? - деп сураштьı: **Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле, себеби, Аллах алардан раъиятты** (жарандарды) **кандай башкаргандыгы жөнүндө сурайт».** (Муслим риваяты). Ырас, халифа шариаятка амал кылса, бийлик анын колунда калат.

Үчүнчү: **мусулмандар үчүн бир халифа болушу керек.** Себеби, мусулмандардын бирден ашык халифасы болушу харам. Расул ﷺ айтат:

«إِذَا بُويِعَ لِخَلِيفَتَيْنِ فَاقْتُلُوا الْآخِرَ مِنْهُمَا»

«**Эгер, эки Халифага байъат берилсе, кийинкисин өлтүргүлө**». (Муслим риваяты). Чындыгында, сахабалар Расулуллах ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийин ушул өкүмгө ижма кылышкан.

Төртүнчү: **раият иштерин башкарууга байланыштуу маселелерде шарият өкүмдөрүн табанний кылууга халифа гана акылуу.** Эгер, бир маселеде ижтихаддар көбөйүп кетсе, халифа алардын арасынан колдонуу үчүн туура деп күмөнү үстөм келген шаръий хукмду табанний кылат. Мында Аллахтын алдында да, пенделер алдында да халифа гана жооптуу болот.

Бешинчи: **Халифалык мамлекетинин башкаруу жихазы.** Халифалык мамлекетинин айырмаланган, өзгөчө жагы – анын өзүнө таандык аткаруучу жихаз (органы) бар болгону. Ушул жихаз халифа, муавиндер, валийлер, жихад амири, казылар, идарий жихаз, шуро межлиси жана башкаларды өз ичине алат.

Алтынчы: **Халифалык мамлекетинин белгилүү бир жерде токтой турган, өзгөргүс чегарасы болбойт. Себеби, анын мойнуна бүткүл дүйнөдөгү адамдарга Исламды жеткирүү, алардын Исламга кирүүсүнө же кирбешине карабастан, ларга Исламды колдонуу вазыйпасы шаръий түрдө жүктөлгөн.**

Аллах Таала айтат:

﴿وَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ إِلَّا كَآفَّةٗ لِّلنَّاسِ بَشِيرٗا وَنَذِيرٗا﴾

***«****(Эй Мухаммад)****, Биз сени шек-күмөнсүз, бардык адамдарга: кушкабар жеткирүүчү, эскертүүчү расул кылып жиберди*к»** [34:28]

﴿هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ﴾

***«Ал*** *(Аллах)* ***Расулун хидаят жана акыйкат дин менен – мушриктер каалашпаса да – бардык диндерден үстөм кылуу үчүн жиберген Зат»*** [61:9]

Жетинчи: **Ислам мамлекети ички жана тышкы саясатта Ислам өкүмдөрүнө амал кылат.** Анын Бириккен Улуттар Уюму жана Коопсуздук Кеңешинин мыйзамдарына кайрылышы же мусулмандар үстүнөн кафирлердин өкүмдарлыгын камсыздай турган коалиция де келишимдерге кошулушу харам. Анткени, Аллах Таала айтат:

﴿وَلَن يَجۡعَلَ ٱللَّهُ لِلۡكَٰفِرِينَ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ سَبِيلًا﴾

***«Аллах момундардын үстүнөн кафирлерге эч качан жол бербейт»*** [4:141]

Сегизинчи: **жергиликтүү жана эл аралык сүйлөшүүлөрдө расмий тил араб тили болушу керек**. Сакафат, таалим жана маалыматта да араб тили колдонулат. Себеби, ал Куръан жана Сүннөт тили. Араб тилинен башка тилдерди үйрөнүү фарзи кифая болуп, мамлекет өзүнүн муктаждыгына карап ишке ашырат.

Халифалык мамлекетинин шаръий далилдерден истинбат кылынган ушул негиз жана касиеттери мусулмандарга, айрыкча, даъватты жаюучуларга – ырас, алар Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн аракет кылышкан соң – ачык-айкын болушу керек. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَنَّ هَٰذَا صِرَٰطِى مُسۡتَقِيمًا فَٱتَّبِعُوهُۖ وَلَا تَتَّبِعُواْ ٱلسُّبُلَ فَتَفَرَّقَ بِكُمۡ عَن سَبِيلِهِۦۚ ذَٰلِكُمۡ وَصَّىٰكُم بِهِۦ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ﴾

***«Албетте мына ушул Менин Туура Жолум. Демек, ушул жолду ээрчигиле,*** *(башка)* ***жолдорду ээрчибегиле,*** *(эгер башка жолдорду ээрчисеңер)* ***алар силерди Анын жолунан үзүп коёт, балким таква кылаарсыңар, деп силерди ушул нерселерге буюрду»*** [6:153]

## Axios: Судандагы согушту токтотуу үчүн баскынчылар тышкы иштер министрлиги Бурхан менен байланышып жаткан болсо, Моссад Хамидатий менен байланыш орнотту

«Axios» веб-сайты кабарлашынча, (израиль) Суданда кагылышкан эки тарап менен тең байланышта. Сайт үч (израилдик) расмийдин Тель-Авив согушту токтотуу үчүн армия командачылары жана Ыкчам колдоп-кубаттоо күчтөрү менен болгон байланыштарынан пайдаланууда деген сөзүн келтирген. Мындан тышкары, Тель-Авив акыркы үч жылда генерал Абдулфаттах Бурхан жана генерал Мухаммад Хамадан Даклу менен орноткон мамилеге ишара кылып, бул нерсе (израилге) согушуп жаткан эки тарапка ортомчулук кылуу мүмкүнчүлүгүн бергенин баса белгиледи. О.э. сайт Тель-Авив Судандагы абалдан кабатырда экенин, себеби, бул Хартум жана Тель-Авив ортосундагы тынчтык келишиминин келечегин жокко чыгарышы мүмкүндүгүн билдирди. (Израилдик) расмийлердин айтымында, (израиль) тышкы иштер министрлиги мамилелерди нормалдаштыруу боюнча Бурхан менен байланышып жаткан болсо, Моссад коопсуздук жана терроризмге каршы күрөшүү маселелеринде кызматташуу үчүн Хамидатий менен байланыш орноткон. О.э. (израиль) расмийлери согуш чыгардан мурун да жарандык башкаруудагы өкмөт түзүүгө алып бара турган алкактуу келишимди күзөтүшкөнүн айтышты. (израиль) тышкы иштер министрлигинин өкүлү маалымдагандай, «израиль бардык тараптарды зомбулуктан алыс болууга жана өкмөттүн алмашуу жараянын аягына чыгаруу үчүн улуттук жарашуу жолуна өтүүгө чакырат». Хамидатий Мисирди Судан армиясы менен кызматташып, армияны колдоп-кубаттоо үчүн аскерий курал-жарактарды жөнөтүп жатат деп айыптады. Каир бул айыптоолорду четке кагып, Мисир армиясы Судан аскерлери менен аскерий машыгууларды гана өткөргөнүн билдирди. О.э. сайт (израилдик) расмийлер эки тарапты согушту токтотууга чакыруу жана алардын эч бирин колдобоо чечимин кабыл алышканын баса белгиледи.

**Ал-Ваъй:** мына, Судан өкүмдарлары жетип келген кордук жана төмөндүк! Алар алардын проблемасы яхудийлер аркылуу чечилет деп ойлоп жатышат. Мындан мурун алар яхудийлерден АКШ санкцияларын бекер кылуу үчүн ортомчулук кылып берүүнү сурап

жалынышкан. Мына, бүгүн яхудийлер Судан армиясынын тарыхында эң арамза адамдар катары каралган, шайтандан насаат кылууну сурап жаткан Бурхан жана Хамидатий ортосундагы кандуу чыр-чатакты токтотууга ортомчулук кылып берүүнү сунушташууда... Эй, Судан калкы, мойнуңарда бул эки ыфлас тууурасында Аллахтын акысы жокпу?!

## Israel Today: Бириккен Араб Амирликтери мамилелерди нормалдаштыруу келишимдеринен баш тартуу жөнүндө ойлобой жатат

Бинямин Нетаняху жетектеген баскынчы (израиль) өкмөтүнүн ашынган оңчул экстремисттик багытына карабастан, Бириккен Араб Амирликтери 2020-жылы 13-августта жарыяланган нормалдашуу келишимдеринен баш тартуу жөнүндө ойлоп жаткан жок деп баса белгиледи «Israel Today» гезити. Гезитте айтылышынча, «израилдин тышкы иштер министри Эли Коэн Азия менен мамилелерди бекемдеп жаткан учурда, (экстремист Бецалел Смотрич башчылыгындагы) «Диний сионизм» партиясынан болгон Кнессеттин эки депутаты Охад Таль жана Моше Соломон Амирликтерге чакырылды. Аларга Амирликтер өкмөтү тарабынан өлкө жетекчилиги менен жолугушуу өткөрүү үчүн чакыруу каты берилген». Гезит бул жөнүндө мындай түшүндүрмө берди: «Кнессеттин бирер депутаты чет мамлекетте жолугушуу өткөрсө, адатта бул нерсеге көп этибар берилбейт. Бирок, бул ирет бир аз башкача болду. Себеби, эки диндар депутатка Абу Даби жолдогон каттар «Ибрахим келишимине» (мамилелерди нормалдаштырууга) кескин түрдө «ооба» деп жооп берилишинин кепилдиги болду». Гезитте дагы мындай делет: «Амирликтердин министрлери, депутаттары жана ишкерлери Таль жана Соломондон (израиль) өкмөтүнүн план жана билдирүүлөрүнүн маани-маңызын түшүндүрүп берүүнү талап кылышты. Бул эки депутат башка иштердин алкагында (израиль) менен мамилелерди нормалдаштыруунун негизги тарапкерлеринин бири болгон доктор Рашид Нуаймий менен да жолугушту. Нуаймий жана башкалар «Ибрахим келишиминен» баш тартылбашын жана бул тууурасында Амирликтер муътадил жолду карманбастыгын баса белгилешти». Гезит кабарлашынча: «Бириккен Араб Амирликтериндегилер учурда эч кандай таризде «Ибрахим келишиминен» баш тартуу

жөнүндө ойлобой жатышат. Бирок, (израиль) өзүнүн туруктуулугун тикелебесе, оңчул партиялар эс акылына келишпесе, солчул партиялар (израилдин) дүйнөдөгү деңгээлин бузууну токтотпосо, чоң көйгөйлөр жаралышы анык».

**Ал-Ваъй:** Бириккен Арам Амирликтери Ислам жана мусулмандардын душманы болгон яхудий вужуду менен мамилелерди нормалдаштырууда катъий позицияны карманып, мындан чегинип жаткан жок. О.э. ал мусулмандарга душмандык кылууда да катъий позицияны карманат... Кандай болбосун, биз алардын башына Аллах тарабынан кара күндөр келишин күтөбүз жана Аллахтын урухсаты менен бул албетте келет.

## Фейсбуктагы маалыматтар ашкере болду: Хамидатийдин расмий баракчасы Амирликтерден жүргүзүлөт

Фейсбук социалдык тармагындагы маалыматтардан ашкере болгондой, Ыкчам колдоп-кубаттоо күчтөрүнүн командачысы Хамадатийдин расмий баракчасы Бириккен Араб Амирликтеринен башкарылууда. О.э. «Арабий 21» Суверендүү кеңештин төрагасы жана Судан армиясынын командачысы Абдулфаттах Бурханга каршы согушуп жаткан Ыкчам колдоп-кубаттоо күчтөрүнүн командачысы Хамидатийдин расмий баракчасындагы маалыматтарды тастыктады. Бул маалыматтарды активисттер социалдык тармактарда бөлүшүшкөн. Фейсбуктагы «Баракчалардын ачык-айкындуулугу» бөлүмү көрсөткөндөй, Хамидатийдин расмий баракчасы Амирликтер мамлекетинен башкарылууда. Фейсбуктагы маалыматтар баракчаны төрт адам жүргүзгөнүн көрсөттү. Алардын үчөөсү өздөрүнүн ордун жашырышкан. Ал эми, төртүнчүсү Бириккен Араб Амирликтеринде экендиги көрүнүп турат. Баракчаны ачкан адам да ушул. Социалдык тармактагы активисттер Хамидатийдин Амирликтер менен болгон байланышы жөнүндө бири-биринен сурашкан. «Middle East Eye» веб-сайтынын мурунку отчётунда айтылгандай, Хамидатий Саудия жана Амирликтердин расмийлери менен Яманда кызматташуу аркылуу бекем мамилелер орноткон. Активисттердин айтымында, Судан армиясына каршы үгүт иштерин жүргүзүп жаткан баракча Амирликтерден башкарылат. «Middle East Eye» башкы редактору Дэвид Херст 2019-жылы май айында жазган макаласында Хамидатий күчтөрү Хусийлерге каршы согушка

катышып жаткан Судан күчтөрүнүн негизин түзөт деп айткан о.э. бир нече булактардын «Амирликтер Хамидатийди каржылап, оор куралдар менен камсыздайт» деген сөздөрүн келтирген.

**Ал-Ваъй:** бул – Мухаммад ибн Зайид жетектеген Амирликтер. Бүгүнкү күндө мусулмандарга зулум кылынып, аларга каршы жүргүзүлүп жаткан тил бириктирүүлөрдө бул адам ачык көрүнбөй жаткан болсо, бирок, анын ушул тил бириктирүүдө башын кылтайтып турганына күбө болобуз. Ал дайыма мусулмандарга айла-амал кылган тарапта турат... Батыш медиясында анын башына шайтандын эки мүйүзү коюлган карикатурасы чыкканы бекеринен эмес.

## (израиль) Сисий доорунда Мисир таалим программаларына киргизилген өзгөртүүлөргө ыраазы

(израилде) чыккан бир отчётко ылайык, (израиль) расмийлери Мисир мектеп сабактарына азыркы режимдин өкүмдары Абдулфаттах Сисий доорунда киргизилген өзгөрүү жана жаңыланууларга канааттануу билдирүүдө. Мектеп таалиминде тынчтык жана боорукеңдикти маниторинг кылуу институту «IMPACT-SE» тарабынан чыгарылган отчётто айтылгандай, ушул институт «Мисир таалим системасында жаңы чыккан окуу куралдарында яхудийлер жана иудаизмге карата сезилээрлик жакшы жака өзгөрүүлөр бар экенине» күбө болгон. Бул жөнүндө (израилдин) «i24» веб-сайты кабар тараткан. Сайт баса белгилегендей, Мисир мектеп окуу куралдарындагы бул өзгөрүүлөр «Мисир багытында өзгөрүү жүз бергенин» көрсөтүүдө. (израиль), Жакынкы Чыгыш жана дүйнө бойлоп окуу куралдарынын темаларын күзөткөн (израилдеги) бул «IMPACT-SE» бейөкмөт уюму ушуларды баса белгилейт: «Бул отчёт вакиълик өзгөрүп жатканын т.а. Мисирде 2018-жылы башталып, 2030-жылда бүтө турган улуттук таалим программасы туурасында жылдык реформалар өткөрүү жараяны уланып жатканын көрсөтүүдө. Бирок, өкүнүчтүүсү, Мисирде жүргүзүлүп жаткан реформалар аста-секиндик менен барууда, бул башталгыч жана орто таалимдеги миллиондогон мугалимдер окуу куралдарында дагы эле яхудийлерге карата душмандык жана жек көрүүгө жуурулган стереотиптерге туш келип жатканын түшүндүрөт». Отчётто ушулар кошумчаланды: «Бул нерсе яхудийлерди Европадагы

антисемитизмге себепкер болуп жатканда айыптоону, аларды каржылаган этникалык топ деп сүрөттөөнү о.э. яхудийлер мусулмандарды жек көрүшөт деп көрсөтүүнү өз ичине алат». Отчётто дагы ушулар баса белгиленет: «Тарых китептеринин биринде сионисттер холокост жабырлануучуларын эсплуатация кылып, өлтүрүлгөн алты миллион яхудийдин нацисттер колунда өлтүрүлүшү же өрттөлүшү яхудийлердин Фалестинге арабдардын эсебинен көчүп келишин актоо үчүн болгон деп айтылган».

## Фалестиндин басып алынганына 75 жыл: (израиль) калкы канча?

Басып алынган Фалестинде (израиль) баскынчы мамлекетинин түзүлгөнүнүн 75 жылдыгына карата бул жердеги (израилдик) келгинди яхудийлердин саны боюнча акыркы статистикалык маалыматтар жарыяланды. (израиль) борбордук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, баскынчылар 75-эгемендүүлүк күнү деп аталган майрам алдында (израиль) калкы 9.727 миллионго жеткен. Анын 7.145 миллиону (73.5 %) яхудийлер, 2.048 миллиону (21 %) арабдар, 534 миңи (5.5 %) башкалар ». Бул жөнүндө (израиль) гезитинде Хаяли Якоби Гендельсман жазган башкы макалада айтылды. Статистика комитетинин айтымында, «израилде калктын 28 пайызын 14 жашка чейинки балдар, 12 пайызын 65 жаштан жогорулар түзөт». Дагы кошумчаланып, «израиль калкы өткөн жылы 265 миңге т.а. 2.3 %га көбөйгөн. Ушул негизде 183 миң бала төрөлгөн болсо, 79 миң келгинди яхудийлер кошулган. Өлгөндөрдүн саны 51 миң». Фалестин араб жеринде баскынчы мамлекет түзүлгөндө «калктын саны 906 миң кишини түзгөн болсо, ушул датадан 100 жыл өтүп т.а. 2048-жылы – алардын айтымында – калктын саны 15.2 миллионго жетери» баса белгиленет. О.э. Гезитте «2021-жылдын аягында дүйнөдөгү яхудийлердин болжол менен 46 %ы өлкөдө (басып алынган Фалестинде) экени», «израилдеги яхудийлердин болжол менен 79 %ы ошол жерде төрөлгөнү» баса белгиленген.

**Ал-Ваъй:** калктын саны туурасындагы дүйнөлүк статистикалык маалыматтар – демографияга байланыштуу болгону, ал канчалык туруктуу же бытыранды экенин көрсөткөнү үчүн – көп абалдарда жалпы жана кеңири түрдө туура эмес болот. Белгилүү болгондой, (израилдеги) калктын санынын көбөйүшү төрүлүүгө байланыштуу

эмес. Балким, алар айткандай, «убада кылынган жерге» көчүп келүүгө байланыштуу. Яхудийлер бул отчёт аркылуу өлкө ичинде чет элге карай тынымсыз көчүү туурасында айтылып жаткан кеп-сөздөрдү токтотууну көздөп жатышкан болсо керек. Биз, мусулмандар, Роббибиздин убадасына ылайык, яхудийлерди түп-тамырынан жок кылуубуз жана баскынчы вужудга чекит коюшубуз үчүн бир күн келип алардын Фалестинде чогулушуна кадыржамбыз. Аллах Таала айтат:

﴿وَقُلْنَا مِنۢ بَعْدِهِۦ لِبَنِىٓ إِسْرَٰٓءِيلَ ٱسْكُنُوا۟ ٱلْأَرْضَ فَإِذَا جَآءَ وَعْدُ ٱلْـَٔاخِرَةِ جِئْنَا بِكُمْ لَفِيفًا﴾

***«Андан кийин бани Исраилге: «Ушул жерди мекен туткула. Анан качан убада кылынган сааттын мөөнөтү келгенде Биз баарыңарды жамдайбыз», - дедик»*** [17:104]

## АКШдагы сурамжылоонун натыйжасы: социалдык тармактар коомго ахлаксыздык алып келди

Америка Адвокаттар Ассоциациясы тарабынан өткөрүлгөн жана Рейтер маалымат агенттиги тарабынан жарыяланган сурамжылоонун натыйжасына ылайык, сурамжылоого катышкандардын 29 %ы Америка коомунда адеп-ахлак маданиятынын кыйроого учурашына социалдык тармактар себеп болгон деп эсептейт. Сурамжылоого катышкандардын 85 %ы бүгүнкү күндө Америка коомундагы «сылыктык» он жыл мурдагыдан кыйла жаман деп фикир билдирген. Маданиятсыздыктын негизги себептери жөнүндө суралганда, 29 %ы социалдык тармактарды, 24 %ы массалык маалымат каражаттарын, 19 %ы аткаминерлерди айыптуу эсептеген, 8 %ы билим берүү системасы деген. Бул Ассоциациянын президенти Дебора Эникс-Росс сурамжылоонун натыйжасына токтолуп, өлкө бөлүнүү доорун башынан өткрүүдө деди. Сурамжылоого катышкандардын 90 %ы балдарга маданиятты сиңдирүүдө ата-эне жана үй-бүлө жооптуу экенин айтышкан. Өткөн айда АКШда биринчи болуп Юта штаты социалдык тармактарда 18 жашка толбогон балдарга аккаунттарынан пайдалануудан мурун ата-энелеринин макулдугун алууну шарт кылды. Муну менен «Инстаграм» жана «Тик-Ток» сыяктуу платформалардан пайдалануучулардын жашын текшерүү талап кылына турган болду. Эки тиешелүү мыйзам долбоорун түзгөн Юта штатынын губернатору Спенсер Кокос мындай твит калтырды: «Биз эми

социалдык тармактар жаштарыбыздын аң-сезимине терс таасир көрсөтүшүнө унчукпай карап тура албайбыз». Ушул эки мыйзам долбоору платформаларга ата-энелерге перзенттеринин аккаунттарына толук кирүү укугун берүү о.э. балдардын түнкү убакта аккаунттан пайдалануучуларына жол бербөө үчүн стандарт «блокту» кабыл алуу жоопкерчилигин жүктөйт. Бул эки мыйзам долбоорунда платформаларды – алар 18 жашка толбогон колдонуучуларды «аддикцияга себеп боло турган алгоритмдер» менен бутага алышса – айыпка салуу назарга алынган. О.э. ата-энелерге финансылык, физикалык же рухий зыяндар үчүн айрым белгилүү бир компанияларды сотко берүүнү жеңилдетет.

**Ал-Ваъй:** бул – бүткүл дүйнөдөгү карамүртөздүктүн булагы Америка! Дүйнө калкын кириптер кылган кыйынчылыктардан Америка өзү да кыйналууда. Ал карама-каршылыктар жана терең бөлүнүү кысымында жашап жатат. Бул болсо талкаланууну күтүп жаткан Америка коому үчүн көптөгөн терс акыбеттерди башарат кылат. ❑

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

﴿وَإِن طَآئِفَتَانِ مِنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ ٱقۡتَتَلُواْ فَأَصۡلِحُواْ بَيۡنَهُمَاۖ فَإِنۢ بَغَتۡ إِحۡدَىٰهُمَا عَلَى ٱلۡأُخۡرَىٰ
فَقَٰتِلُواْ ٱلَّتِي تَبۡغِي حَتَّىٰ تَفِيٓءَ إِلَىٰٓ أَمۡرِ ٱللَّهِۚ فَإِن فَآءَتۡ فَأَصۡلِحُواْ بَيۡنَهُمَا بِٱلۡعَدۡلِ وَأَقۡسِطُوٓاْۖ إِنَّ
ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلۡمُقۡسِطِينَ﴾

***«Эгер, муминдерден болгон эки тайфа*** *(бир-бирине каршы)* ***согушса, дароо алардын ортосун оңдогула! Эгер, алардын бири экинчисине кол салса, анда*** *(кол салуучу тайфа)* ***Аллахтын буйругуна кайтмайынча, кол салган*** *(тайфага)* ***каршы согушкула! Эми, эгер ал*** *(тайфа кол салуудан)* ***кайтса, дароо алардын ортосун адилеттик менен оңдогула.*** *(Ар дайым)* ***калыстык кылгыла! Анткени, Аллах калыстык кылуучуларды сүйөт»*** [Хужурот 9]

- Саййид Кутб рохимахуллохтун «Фи зилалил Куръан» тафсиринде мындай делет:

Бул аят мумин коомду жаңжал жана чыр-чатактар акыбетинде жүзөгө келе турган араздашуу жана бөлүнүүлөрдөн сактоо үчүн амалий мыйзамчылык негизи болот. Ал фасык кимсе алып келген хабарга айкындуулук киргизүү, шашылбастык жана тастыктап, анык ишеним артпастан кызуулукка жана туйгуга берилбестик туурасындагы аяттын артынан келүүдө. Бул аяттын назил болушу – риваяттарда келгендей, белгилүү бир окуя себебинен болсун, ушундай абалды алдын алуу үчүн мыйзамчылык максадында болсун, эмнеси болгондо да – исламий жамаатты бөлүнүү жана ыдыроодон сактоо, кала берсе, хак, адилет жана изгиликти орнотуу жана булардын баарында Аллахтан таква кылуу, рахматына үмүттөнүүнү жүзөгө келтирүү үчүн коюлган бекем умумий негиз вазыйфасын аткарат. Куръан мумин эки тайфанын ортосунда согуш башталышы мүмкүндүгүн ыктымал кылып, эки тараптын бир-бирине каршы согушуп жатканына карабастан, алардын бир тайфасы экинчисине зулум кылган болушуна же экөөсү тең бир-бирине зулум кылган болушуна карабастан, эки тайфада тең ыйман бар экенин сактап калууда.

Ал өз ара согушуп жаткан эки тараптын ортосун оңдоо вазыйфасын калган муминдердин мойнуна жүктөөдө... Алардын

бири чектен чыгып хакка кайтууну кабыл албаса, ошондой эле экөөсү тең сулхтан (жарашуудан) баш тартуу, жаңжалдуу маселеде Аллахтын хукмун кабыл албоо менен чектеш чыгышса, демек, муминдер аларга каршы согушуусу жана Аллахтын буйругуна катышканга чейин согушту токтотпошу лазым. Ал эми, Аллахтын буйругу – муминдер ортолорундагы жаңжалды токтотушу керек. О.э. ихтилафка барышкан, аларды душмандыкка жана бир-бирине каршы согушууга алып барган маселеде Аллахтын хукмун кабыл алышы зарыл. Эгер, кол салуучулар Аллахтын хукмун кабыл алышса, муминдер Аллахка итаат кылып, Анын ыраазылыгын көздөп, туура адилетке негизделген оңдоп-түзөөнү ишке ашырган болушат. Анткени,

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلۡمُقۡسِطِينَ﴾

***“Аллах калыстык кылуучуларды сүйөт”.”***

- Ибн Саъдийдин «Тайсирул Каримул Маннан фи тафсирил Куръан» китебинде мындай делет:

Бул аят муминдерди бир-бирине зулум кылуудан жана согушуудан кайтарууну өз ичине алган. Эгер, муминдерден болгон эки тайфа бир-бирине каршы согушса, калган муминдер алардын ортосун оңдоо жана сулхка алып бара турган эң чырайлуу жол менен арага түшүү аркылуу бул чоң жамандыкты токтотушу т.а. сулхка алып баруучу жолдо болушу лазым. Эгер, эки тарап сулхка келишсе, кандай гана ажайып ниъмат болот.

﴿فَإِنۢ بَغَتۡ إِحۡدَىٰهُمَا عَلَى ٱلۡأُخۡرَىٰ فَقَٰتِلُواْ ٱلَّتِي تَبۡغِي حَتَّىٰ تَفِيٓءَ إِلَىٰٓ أَمۡرِ ٱللَّهِۚ﴾

***“Эгер, алардын бири экинчисине кол салса, анда*** *(кол салуучу тайфа)* ***Аллахтын буйругуна кайтмайынча, кол салган*** *(тайфага)* ***каршы согушкула!”.*** Т.а. Аллах жана Расулу ﷺ белгилеген жакшы иштерди кылып, жаман иштерди – эң жаманы болгон бир-бирине каршы согушууну – таштамайынча аларга каршы согуш кылынат. Аллах Тааланын:

﴿فَإِن فَآءَتۡ فَأَصۡلِحُواْ بَيۡنَهُمَا بِٱلۡعَدۡلِ﴾

***“Эми, эгер ал*** *(тайфа кол салуудан)* ***кайтса, дароо алардын ортосун адилеттик менен оңдогула”,*** деген сөзү сулхка жана сулхта адилеттик кылууга үндөгөн буйрук. Себеби, кээде сулхка жетишүү мүмкүн, бирок, сулхта адилеттик болбошу жана араздашкан тараптардын бирине зулум кылынган болушу мүмкүн. Бул болсо, бизге буйрук кылынган сулх эмес. Ага ылайык, эки

тараптын биринде тууганчылык, мекенчилдик жана ушуга окшогон адилетсиздикке алып баруучу максад жана жаман ниеттерге таянбоо лазым. Ошондуктан:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلۡمُقۡسِطِينَ﴾

***“Аллах калыстык кылуучуларды сүйөт”***, делип жатат. Т.а. адамдар ортосунда хукм кылууда жана бардык башкаруу иштеринде адилеттик кылуучуларды сүйөт дегени. Эрдин өз аялынын жана үй-бүлөсүнүн акы-укуктарын аткарууда адилеттик кылышы да ушуга кирет. Сахих хадисте мындай делет:

«الْمُقْسِطُونَ عِنْدَ اللهِ عَلَى مَنَابِرَ مِنْ نُورٍ، الَّذِينَ يَعْدِلُونَ فِي حُكْمِهِمْ وَأَهْلِيهِمْ، وَمَا وُلُّوا»

«**Адилеттүү кишилер Аллахтын алдында нурдан болгон минбарларда олтурушат. Алар өздөрүнүн башкаруу иштеринде, аялдары жаатында жана өздөрүнө тапшырылган иштерде адилеттик кылгандар**».

- Саййид Тантовийдин «Тафсирул васит лилкуръанил карим» деген тафсиринде мындай делет:

Аяттын «إِنْ» (эгер) сөзү менен башталышы мусулмандар ортосунда согуш болушу таптакыр туура эместигин түшүндүрүү үчүн айтылган. Эгер, кемден-кем учурда бул нерсе жүз берсе, мусулмандар бардык каражаттарды ишке салып, аны токтотушу лазым. Аллах Тааланын:

﴿فَإِنۢ بَغَتۡ إِحۡدَىٰهُمَا عَلَى ٱلۡأُخۡرَىٰ فَقَٰتِلُواْ ٱلَّتِي تَبۡغِي حَتَّىٰ تَفِيٓءَ إِلَىٰٓ أَمۡرِ ٱللَّهِۚ﴾

***“Эгер, алардын бири экинчисине кол салса, анда*** *(кол салуучу тайфа)* ***Аллахтын буйругуна кайтмайынча, кол салган*** *(тайфага)* ***каршы согушкула!”*** деген каламындагы “بغي“ (кол салуу) сөзү душмандыкты, чектен чыгууну, тууралыкка жетектеген сулхтан баш тартууну түшүндүрөт. Т.а. эки тайфанын бири башкасына зулум кылып, адилет жана хактын чегинен чыкса, эй муминдер, ошол чектен чыккан топко каршы – Аллахтын хукмуна жана амрине кайтышмайынча, Биз буюрган сулхту кабыл алышмайынча – согушкула дегени. Аллах Субханаху оңдоп-түзөөнү адилеттик менен белгиледи. Андан кийин муну “قِسْط“ (калыстыкка) буйруу менен баса белгиледи. Себеби, араны оңдоочулар адилетти бекем кармашы, эки тайфанын бири жабр жана зулум көрбөшү керек.

- Ибн Касирдин «Тафсирул Куръанил Азим» китебинде мындай келет:

Аллах Таала бир-бирине кол салган мусулмандардын арасын оңдоого буйруп мындай деди:

﴿وَإِن طَآئِفَتَانِ مِنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ ٱقۡتَتَلُواْ فَأَصۡلِحُواْ بَيۡنَهُمَاۖ﴾

***"Эгер, муминдерден болгон эки тайфа** (бир-бирине каршы) **согушса, дароо алардын ортосун оңдогула!".*** Аят бул эки тайфаны – бир-бирине каршы согушса да – муминдер деп атады. Бухарий жана башкалар ушул аятты далил кылып, күнөө амал – канчалык чоң болбосун – кишини ыймандан чыгарбайт, дешкен. Аллах Тааланын:

﴿فَإِنۢ بَغَتۡ إِحۡدَىٰهُمَا عَلَى ٱلۡأُخۡرَىٰ فَقَٰتِلُواْ ٱلَّتِي تَبۡغِي حَتَّىٰ تَفِيٓءَ إِلَىٰٓ أَمۡرِ ٱللَّهِۚ﴾

***"Эгер, алардын бири экинчисине кол салса, анда** (кол салуучу тайфа) **Аллахтын буйругуна кайтмайынча, кол салган** (тайфага) **каршы согушкула!"*** дегени, аларга каршы – Аллахтын буйругуна кайтып, хакка кулак салып итаат кылмайынча – согушкула дегени. Анас ﷺдан риваят кылынган сахих хадисте Расулуллах ﷺ мындай деди:

«انْصُرْ أَخَاكَ ظَالِـمًا أَوْ مَظْلُومًا»

«**Бурадарыңарга залим болсо да, мазлум болсо да жардам бергиле**». Анас айтат: Мен: "Я Расулуллах, мазлум абалында го жардам беремин, бирок залим абалында кантип жардам беришим мүмкүн?", - деп сурадым. Ал мындай деди:

«تَمْنَعُهُ مِنَ الظُّلْمِ، فَذَاكَ نَصْرُكَ إِيَّاهُ»

«**Аны зулумдан кайтарасың. Мына ушул нерсе ага жардам бергениң**». Аллах Тааланын:

﴿فَإِن فَآءَتۡ فَأَصۡلِحُواْ بَيۡنَهُمَا بِٱلۡعَدۡلِ وَأَقۡسِطُوٓاْۖ إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلۡمُقۡسِطِينَ﴾

***"Эми, эгер ал** (тайфа кол салуудан) **кайтса, дароо алардын ортосун адилеттик менен оңдогула.** (Ар дайым) **калыстык кылгыла! Анткени, Аллах калыстык кылуучуларды сүйөт"***, деген каламынын мааниси бир-бирине жеткирген зыян боюнча аларга адилеттик кылгыла, дегени. Аяттагы "قسط" сөзү – бул адилеттик.

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلۡمُقۡسِطِينَ﴾

***«Аллах калыстык кылуучуларды сүйөт»***, деген каламы жөнүндө Ибн Абу Хатим Абдуллах ибн Амрдан хадис риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«إِنَّ الْمُقْسِطِينَ فِي الدُّنْيَا عَلَى مَنَابِرَ مِنْ لُؤْلُؤَ بَيْنَ يَدَيِ الرَّحْمَنِ، بِمَا أَقْسَطُوا فِي الدُّنْيَا»

«**Дүйнөдө адилеттик кылгандар – адилети себебтүү – Рахмандын алдында берметтен болгон минбарларда олтурушат**».

- Ибн Атийянын «Мухаррирул важиз фи тафсири китабил азиз» китебинде мындай келет:

Аяттагы “الطائفة” (тайфа) сөзү жамаатты түшүндүрөт. Бул сөз кээде биримдикти да түшүндүрөт жана буга Аллах Тааланын ушул сөзү далил катары келтирилген:

﴿وَمَا كَانَ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ لِيَنفِرُواْ كَآفَّةٗۚ فَلَوۡلَا نَفَرَ مِن كُلِّ فِرۡقَةٖ مِّنۡهُمۡ طَآئِفَةٞ لِّيَتَفَقَّهُواْ فِي ٱلدِّينِ وَلِيُنذِرُواْ قَوۡمَهُمۡ إِذَا رَجَعُوٓاْ إِلَيۡهِمۡ لَعَلَّهُمۡ يَحۡذَرُونَ﴾

***«Муминдердин баары** (согушка) **чыгышы зарыл эмес. Акыры алардан ар бир топтон бир тайфа адамдар** (согуш үчүн) **чыгышпайбы?!** (Калгандары) **динди үйрөнүп,** (согушка кеткен) **коому алардын алдына кайтып келишкенде, ал коому Аллахтын азабынан сактанышы үчүн аларды эскертип турушу үчүн** (калышпайбы)**?!»*** [9:122]

Аяттын хукму жеке адамдарга да, жамааттарга да бирдей. Аяттагы «بغت» (багий) сөзүнүн мааниси мындай: шариат мыйзамдарынан өзүн үстөм койгон топ. Ар кандай учурда мындай топко каршы каршы күрөшүү керек. Аларга каршы согушуу үчүн валийлер менен бирге даярдык көрүлөт. Али ибн Абу Талиб розияллоху анхудан: “Сиффин жана Жамал калкы мушрик болдубу?”, - деп сурашканда: «Жок, алар ширктен качышкан», - деди. “Алар мунафыкпы?”, - деп сурашканда: «Жок, мунафыктар Аллахты аз эстешет», - деп жооп берди. “Андай болсо, алардын хукму кандай?”, - деп сурашты. Ошондо: «Бизге багий болгон бурадарларыбыз», - деп жооп берген. Набий ﷺ айтат: «**Багий жамаат жөнүндөгү Аллахтын хукму – жараат алган адамга зыян жеткирилбейт, качкан куулбайт, туткун өлтүрүлбөйт**».

Шафиий рохимахуллох айтат: Аллах Азза ва Жалла эки тайфанын бир-бирине каршы согушун айтты. Бул эки тайфа адилет жана хактын чегинен чыгып, аны четке каккан тайфа. Аллах Таала аларды муминдер деп атап, алардын ортосун оңдоону буюрду. Алар бөлүнүп бир-бири менен согушууну каалашса, оболу аларды сулхка чакыруу баарына милдет. Ушуга таянып, айтамын: Багийлерге даъват кылбай туруп түнкү чабуул уюштурулбайт. Себеби, Имам согуш баштоодон мурун Аллах Азза ва Жалла

буйргандай, сулхка чакырышы лазым. Аллах Азза ва Жалла багий топко каршы – Аллахтын буйругуна кайтышмайынча – согушууну буюрду. Эгер, кайтышса, алар менен согушууга эч кимдин акысы жок. Себеби, Аллах Азза ва Жалла багийлерге каршы – алар сулхтан баш тарткандан кийин (багийлигинен) кайтканга чейин – согушууга уруксат берген. ❑

«لَزَوَالُ الدُّنْيَا أَهْوَنُ عِنْدَ اللَّهِ مِنْ قَتْلِ مُسْلِمٍ»

## «АЛЛАХ НАЗАРЫНДА ДҮЙНӨНҮН КЫЙРАШЫ БИР МУСУЛМАНДЫН ӨЛТҮРҮШҮНӨН ЖЕҢИЛИРЭЭК» (1)

Куръани Карим Ислам Умматын бири-биринин канын жазыксыз төгүүдөн катуу эскерткендей, Набий ﷺ да өзүнүн хадиси шарифтеринде мындан эскертти. Ал тургай, мындан жеңил болгон мусулманды сөгүү сыяктуу амал фасыктык экенин айтты. Азар берүү максаты болбосо да, мусулманга курал багыттоону туура эмес деп эсептеди. Ислам шариятынын улуулугунун бири ушул: Ислам мусулмандардын гана канын төгүүнү харам кылуу менен чектелбестен, муахид, зиммий, амандык сурооочу сыяктуу кайрымусулмандардын да канын төгүүнү харам кылып, аларга чабуул кылууга тыюу салды. Бул туурасында өтө көптөгөн хадистер келген, бүгүнкү күндө аларды бекем кармоого өтө муктаж болуп турабыз. Төмөндө ошол хадистердин айрымдарын айтып өтөбүз:

- Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылынат, Набий ﷺ айтты:

«سِبَابُ الْمُسْلِمِ فُسُوقٌ، وَقِتَالُهُ كُفْرٌ»

**«Мусулманды сөгүү – фасыктык, алардын бири-бири менен согушуусу – куфр».** Ушул хадис мусулмандын акысы улуулугуна далил болуп, ал мусулмандын өз боордошун сөгүшүн фасыктык т.а. Аллахтын итаатынан чыгуу деп хукм кылууда. О.э. мусулман киши өз нафсине ээрчип же дүйнө үчүн боордошуна каршы – анын канын халал деп иътикад кылбастан – согушууну куфр деп атады. Бул жерде куфр деп аталышы катуу эскертилип жатканын түшүндүрөт, анын динден чыгышын түшүндүрбөйт. Абу Заръа чоң атасы Жарирден риваят кылган хадис да ушуга окшойт. Жарир айтат: Набий ﷺ хажжатул вадаъда адамдарды тынчтыкты сактоого чакыргандан кийин мындай деди:

«لاَ تَرْجِعُوا بَعْدِي كُفَّارًا يَضْرِبُ بَعْضُكُمْ رِقَابَ بَعْضٍ»

**«Менден кийин бири-бириңерди өлтүрүп, кайра кафир болуп кетпегиле».** (Муслим риваяты).

• Абу Бакра ﵁ Ахнаф ибн Кайстын согушка жөнөп жатканын көрүп: "Кайда бара жатасың?", - деп сурады. "Бул кишиге жардам бермекчимин", - деп жооп берди. Ошондо ал мындай деди: "Кайткын, себеби, мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уккам:

«**إذَا التقَى المُسْلِمَانِ بسَيْفَيْهِمَا فَالقَاتِلُ والمَقْتُولُ فِي النَّارِ**، فَقُلتُ: يَا رَسولَ اللَّهِ، هَذَا القَاتِلُ فَمَا بَالُ المَقْتُولِ؟ قَالَ: **إنَّهُ كَانَ حَرِيصًا عَلَى قَتْلِ صَاحِبِهِ**»

«**Эгер, эки мусулман кылычтары менен алышса, өлтүргөн да, өлгөн да тозокто».** Мен: "Я Расулуллах, мунусу го адам өлтүрдү, өлтүрүлгөндүн айыбы эмнеде?", - деп сураган элем. Ал: "**Анткени, ал да өз досун өлтүрмөкчү эле да"**, - деп жооп берди». (Бухарий риваяты).

• Абдуллах ибн Умардан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ айтты:

«**مَا يَمْنَعُ أَحَدَكُمْ إِذَا جَاءَ مَنْ يُرِيدُ قَتْلَهُ أَنْ يَكُونَ مِثْلَ ابنَيْ آدَمَ، الْقَاتِلُ فِي النَّارِ وَالْمَقْتُولُ فِي الْجَنَّةِ**»

«**Силерден ким, кимдир бирөө аны өлтүрүү үчүн келсе, Адам алайхиссаламдын катыл тозокто, мактул бейиште болгон эки уулу сыяктуу болсун**». (Имам Ахмад риваяты). Мусулмандар ортосундагы фитна жөнүндө Абу Муса Набий ﷺдан риваят кылат: Расул ﷺ айтты:

«**فِي الْفِتْنَةِ كَسِّرُوا فِيهَا قِسِيَّكُمْ وَقَطِّعُوا أَوْتَارَكُمْ وَاضْرِبُوا بِسُيُوفِكُمُ الْحِجَارَةَ؛ فَإِنْ دُخِلَ عَلَى أَحَدِكُمْ بَيْتُهُ فَلْيَكُنْ كَخَيْرِ ابْنَيْ آدَمَ**»

«**Фитна заманында жааңарды сындыргыла, жибин үзгүлө, кылычыңарды ташка ургула. Эгер, кимдир бирөө үйүңөргө кирсе Адам алайхиссаламдын эки уулунун жакшысы болгула**». (Беш имам риваят кылган, Насаий гана риваят кылбаган).

- Абдуллах ибн Амр Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«لَزَوَالُ الدُّنْيَا أَهْوَنُ عِنْدَ اللَّهِ مِنْ قَتْلِ مُسْلِمٍ»

«**Аллахтын назарында дүйнөнүн кыйрашы бир мусулмандын өлтүрүлүшүнөн жеңилирээк**». (Бухарий риваяты). Башка бир риваятта Пайгамбар ﷺ айтты:

«لَزَوَالُ الدُّنْيَا جَمِيعًا؛ أَهْوَنُ عَلَى اللهِ مِنْ دَمٍ يُسْفَكُ بِغَيْرِ حَقٍّ»

«**Аллахтын назарында бүткүл дүйнөнүн кыйрашы бир гана жазыксыз төгүлгөн кандан жеңилирээк**». Бул жерде Набий ﷺ Аллахтын назарында дүйнөнүн кыйрап жок болуп кетиши бир мусулман кишинин шаръий себепсиз, жазыксыз өлтүрүлүшүнөн жеңил жана маанисиз деп кабар берип, муну чоң күнөөлөрдөн деп эсептеп жатат.

- Расулуллах ﷺ айтат:

«أَوَّلُ مَا يُقْضَى بَيْنَ النَّاسِ بِالدِّمَاءِ»

«**Адамдардын ортосунда эң биринчи эсеп кылына турган нерсе – төгүлгөн кан**». (Бухарий риваяты). Бул хадис кан төгүү канчалык оор күнөө экенин, ал Кыямат күнү адамдардын ортосунда эң биринчи эсеп-китеп кылына турган нерсе болуп, коркунучу чоңдугун баса белгилөөдө.

- Расулуллах ﷺ айтты:

«إِنَّ مِنْ وَرَطَاتِ الْأُمُورِ، الَّتِي لاَ مَخْرَجَ لِمَنْ أَوْقَعَ نَفْسَهُ فِيهَا، سَفْكَ الدَّمِ الْحَرَامِ بِغَيْرِ حِلِّهِ»

«**Ушундай кылмыштар бар, аны ыктыярдуу кылган адам** (анын күнөөсүнөн) **кутула албайт. Бул, харам кылынган канды төгүү**». (Бухарий риваяты). Бул туурасында Расулуллах ﷺ дагы мындай деген:

«لَنْ يَزَالَ الْمُؤْمِنُ فِي فُسْحَةٍ مِنْ دِينِهِ مَا لَمْ يُصِبْ دَمًا حَرَامًا»

«**Момун ырас харам кылынган канды төкпөгөн соң, дининде кеңдикте-жетиктикте болот**». (Имам Бухарий риваяты). Т.а. бир момун башка бир момунду, же зиммийди, же муахидди, же болбосо мустаъминди өлтүрбөгөн болсо, ушундай болот... Себеби, алар харам кылынган кандар.

Алардын эң катуу жана оору – момундун каны. Ибн Мажа жана Ибн Хиббан да кудум ушул мааниде Расулуллах ﷺдан риваят кылышкан: Расулуллах ﷺ айткан:

«أَيُّمَا رَجُلٍ أَمِنَ رَجُلاً عَلَى دَمِهِ ثُمَّ قَتَلَهُ، فَأَنَا مِنَ الْقَاتِلِ بَرِيءٌ وَإِنْ كَانَ الْمَقْتُولُ كَافِرًا»

**«Ким бир кишиге амандык берген болсо, кийин аны өлтүрсө, мен ошол катылды жек көрөм, ал тургай, өлтүрүлгөн адам кафир болсо да».**

- Аиша رضي الله عنها Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«أَبْغَضُ النَّاسِ إِلَى اللهِ ثَلاَثَةٌ: مُلْحِدٌ فِي الْحَرَمِ، وَمُبْتَغٍ فِي الْإِسْلاَمِ سُنَّةَ الْجَاهِلِيَّةِ، وَمُطَّلِبُ دَمِ امْرِىءٍ بِغَيْرِ حَقٍّ لِيُهَرِيقَ دَمَهُ»

**«Аллах үчүн эң ыплас адам үчөө: харамдын ичиндеги дахрий адам, Исламда туруп жахилият мыйзамдарын каалаган адам о.э. кишинин канын жазыксыз төгүү талабында жүргөн адам».** (Имам Бухарий риваяты). Табароний жана Байхакий риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ мындай деген:

«مَنْ اسْتَطَاعَ أَنْ لاَ يُحَالَ بَيْنَهُ وَبَيْنَ الْجَنَّةِ بِمِلْءِ كَفِّهِ مِنْ دَمٍ أَهْرَاقَهُ فَلْيَفْعَلْ»

**«Ким** (жазыксыз) **төгүлгөн бир ууч кан себептүү аны менен бейиштин ортосу тосулуп калышын токтото алса, ошондой кыла берсин».** Ибн Мажа кылган риваятта Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«مَنْ لَقِيَ اللهَ لاَ يُشْرِكُ بِه شَيْئًا لَمْ يَتَنَدَّ بِدَمٍ حَرَامٍ دَخَلَ الْجَنَّةَ»

**«Ким Аллахка Ага эч нерсени шерик келтирбеген, харам канга булганбаган абалда жолукса, бейишке кирет».**

Ушул хадис жөнүндө Укба ибн Амир Жуханий риваят кылып айтат: Расулуллах ﷺдын:

«مَنْ لَقِيَ اللهَ لاَ يُشْرِكُ بِه شَيْئًا»

**«Ким Аллахка Ага эч нерсени ширк келтирбей жолукса»**, дегени толук жана якин ыйман менен Аллахты жалгыз деп ишенип дүйнөдөн өтсө дегени.

«لَمْ يَتَنَدَّ بِدَمٍ حَرَامٍ»

**«Харам канга булганбай жолукса»**, дегендеги لم يتند сөзү النديдан алынган. الندى жамгыр тамчылары болуп, хадисте кан тамчылары көздөлгөн. Т.а. түздөн-түз же тукуруу аркылуу күнөөсүз канга булганбаган... деген мааниде.

«دَخَلَ الْجَنَّةَ»

**«Бейишке кирет»** дегени, мунун сыйлыгы, Аллахтын фазилети менен, Анын алдындагы бейишке кирет дегени. Бул албетте бардык чоң-кичине күнөөлөрүнө жараша жаза алгандан кийин болот. Негизи, **момун киши –** Бухарий риваятында келгендей – **эгерде, харам кылынган канды төкпөгөн болсо, growth динде кеңдикте-жетиктикте болот.**

- Абу Хурайра ﵁ риваят кылат, Расулуллах ﷺ айтты:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لاَ تَذْهَبُ الدُّنْيَا حتَّى يَأْتِيَ على النَّاسِ يَوْمٌ لاَ يَدْرِي الْقَاتِلُ فِيمَ قَتَلَ، وَلاَ الْمقْتُولُ فِيمَ قُتِلَ. فقِيلَ: كيفَ يَكونُ ذَلِكَ؟ قَالَ: الْهَرْجُ، الْقَاتِلُ والْمَقْتُولُ فِي النَّارِ»

**«Жаным колунда болгон Затка ант, адамдарга катыл эмне үчүн өлтүргөнүн, мактул эмне үчүн өлтүрүлгөнүн билбей турган күн келмейинче дүйнө бүтпөйт**. Бул кандай болот, деп сурашканда, Расулуллах ﷺ айтты: **Харж. Катыл да, мактул да тозокто.** (Муслим риваяты). Бу Хадисте Набий ﷺ адамдардын башына жалпы жамандык заманы келмейин бул дүйнө жок болууга жүз тутпайт деп ант ичти. Мындай заманда эмне себептүү өлтүргөнүн катыл да, мактул да билбейт. Расулуллах ﷺ муну «الهرج » (харж) деп атады. Харж – бул катылдыкка алып бара турган фитна жана башаламандык. Башка бир риваятта Расулуллах ﷺ айтты:

«يُؤْتَى بَالُ قَاتِلٍ وَالْمَقْتُولِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ فَيَقُولُ: أَيْ رَبِّ، سَلْ هَذَا فِيمَ قَتَلَنِي؟ فَيَقُولُ: أَيْ رَبِّ أَمَرَنِي هَذَا. فَيُؤْخَذُ بِأَيْدِيهِمَا جَمِيعًا فَيُقْذَفَانِ فِي النَّارِ»

**«Кыямат күнү катыл жана мактул алып келинет. Мактул: "Я Роббим, мындан мени эмнеге өлтүргөнүн сура", - дейт.**

**Катыл: “Я Роббим, мени буга баланча буюрду”, - дейт. Ошондо катыл да, буйрук берген да колунан кармалып, тозокко ташталат**». Ибн Аббастан суралды: “Эй Абу Аббас, катылдын тообосу кабыл болобу?”. Ибн Аббас анын сөзүнө таң калып: “Эмне деп жатасың?”, - деди. Суроочу суроосун кайталады. Кийин дагы эки же үч ирет «эмне деп жатасың?» деген жоопту алды. Андан кийин Ибн Аббас мындай деди: Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уккам:

**«يَأْتِي الْمَقْتُولُ مُتَعَلِّقًا رَأْسُهُ بِإِحْدَى يَدَيْهِ مُتَلَبِّبًا قَاتِلَهُ بِالْيَدِ الْأُخْرَى تَشْخُبُ أَوْدَاجُهُ دَمًا حَتَّى يَأْتِيَ بِهِ الْعَرْشَ، فَيَقُولُ الْمَقْتُولُ لِرَبِّ الْعَالَمِينَ: هَذَا قَتَلَنِي فَيَقُولُ اللهُ عَزَّ وَجَلَّ لِلْقَاتِلِ: تَعِسْتَ وَيُذْهَبُ بِهِ إِلَى النَّارِ»**

«**Кыямат күнү өлтүрүлгөн адам, бир колу менен асылган башын кармап, экинчи колу менен катылды бекем кармап, тамырларынан кан аккан абалда арштын алдына келет. Ал ааламдар Роббисине: “Мына бул мени өлтүрдү”, - дейт. Аллах Азза ва Жалла катылга: “Сен бактысызсың”, - дейт. Андан кийин тозокко ташталат**».

- Расулуллах ﷺ айтты:

**«إِذَا أَصْبَحَ إِبْلِيسُ بَثَّ جُنُودَهُ فَيَقُولُ: مَنْ أَخْذَلَ الْيَوْمَ مُسْلِمًا أَلْبَسْتُهُ التَّاجَ، قَالَ فَيَجِيءُ هَذَا فَيَقُولُ: لَمْ أَزَلْ بِهِ حَتَّى طَلَّقَ امْرَأَتَهُ، فَيَقُولُ يُوشِكُ أَنْ يَتَزَوَّجَ، وَيَجِيءُ لِهَذَا فَيَقُولُ: لَمْ أَزَلْ بِهِ حَتَّى عَقَّ وَالِدَيْهِ، فَيَقُولُ يُوشِكُ أَنْ يَبِرَّهُمَا، وَيَجِيءُ هَذَا فَيَقُولُ: لَمْ أَزَلْ بِهِ حَتَّى أَشْرَكَ، فَيَقُولُ أَنْتَ أَنْتَ، وَيَجِيءُ هَذَا فَيَقُولُ: لَمْ أَزَلْ بِهِ حَتَّى قَتَلَ، فَيَقُولُ أَنْتَ أَنْتَ وَيُلْبِسُهُ التَّاجَ»**

«**Иблис эрте таңда аскерлерин ар тарапка жөнөтүп айтат: “Ким бүгүн бир мусулманды жок кылса, ага таажы кийгизем!”. Ошондо алардын бири келип айтат: “Бир мусулманды азгырууну токтотподум, акыры, өз аялын талак кылды”. Иблис айтат: “Тез арада кайра үйлөнүп ала берет”. Дагы бири келип айтты: “Мен васваса кылууну токтотподум, акыры, ата-энесине ак болду”. Иблис айтат: “Тез арада кайра аларга жакшылык кыла берет”. Башка бири келип айтты: “Мен аны васваса**

**кылууну токтотподум, акыры, ширк келтирди". Ошондо Иблис: "Сенсиң таажынын ээси, сенсин", дейт. Башка бири келип: "Мен аны азгырууну токтотподум, акыры, ал адам өлтүрдү", - дейт. Андан кийин: "Сенсиң таажынын ээси, сенсиң", - деп таажыны ага кийгизет»**. Бул хадис Аллах Тааланын назарында адам өлтүрүү канчалык чоң күнөө экендигин баян кылууда.

- Расулуллах ﷺ айтты:

**«يَخْرُجُ عُنُقٌ مِنْ النَّارِ يَتَكَلَّمُ يَقُولُ وُكِّلْتُ الْيَوْمَ بِثَلاَثَةٍ؛ بِكُلِّ جَبَّارٍ عَنِيدٍ، وَمَنْ جَعَلَ مَعَ اللهِ إِلَهًا آخَرَ، وَمَنْ قَتَلَ نَفْسًا بِغَيْرِ حَقٍّ، فَيَنْطَوِي عَلَيْهِمْ فَيَقْذِفُهُمْ فِي حَمْرَاءَ جَهَنَّمَ»**

**«Тозоктон бир моюн чыгып, тилге кирет: "Бүгүн мага үч топ адам тапшырылды: Баары кайсар залимдер, Аллахка кошо дагы башка бир «кудай» кылып алышкан, жазыксыз адам өлтүрүшкөн". Кийин аларды өз иримине алып, тозоктун кып-кызыл түбүнө таштайт».**

- Ибн Сиринден риваят кылынат: Абу Хурайраны мындай дегенин уктум: Абу Касим ﷺ мындай деген:

**«مَنْ أَشَارَ إِلَى أَخِيهِ بِحَدِيدَةٍ، فَإِنَّ الْمَلاَئِكَةَ تَلْعَنُهُ حَتَّى يَدَعَهُ، وَإِنْ كَانَ أَخَاهُ لِأَبِيهِ وَأُمِّهِ»**

«**Ким өз бурадарына бир темирди багыттаса, ал атасы бир, энеси бир ага-иниси болсо да, темирди колунан таштамайын периштелер аны наалаттап турат**». (Бухарий риваяты). Имам Нававий рахимахуллах айтат: Мында мусулмандын кол тийгистиги өтө жогору экени баса белгиленип, аны коркутуу жана азар берүүчү нерсе менен тосуп алуудан катуу кайтарууда. «**Ал атасы бир, энеси бир ага-ини болсо да**» деген сөзү менен ар кандай адамга карата – ал кылмышта айыпталып, же айыпталбай жатканына, же ага карата оюн же азил катары кылынышына карабастан – ушундай кылбоо туурасындагы кайтаруунун жалпы экенин түшүндүрүүдө. Себеби, мусулманды коркутуунун ар кандай көрүнүшү харам. Башка риваятта ачык баян кылынгандай, курал ага кокусунан тийип кетиши да мүмкүн.

Периштелердин аны наалатташы бул амалдын харам экендигин түшүндүрөт.

- Расулуллах ﷺдан риваят кылынат:

«مَنْ حَمَلَ عَلَيْنَا السِّلاَحَ فَلَيْسَ مِنَّا»

«**Ким бизге каршы курал көтөрсө, бизден эмес**». (Табароний кабирде риваят кылган). Бул хадис да мусулмандарга каршы согушуу харам экендигине, оор күнөө экенине далил. Андагы **«бизден эмес»** сөзү мусулмандардан чыгышын талапа кылат. Бул сөз биздей эмес, же биздин тарыйкатыбызда эмес, же ушуга окшош деп шархталган. Имам Санъаний рахимахуллах айтат: Расулуллах ﷺдын

«مَنْ حَمَلَ عَلَيْنَا السِّلاَحَ فَلَيْسَ مِنَّا»

«**Ким бизге каршы курал көтөрсө, бизден эмес**», деген сөзү ким мусулмандарга каршы жазыксыз согушуу үчүн курал көтөрсө дегенди түшүндүрөт. Имам Нававий рахимахуллах айтат: Ахли сунна жана фукахалар мазхабы боюнча, ким мусулмандарга каршы эч кандай түшүндүрүүсүз, жазыксыз курал көтөрсө, муну халал эсептебесе, ал күнөөкөр. Муну менен ал кафир болбойт. Бирок, бул ишин халал эсептеши – куфр. **«Бизден эмес»** сөзүнүн мааниси, ахли илимдин назарында, биз жүргөн хидят жолунда жүрбөгөн, биздин илим-амалыбыз жана чырайлуу тарыйкатыбызга амал кылбаган деген маанини түшүндүрөт. Бул кудум ата өз перзентинин ишине наразы болгондо «менден эмессиң» дегени сыяктуу... Бул туурасында келген бардык хадистерде да кудум ушундай.

(Уландысы бар) ❑

## ООР УЧУРДАГЫ БЕКЕМ ПОЗИЦИЯЛАР (1)

– Умар ибн Хаттаб ﵁ мындай деген: «**Биз Аллах Ислам менен күч-кубаттуу кылган калкпыз. Качан күч-кубатты башка нерседен кааласак, Аллах бизди кор кылат**». Дагы бир риваятта айтат: «**Биз Аллах Ислам менен күч-кубаттуу кылган калкпыз. Арийне, Аллахтын ордуна башка эч нерсе каалабайбыз**».

– Хасан Басрий рахимахуллах айтат: «Ушундай адамдар бар, аргымактарын тез чаптырып жүрүшсө да, арттарында адамдар аларга жети бүгүлүп турушса да, бирок, асийликтин (итаатсыздыктын) кордугу моюндарынан кетпейт. Аллах Ага асий болгондорду кор кылбай койбойт».

– **Набий ﷺдын Абу Талибге карата позициясы**: Курайш калкы Абу Талибдин алдына келип: «Эй Абу Талиб, иниңдин баласы Каъбада биздин алдыбызга келип, бизге азар бере турган нерселерди сүйлөп жатат. Эгер, сен анын бул ишин токтотуу зарыл деп билсең, ошондой кыл», деди. Ошондо Абу Талиб Расул ﷺдын аталаш агасы Акилге: «Эй Акил, иниңди мага таап кел», - деди. Акил чыгып, аны таап, Абу Талибдин алдына чакырып келди. Абу Талиб айтты: «Эй инимдин баласы, Аллахка ант, мага итаатсыздык кылганыңды билбейм. Коомуң менин алдыма келип, сен Каъбага жана алардын жыйындарына барып, аларга азар бере турган сөздөрдү айтып жатканыңды айтышты. Менимче, сен мындан алыс болушуң керек». Ошондо Расулуллах ﷺ көздөрүн асманга каратып: **«وَاللهِ مَا أَنَا بِأَقْدَرَ عَلَى أَنْ أَدَعَ مَا بُعِثْتُ بِهِ مِنْ أَنْ يَشْتَعِلَ أَحَدُكُمْ مِنْ هَذِهِ الشَّمْسِ شُعْلَةً مِنْ نَارٍ»**

«**Аллахка ант, эч бириңер ушул күндүн бир кымын жалынын үзүп алууга кудуреттүү болбогонуңардай, мен да мага жөнөтүлгөн нерсени таштоого кудуреттүү эмесмин**», - деди. Ошондо Абу Талиб Курайшка мындай деди: «Аллахка ант, инимдин баласы эч качан жалган сүйлөбөгөн, баргыла, кеткиле».

– **Умму Хабиба ﵂нун Исламга кире элек Абу Суфянга карата позициясы**: Абу Суфян өз кызы Умму Хабиба ﵂нун алдына кирди. Ал Расулуллахтын көрпөгө олтурмакчы болгондо Умму Хабиба көрпөнү жыйнап алды. Абу Суфян: «Кызым, көрпөнү мага ыраа көрбөдүңбү же мени көрпөгөбү?», - деди. Умму Хабиба жооп кылды: «Бул Расулуллахтын көрпөсү, сиз нажас мушриксиз».

Ошондо Абу Суфян: «Кызым, менден кийин сага жамандык илешиптир», - деди.

– **Саъд ибн Муаздын ахзаб күнүндө Расулуллах ﷺдын алдындагы позициясы**: Ахзаб күнүндө адамдарга сыноо катуу келгенде Расулуллах ﷺ Гатафандын башчылары Уяйна ибн Хисн менен Харис ибн Авф Миррийге элчи жөнөтүп, ал затты жана сахабаларын тынч коюунун, коому менен кайтып кетүүнүн акысына Медина мөмөсүнүн үчтөн бирин берүүнү сунуш кылды. Эки тараптын ортосунда сулх жараяны башталып, ал тургай, келишим кагазга түшүрүлдү. Бирок, күбөлүк да, сулх келишими да аягына жетпеген эле, сүйлөшүү жүрүп жаткан. Расулуллах ﷺ келишимди аягына жеткирүүнү каалап, эки Саъдга адам жөнөттү. Алар менен кеңешип, бул жөнүндө кабар берди. Алар айтышты: "Я Расулуллах, бул сиз жакшы көргөн жана биз кылышыбыз керек болгон ишпи же аткарышыбыз зарыл болгон Аллахтын хукмубу, же болбосо биз үчүн кылып жаткан бир чараңызбы?". Ал айтты: «**Жок, бул силер үчүн кылып жатканым бир чара. Аллахка ант, бардык арабдар силерге каршы бириккенин, силерге каршы ар тараптан иттей асылышканын көрүп, ушул чараны кылып жатам. Муну менен белгилүү бир мөөнөткө алардын күч-кубатын сындырмакчымын**». Саъд ибн Муаз رضي الله عنه айтты: «Я Расулуллах, биз да алар сыяктуу мушрик, бутпарас элек. Аллахка ибадат кылбачубуз жана Аны таанбайт элек. Алар мөмөбүздүн бир даанасын да алууну ойлоруна келтиришпеген, конок болуп келгенде гана жешет эле же сатып алышчу. Бүгүн Аллах бизди Ислам менен сыйлап, хидаят кылгандан, Ислам жана сиз менен азиз-күчтүү кылгандан кийин аларга мал-мүлкүбүздү өз колубуз менен берип коёбузбу? Буга муктаждыгыбыз жок. Аллахка ант болсун, Ал Зат биз менен алардын ортосунда өкүм кылганга чейин, аларга эч нерсе бербейбиз, кылыч гана көтөрөбүз". Расулуллах ﷺ: «**Айтканың болсун**», - деди. Саъд ибн Муаз баракты алып, андагы жазууну өчүрүп: "Кана бизге күчтөрүн көрсөтүшсүнчү", - деди.

– **Умар ибн Хаттаб رضي الله عنهнун Абу Убайда رضي الله عنهга карата позициясы:** Тарик ибн Шихаб риваят кылып айтат: Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه Шамга келди. Биз Абу Убайда менен бирге аны тосуп алдык. Алар кечип өтө турган суунун алдына келгенде Умар төөсүнөн түшүп, маасысын чечип мойнуна илип, төөсүн тизгининен жетелеп суудан кечип өттү. Ошондо Абу Убайда رضي الله عنها: «Эй амирул муъминин, сиз ушундай кылып жатасызбы? Маасыны

чечип, мойнуңузга илип, төөңүздү жетелеп суу кечесизби? Шаар калкы сизди бул абалда күтүп алышын мен каалабайм», - деди. Умар ﵁ мындай деди: «**Эх, Абу Убайда, эгер сенден башкасы болгондо, ушундай жазасын бермекмин, Мухаммад** ﷺдын **Умматына үлгү болот эле. Биз бир кордолгон коом элек. Аллах бизди Ислам менен күч-кубаттуу кылды. Эгер, биз күч-кубатты Исламдан башка нерседен издесек, Аллах бизди кор кылат**».

– **Саъд ибн Абу Ваккас ﵁нун энесине карата позициясы**: Саъд ﵁ Исламга кирген соң, энеси кабар таап, ачуусу келди жана ага мындай деди: «Эй Саъд, сен кабыл алган, ата-энеңдин дининен сени азгырган бул кандай дин? Аллахка ант, же бул жаңы диниңди таштайсың, же мен өлгөнгө чейин эч нерсе жебейм жана ичпейм, абалыма кайгырып, жүрөгүң эзилет, кылмышыңа өкүнүп ич-этиңди жеп таштайсың, адамдар түбөлүк сени айыптап өтүшөт». Ошондо Саъд ﵁ энесине: «Андай кылбаңыз энеке, мен динимди эч нерсеге алмаштырбайм», - деди. Бирок, энеси опузалап катуу туруп, жеп-ичүүдөн баш тартты жана ушул абалда жебей-ичпей бир нече күн өткөрдү. Акыбетте, азып кетти, сөөктөрү бошошуп, алдан тайды... Саъд ﵁ энесинин алдына бат-бат келип, бирер нерсе жешин, аз эле болсо да ичимдик ичишин сурап турду. Энеси болсо катуу баш тартты жана Саъд ﵁дан динин таштоону талап кылды, антпесе өлгүчө эч нерсе жебенге жана ичпегенге ант ичти. Акыры, Саъд ﵄ энесине айтты: «Энекем, сизге болгон мухаббатым албетте күчтүү, бирок, Аллах жана Расулуна болгон мухаббатым андан да күчтүү. Аллахка ант, миң жаныңыз болуп, жаныңыз арты-артынан чыкканда да бул динимди таптакыр таштабаймын». Энеси Саъд ﵁нун динде олуттуулугун көргөн соң, бул нерсеге көнүп, жеп-ичүүгө мажбур болду.

– **Али ибн Абу Талиб ﵁нун Амр ибн Абду Ваддга карата позициясы**: Курайштын кайраттуу чабандездери үчөө болсо, алардын бири Амр ибн Абду Вадд эле. Ал Бадр күнү согушуп жарадар болгондуктан, Ухуд согушунда катышпаган. Хандак күнү болсо өлүм үчүн чыкты. Ал атчан аскерлери менен токтогондо Али ﵁ ага: "Эй Амр, Курайштын алдында бирер киши эки сыфатка даъват кылса, экөөсүнүн бирин кабыл алышың туурасында Аллахка убада берген элең, ушундайбы?", - деди. Амр: «Ооба, ошондой», - деди. Али ﵁ ага: «Анда, мен сени Аллах Азза ва Жаллага, Анын

Расулу ﷺга, Исламга даъват кыламын”, - деди. Ал: «Мага анын кереги жок», - деди. Ошондо Али: «Анда, мен сени жекеме-жеке күрөшкө чакырам», - деди. Амр: «Эй агамдын уулу, эмнеге? Аллахка ант, мен сени өлтүрүүнү каалабаймын», - деди. Али: «Бирок, мен сени өлтүрүүнү каалаймын», - деди. Ошондо Амрдын ачуусу келип, атынан секирип түшүп, атын коё берди... Алинин алдына келип: «Алыша турган ким бар?», - деди. Темир соот кийип алган Али: «Я Расулуллах, мен аны менен алышканы чыгам», - деди. Расулуллах ﷺ: «Ал Амр ибн Абд Вад, олтуруңуз ордуңузга», - деди. Ошондо Амр: «Бир да эр жигит жокпу?», - деп кыйкырды. Ошондон кийин Расулуллах ﷺ ага (Алиге) урухсат берди. Али رضي الله عنه мындай деп ага карап басты:

Амр: «Сен кимсиң?», - деди. «Мен Алимин», - дегенде, Амр: «Кимдин уулусуң? Абдуманнафтын уулусуңбу?», - деди. Али: «Мен Али ибн Абу Талибмин», - деди. Амр: «Эй агамдын уулу, агаларың арасында сага караганда жашы улуурагы да бар, артыңа кайт, каныңды төгүүнү каалабайм», - деди. Али: «Бирок, Аллахка ант, мен сенин каныңды төгүүнү каалаймын», - деди. Муну угуп Амр ачууланды жана атынан түшүп кылычын чыгарды, анын кылычы оттун жалыны сыяктуу жалтылдап турду. Ал ачууланып, Али тарапка басты. Али аны териден жасалган калканы менен тосуп алды. Амр калканга сокку уруп, аны жарып таштады, кылыч андан өтүп Алинин башына тийип, аны жаралады. Али رضي الله عنه анын күрөө тамырына урду. Натыйжада, ал жерге кулап, чоң-тозоң көтөрүлдү. Расулуллах ﷺ такбир жаңырыктарын угуп, Алинин аны өлтүргөнүн билди. Андан кийин Али رضي الله عنه Расулуллах ﷺ тарапка басты, жүзү кубанычтан жаркырап турган эле. Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه: «Анын соотун олжо кылып албаптырсың да, арабдардын ага караганда жакшыраак сооту жок», - деди. Али: «Ага катуу сокку бердим. Агамдын уулунун нерселерин тартып алып, (жылаңач калтыруудан) уялдым. Атчан аскерлери качып, хандактан кетип көрүнбөй калышты», - деди.

– **Абдуллах ибн Масъуд رضي الله عنهнун Куръанды бийик окуган позициясы**: Бир күнү Расулуллах ﷺдын Меккедеги сахабалары топтолушту. Алар аз санда, алсыз абалда эле. Алар: «Аллахка ант, Курайш бул Куръан ачык, бийик тилават кылынганын ушул убакка чейин укпады. Куръанды аларга ким окуп уктурат?!» - дешти. Ошондо Абдуллах ибн Масъуд رضي الله عنه: “Аларга мен окуп уктурам”, - деди. Ошондо алар: «Сага алар зыян жеткиришинен коркобуз,

алар жамандык кылмакчы болушса, алардан коргой турган тууган-уругу бар киши окуп, уктурушун каалайбыз», - дешти. Абдуллах: «Бул ишти мага бергиле, Аллах мени коргойт», - деди. Андан кийин ал эрте менен Мечитке барып, Маками Ибрахимге келди, Курайш Каъбанын айланасында отурган. Абдуллах ибн Масъуд Маками Ибрахимде туруп ушул аяттарды окуду:

﴿ٱلرَّحۡمَٰنُ ۝ عَلَّمَ ٱلۡقُرۡءَانَ ۝ خَلَقَ ٱلۡإِنسَٰنَ ۝ عَلَّمَهُ ٱلۡبَيَانَ﴾

Окуй берди... Курайш: «Умму Абддын уулу эмне деди?», - деп ойлонуп калышты. “Өлүп калгыр, Мухаммад алып келген нерселерден тилават кылып жатат”, - дешти. Алар ордуларынан туруп, анын жүзүнө ура башташты... Абдуллах болсо окуй берди, Аллах каалаган жайга чейин аяттарды окуду. Ошондон кийин ал досторунун алдына жүзүнөн кан аккан абалда кайтты. Алар: «Биз ушундай болушунан корккон элек”, - дешти. Ошондо Абдуллах ибн Масъуд айтты: «Аллахка ант, Аллахтын душмандары көзүмө мынчалык кичине-арзыбас болуп көрүнбөгөн, кааласаңар эртең дагы окуймун». Алар: «Жок, ушул окуп, уктурганың жетиштүү, аларга өздөрү жактырбаган нерсени уктурдуң», - деди.

(Уландысы бар). ❑

## КАЙС ИБН САЪД ИБН УББАДА ХАЗРАЖИЙ

Бул инсан Набий ﷺдын кызматчысы, сакчысы, туучусу, улуу сахаба, Хазраж башчысы жана башчысынын уулу, сахабанын уулу Кайс ибн Саъд ибн Уббада ибн Дулайм ибн Хариса Саидий хазражий. Ал даңктуу сыфаттарды ата-бабаларынан мурас кылып алып, улуу жетекчи үй-бүлөдөн болгон. Анын энеси Факиха бинт Абид ибн Дулайм хазражийя. Кайстын кунясы Абу Фазл болуп, кээде Абу Абдуллах, Абу Абдулмалик деп да айтылган. Амр ибн Динар мындай дейт: Кайс ибн Саъд бойлуу, толо келген, башы кичирээк, көсөө киши болуп, эшек минсе, буттары жер чийип калган. Ал Меккеге келгенде адамдар: «Ким кой этин сатып алат?!», - деп ишара кылышчу. Жүзүндө сакалы да, түгү да жок болуп, сахабалар: «Кана, эми, Кайска сакал сатып алып берсек», - деп тамашалашчу. Ага карабастан, ал чырайлуу эле.

Саъд ибн Уббада رضي الله عنه Исламга киргенде уулу Кайсты колунан жетелеп, Расулуллах ﷺдын алдына алып келип: «Я Расулуллах, бул сиздин кызматкериңиз», - деди. Набий ﷺ Кайста үстөмдүк жана изгилик белгилерин көрүп, жанына алды. Кайс ар дайым ушул мартабанын ээси болуп калды. Ал Расулуллах ﷺга он жыл кызмат кылды. Бухарий Анас ибн Малик رضي الله عنهдан риваят кылат: «Кайс ибн Саъд ибн Уббада Набий ﷺдын алдында кудум амир алдындагы гвардия командачысы кызматын ээлеген». Т.а. башкаруу иштеринде. Хижраттын сегизинчи жылы Макка фатх кылынганда, Саъд رضي الله عنه уулу Кайстын бирер ката ишке барышынан кооптонуп, аны дайындалган кызматынан бошотуу туурасында Набий ﷺ менен сүйлөшкөн, Набий ﷺ аны дайындалган милдеттен бошотту.

Кайс Расулуллах ﷺ менен бирге бардык казаттарга катышты. Ибн Шихаб айтат: «Расулуллах ﷺ менен бирге ансарлардын туучусу Кайс ибн Уббада эле». Ал кеңеш-раъй ээлеринен бири болгон. Ошондуктан, Расулуллах ﷺ Мекке фатхы күнү байракты ага берди. Себеби, анын атасы Саъд ибн Уббада: «Бүгүн кыргын күнү, бүгүн харам нерселерге урухсат бериле турган күн, бүгүн Курайшты Аллах кор кылат», - дегенде, Расул ﷺ байракты андан алып, Кайска берип айтты: «Бүгүн мархамат күнү, бүгүн Курайшты Аллах азиз кылды». Расулуллах ﷺ байрак Саъдда калганын билди. Себеби, Саъд Расулуллах ﷺдан белги берүүсүн талап кылып, аны бербей жаткан. Ошондо Расул ﷺ ага селдесин жиберди.

Асим ибн Амр ибн Катададан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ Кайс ибн Саъд ибн Уббада ؓну зекет чогултуу вазыйпасына дайындады. Кайс бардык итаат кылына турган жетекчи, колу ачык, берешен жана бай адам болуп, фазилаттуу сахабалар, араб жетекчилеринин жана улууларынын бири эле. Ал кайрат жана эрдик менен бирге, туура фикир ээси о.э. согуш айла-амалын жакшы түшүнгөн адам болгон. Андан тышкары, ал арабдардын жетекчилеринин бири эле. Абу Амр Вакидий айтат: Кайс ибн Саъд ибн Уббада Расулуллах ﷺдын эң урматтуу жана берешен сахабаларынын бири болуп, хикмат, аскерий айла-амал, эрдик, кайрат, берешендик жана улуулук ээси эле. Ал өзүнүн атасы жана чоң атасы сыяктуу уруусунун кадыр-барктуу адамы болгон. Ал, анын атасы, иниси Саид ибн Саъд ибн Уббада Расулуллах ﷺ менен бирге болушкан.

Кайс ибн Саъд ибн Уббаданын сыфаттары арасында, берешендигинен башка эч бир сыфаты анын акылынан үстөм эмес эле. Марттык Кайста кийин пайда болгон хулк эмес. Анткени, ал берешендик менен таанылган кадыр-барктуу үй-бүлөдөн чыккан. Ошол доордогу бай арабдарга жарашкандай, Кайс үй-бүлөсүнүн бир кызматкери болгон. Ал бийик жерде туруп, күндүзү коноктордu тамакка чакырган, түндө болсо, жолоочуларга жол көрсөтүү үчүн от жагып турган. Адамдар ошол убакта, ким май жана эт жегиси келсе, Дулайм ибн Харисанын короосуна барсын, дешчү. Дулайм дүйнөдөн өткөндөн кийин Уббаданын жарчысы жар салды. Уббада дүйнөдөн өткөндөн кийин Саъддын жарчысы жар салды. Ибн Умардын азат кылынган кулу Нафиъ айтат: «Кайс ибн Саъд ибн Уббада адамдардын эң берешен кишилеринин бири экенин көрдүм». Жабир ؓ риваят кылып айтат: Кайс ибн Саъд ибн Уббада башчылыгындагы кошуун менен чыктык. Ал кошуунга тогуз төө союп берди. Расулуллахтын алдына келгенде, ага Кайс ибн Саъддын бул иши жөнүндө кабар беришти. Ошондо, Набий ﷺ: «**Берешендик бул үй-бүлө мүчөлөрүнүн фазилаттарынын бири**», - деди. Кайс Усра-Табук кошуунун төө союп тамактандырды. Ал тургай, ушул себептүү карыз да болуп калды. Ошондо Абу Убайда ибн Жиррах аны мындан тыйды. Риваят кылынгандай, бир киши андан отуз миң карыз алып, кийин кайтарып бермекчи болгондо, Кайс: «Биз берген нерсебизди кайтарып албайбыз», - деп кабыл алуудан баш тартты. Анын дуаларынын бири ушул: «Аллахым, мени мактоо жана кадыр-барк

менен ырыскыландыргын. Анткени, берешендиксиз мактоо жок, мал-дүйнөсүз кадыр-барк да жок. Аллахым, аз мал-мүлккө мага жараксыз жана мен да ага жараксызмын».

Кайс ибн Саъд ибн Уббада жөнүндөгү белгилүү риваяттардын бири ушул: анын айланасында андан карыз болгон адамдар көп эле. Ал ооруп калганда эч ким анын алдына келбеди. Ошондо ага: «Адамдар берген карызың себептүү кыжалат болуп жатышат», - дешти. Ошондо Кайс: «Ким Кайс ибн Саъддан карыз болсо, карызынан азат», - деп жар салдырды. Ошондо аны көрүүгө абдан көп адам келди, ал тургай, анын алдына алып чыккан тепкич да сынды. Суфян Саврий Амрдан, Амр болсо Абу Салихтен риваят кылып, айтат: Саъд ибн Уббада мал-мүлкүн перзенттери ортосунда бөлүштүрүп, Шамга жөнөдү жана ошол жерде көз жумду. Ал каза болгондон кийин, андан бир бала төрөлдү. Абу Бакр жана Умар ﵄дар Кайс ибн Саъддын алдына барып: «Атаңар мал-мүлкүн бөлүштүрүп жатканда, боюна бүткөн баласынан кабары болбогон, ошондуктан, ага ар бириңер өз үлүшүңөрдөн бергиле», - дешти. Ошондо Кайс: «Мен атамдын бөлүштүргөнүн өзгөртпөйм, бирок, менин үлүшүм аныкы болсун», - деп жооп берди.

Кайс изгилик жана үлгүдө өрнөк эле. Ушул себептен улам, Расул ﷺ аны өз жанына алган. Тирмизий Кайс ибн Саъддан риваят кылган хадис муну тастыктайт: Атам мени Пайгамбарыбыз ﷺга кызмат кылышым үчүн тапшырды. Бир күнү Пайгамбар ﵇ намаздан кийин жанымдан өтүп бара жатып, буттары менен түртүп: «**Сени бейиш эшиктеринин бирине жолдоп коёюнбу**?», - деди. Мен: «Албетте!», - дедим. Ошондо ал мындай деди: "Бул « لا حول ولا قوة الا بالله ла хавла ва ла куввата илла биллах» калимасы".

Кайс Исламдан мурун адамдарга айла-амалдуулук менен мамиле кылгандыктан, алар анын жаркыраган акылына туруштук бере алышпаган. Мадина жана анын айланасында ким болбосун, анын амалдуулугу менен миң ирет эсептешет эле. Исламга киргенде, Ислам ага куулугу менен эмес, ихласы менен мамиле кылууну үйрөттү. Ушул себептен улам, куулугун четке сүрүп, чечүүчү манёврларда амалдуулук колдонбой турган болду. Ар ирет кыйынчылыкка туш келгенде, өзүнүн кишенделген айла-амалдуулугун каалаган жана риваяттарда келген бул белгилүү сөзүн айткан: «Эгер, Ислам болбогондо арабдар туруштук бере албай турган даражада айла-амалдуулук иштетмекмин». Дагы айтат: "Эгер, мен Расулуллах ﷺдын:

«اَلْمَكْرُ وَالْخَدِيعَةُ فِي النَّارِ»

**«Айла-амал жана алдоо тозокто»** деген сөзүн укпаганымда, бул Умматтын эң айлакери болот элем".

Кайс ибн Саъд ибн Уббада ﵁дан бир топ сахабалар жана табеиндер бир нече хадистерди риваят кылган. Булар маданий хадисерден эсептелет. Кайс ﵁ хижраттын алтымышынчы жылы Муавиянын халифалыгынын акыркы доорлорунда дүйнөдөн өткөнгө чейин Мадинада жашаган. ❑

## УКУК ИЛИМДЕРИНИН ПРОФЕССОРУ НОЙ ФЕЛЬДМАН: САИД ДҮЙНӨДӨГҮ ЭҢ ТААСИРДҮҮ ИСЛАМИЙ ДЕМОКРАТТЫ КАМАККА АЛДЫ

Гарвард университетинин белгилүү конституциялык укук илимдеринин профессору, 1994-жылы Оксфорддо исламий тафаккур боюнча докторлук даражасын алган жана араб тилинде эркин сүйлөгөн Ной Фельдман “Блумберг” жана “Вашингтон Пост” гезиттери тарабынан жарыяланган өз макаласында Ганнушийдин камакка алынышы жөнүндөгү фикирлери менен бөлүштү. Ал айтат: «Дүйнөдөгү эң таасирдүү исламий демократтардын бири, оппозиция партиясынын идеялык жетекчиси Рашид Ганнушийдин камакка алынышы Тунис “араб жазы” демократиясынан диктатурага өтүп жатканынан кабар берет». Фельдман «Арабий21» тарабынан которулган макаласында мындай деп кошумчалайт: «Акыркы кезге чейин жалгыз натыйжалуу араб демократиясы болгон өлкө үчүн бул үрөй учурган жаңылык». Ал дагы айтат: «Ганнушийге келсек, ал силер мурун укпаган эң таасирдүү мусулман жетекчиси... Ал “Нахза” партиясынын жетекчиси катары өлкөнүн демократиялык конституциясын иштеп чыгууга өз салымын кошкон жана өкмөттө катышкан... Сүргүндө өткөргөн жылдары исламий модернист Ганнуший Ислам жана демократияны кантип бири-бирине ылайыкташтыруу жөнүндө кеңири көлөмдүү назария иштеп чыкты. Бул назарияда Ислам дини ар кандай мажбурлоону, алардын катарында, диний мажбурлоону каралайт деген мазмун жатат. Ушуга таянып, Ганнушийдин айтымында, көпчүлүк мусулмандар жашаган өлкөлөрдө демократиялык жол менен шайланган бийликтер диний мыйзамдарды орнотпошу керек».

Ной Фельдман минтип кошумчалады: «Ганнуший жетектеген “Нахза” партиясы Тунис конституциясынын долбоорун иштеп чыгууда жооптуу катары катышты. Ганнуший макулдаган консенсуалдуу либералдуу конституцияда Ислам мыйзамдары орнотулбаган, бул жөнүндө айтылбаган. Кала берсе, Ганнуший өз партиясын аста-секиндик менен дагы да демократиялык жана азыраак исламий багытка багыттады. Акыбетте, партия Европадагы христиан-демократиялык партияларга окшогон мусулман демократтар партиясы болууну каалап жатканын билдирди». Фельдман дагы айтат: “Ганнуший Тунистеги түрдүү саясий көз караштагы партиялар менен сүйлөшүүлөрдү алып барууга жана союз түзүүгө даяр эле. Булардын бардыгы Ислам демократиясы чынында эле мүмкүнбү же жокпу деген өзгөчө тажрыйба жана сыноо. Мындай оң жооп болгон: ооба, исламий демократия болушу мүмкүн».

Фельдман Ганнушийге коюлуп жаткан «чагымчылдык» айыбын «жасалма» деп атап мындай деди: «Ганнуший көп жылдар ал тынчтыкты жактаган адам экенин кайра-кайра далилдеди. Ага коюлуп жаткан « чагымчылдык » айыбы акылга туура келбейт... Өткөн жылы Кайс Саид Тунисти “араб жазынан” мурунку бир партиялуу мамлекет макамына кайтарууга аракет кылган. Ал өзгөчө кырдаал жарыя кылып, демократиялык жол менен шайланган мыйзам чыгаруучу бийликти бастыргандан кийин, өкмөттүн башка органдарынын эсебинен президенттин укуктарын кеңейткен жаңы конституция иштеп чыкты... Бул референдумда жактырылды жана оппозициянын көпчүлүгү аны бойкот кылды. Референдумга тунистиктердин болгону 30 пайызы катышты».

**Ал-Ваъй:** Бул сөздөр Ганнушийдин батышташканын ачыкка чыгарат. Автор Ганнушийдин Исламды батышча түшүнгөнүн идеалдуу абал деп эсептеп, анын камакка алынышы жөнүндө кайгырып жатат. Автордун Ганнуший жөнүндө «Дүйнөдөгү эң таасирдүү исламий демократ... Силер мурун укпаган эң таасирдүү мусулман жетекчи...» деген сөздөрү Исламда Гайннушийдин пайдасына эмес, зыянына берилген күбөлүк. ❑

## «ДУШМАН МАМЛЕКЕТТЕР» КИТЕБИ ИНДИЯ МЕНЕН БАСКЫНЧЫ (ИЗРАИЛЬ) ОРТОСУНДАГЫ МАМИЛЕЛЕРДИН БЕКЕМДЕЛИШИНИН СЫРЫН АЧЫП БЕРЕТ

«Форин Полиси» журналы жазуучу Сумит Гангулинин макаласын жарыялады. Жазуучу Индия менен баскынчы вужуддун ортосундагы мамилелер өзүнүн эң жаркын доорунда экенин баса белгилейт. О.э. ал эки өкмөт ортосунда ортоктош мүнөз бар экенине ишара кылып, бул касиет азчылыктарга, айрыкча, мусулмандарга карата душмандык экенин айтты. Макалада көп кырдуу Индия-(израиль) мамилелери Индия премьер-министри Нарендра Моди жана яхудий кесиптеши Бинямин Нетаняху бийликке келгенден бери сезилерлик даражада бекемделгени айтылган. Автор Моди жана Нетаняху өз өлкөлөрүн Индиядагы көпчүлүктү түзгөн индустарга о.э. (израилдеги) көпчүлүктү түзгөн яхудийлерге үстөмдүк берген этникалык демократиялык мамлекеттерге айлантмакчы экендигин баса белгиледи. Макалада журналист Исса Азаддын «Душман мамлекеттер: Индия жана (израиль) ортосундагы жаңы союз» деген китеби жөнүндө да айтылган. Китепте баса белгиленгендей, «Индия-(израиль) мамилелери көп кырдуу болуп, зарыл аскерий кызматтан кийин эс алуу үчүн Индиянын батыш жээгиндеги пляждарга барган жаш (израилдик) туристтердин жылдык агымынан тартып, айыл-чарбадагы тамчылатып суугаруу тармагындагы кызматташтык жана заманбап куралдарды сатууга чейин камтыйт. Бул жакын кызматташтык регионалдык жана дүйнөлүк саясатка чоң таасир кылат. Анткени, эки тараптуу жакын мамилелер эки тараптын Жакынкы Чыгышта, айрыкча, Араб булуңунда маанилүү ролду ойношуна мүмкүнчүлүк берет. Бул алардын жаңы төрт тараптуу Союз I2U2ге катышуусунда дагы да көрүнүүдө. Белгилүү болгондой, I2U2 союзу Кытайдын региондогу таасирин чектөөгө о.э. союздаштарды АКШ регионго катъий берилгендигине ишендирүүгө каратылган.

Индияда бул тенденция Моди жана анын тарапкерлери жетектеген «хиндутва» кыймылынын калыптанышында өз тастыгын тапты. Ушуга окшогон жараян (израилде) да болуп өттү. Анын акыркысы Нетаняху башчылыгындагы оңчул «Ликуд» партиясынын ашынган оңчул партиялар, экстремист жана арабдарга каршы диний сионисттик партия менен бийликти бөлүүгө даяр экендиги болду. Индия жана (изралиь) өкмөттөрү ортосундагы жалпы окшоштук – алардын азчылыктарга карата т.а. Индиядагы мусулмандарга жана (израилдеги) араб мусулмандарга болгон душмандыгы.

Журналист Исса Азад Моди да, Нетаняху да өз өлкөлөрүн көпчүлүктү түзгөн коомго үстөмдүк берген этниалык демократиялык мамлекетке айлантмакчы экенин баса белгиледи. Эки мамлекет ушул логикадан келип чыгып аракет кылып жаткан соң, алардын ортосундагы жалпы окшоштук мамилелердин бекемделишине жардам берет.

**Ал-Ваъй:** Бүгүнкү күндө Индия жана (израилди) Исламга болгон душмандык жана Халифалык мамлкетинин тикеленишинен коркуу сезими бириктирүүдө. Анткени, Индия Халифалыкты жакындашып келе жаткан дүйнөлүк өзгөрүүлөрдө өзүнүн эл аралык деңгээлине эң чоң коркунуч, деп билүүдө. Себеби, аны ар тараптан мусулман өлкөлөрү курчап турат. Мындан тышкары, Индиянын өзүндө мусулмандардын саны өлкө калкынын чейрек бөлүгүн түзүшү жөнүндөгү статистикалык маалыматтар бар. (израилге) келсек, Халифалык мамлекети яхудий вужудун бүтүндөй жок кыла турган жалгыз мамлекет... Ошондуктан, эки мамлекет саясий Ислам жана Халифалык мамлекети долбоору алар үчүн чоң экзистенциалдык коркунуч деп билет. ❑